446

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, Рабиулаввал 1445-х. – Октябрь 2023-м.

*Ал-Ваъй сөзү:*

**Расул Акрамдын туулган күнүнө байланыштуу: Исламга каршы алып барылып жаткан ачыктан-ачык чабуулдардын жана Расулуллах ﷺды тынымсыз акаараттоолордун артында жеке адамдар эмес, Батыш мамлекеттери турат… Максат – Исламды жана Расулуллах ﷺдын жашоосун бузуп көрсөтүү жана рошид Халифалык мамлекети тикеленишин алдын алуу**

**Иброхимий дин жана шайтан саясаты** 31

**Уламалар чечүүчү ролду ойношобу? (2)** 35

**Моди Индиянын аталышын Бхарат деп атоого жана 1947-жылдагы чегаралардан азат болууга уурунууда** 77

**Мамилелерди нормалдаштыруу келишимдери (Ибрахим келишимдери) жана Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык союз… Эл аралык атаандаштык (Израиль) региондогу негизги оюнчу** 11

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

446

Отуз сегизинчи жыл чыгышы,
Рабиулаввал 1445х
Октябрь 2023м

# Ушул санда

– ***Ал-Ваъй сөзү:*** Расул Акрамдын туулган күнүнө байланыштуу: Исламга каршы алып барылып жаткан ачыктан-ачык чабуулдардын жана Расулуллах ﷺды тынымсыз акаараттоолордун артында жеке адамдар эмес, Батыш мамлекеттери турат... Максат – Исламды жана Расулуллах ﷺдын жашоосун бузуп көрсөтүү жана рошид Халифалык мамлекети тикеленишин алдын алуу........................ 3

– Мамилелерди нормалдашттыруу келишимдери (Ибрахим келишимдери) о.э. Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык союз... Эл аралык атаандаштык. (Израиль) региондогу негизги оюнчу (2) ............... 11

– Халифалык доорундагы хизбий иш-аракетин элеси. Хизб-ут-Тахрир жана анын мүчөлөрү Аллахтын ыраазылыгы жана ахиреттеги улуу ажрга жетүү үчүн аткарышы зарыл болгон аманат........... 20

– Иброхимий дин жана шайтан саясаты.............. 31

– Уламалар чечүүчү ролду ойношобу? (2) ........................................................ 35

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ................ 47

– ***Куръани Карим сабагында*** ................................ 51

– ***Бейиш бактары:*** Ахыретти дунядан афзел көрүү ........................................................................ 63

– Абдуллах ибн Мубарак .................................... 70

– ***Соңку сөз:*** Моди Индиянын аталышын Бхарат деп атоого жана 1947-жылдагы чегаралардан азат болууга уурунууда................................................. 77

– Кытай «Бир бүтүн калк» стратегиясын ишке ашыра алабы?!........................................................... 78

## НУСКА БААСЫ

- Ливан 1000 лира
- Яман 30 риял
- Түркия 1 доллар
- Пакистан 1 доллар
- Австралия 2,5 доллар
- Америка 2,5 доллар
- Канада 2,5 доллар
- Германия 2,5 евро
- Швеция 15 крон
- Бельгия 1 евро
- Британия 1 евро
- Швейцария 2 франк
- Австрия 1 евро
- Дания 15 крон

بسم الله الرحمن الرحيم

## РАСУЛ АКРАМДЫН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ БАЙЛАНЫШТУУ: ИСЛАМГА КАРШЫ АЛЫП БАРЫЛЫП ЖАТКАН АЧЫКТАН-АЧЫК ЧАБУУЛДАРДЫН ЖАНА РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫ ТЫНЫМСЫЗ АКААРАТТООЛОРДУН АРТЫНДА ЖЕКЕ АДАМДАР ЭМЕС, БАТЫШ МАМЛЕКЕТТЕРИ ТУРАТ... МАКСАТ – ИСЛАМДЫ ЖАНА РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫН ЖАШООСУН БУЗУП КӨРСӨТҮҮ ЖАНА РОШИД ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ ТИКЕЛЕНИШИН АЛДЫН АЛУУ

Бул жылы да Расулуллах ﷺдын туулган күнү белгиленип жатат, мусулмандардын оюна биринчи болуп келе турган нерсе – Исламга, Расулуллахка, Куръани Каримге, ал кишинин сахабаларына, таалимине жана андагы бардык нерселерге каршы ырайымсыз жана ачыктан-ачык дүйнөлүк чабуулдар... Дүйнөлүк разведка тармактарынын жабык бөлмөлөрүндө пландалып жаткан бул чабуулдардын себеби эмне? Эмнеге бул чабуул мындай түрдө болууда жана эмнеге бул чабуулга муфаккир, саясатчы жана маалымат каражаттарынан турган малайлар тартылууда? Ал тургай, мусулмандар мындай катуу чабуулдун артында Батыш турганын жана Батыш Исламдан болгон коркунучтан катуу коркуп жатканын баамдашууда...

Ооба, ушундай. Америка жана аны менен бирге кафир капиталисттик Батыш Исламдын саясий акыйдага, турмуш жөнүндөгү көз карашка, Батыш мыйзамдуулугу менен атаандаша турган шариятка ээ, колдонууга жарактуу жана капитализм алып келген кыйынчылык жана кризистерден адамдарды чыгара турган мабдаий дин катары коркунучун аңдашууда... Демек, мусулмандардын динине каршы чабуулдардын себеби хазараттар кагылышуусу, баалуулуктар кагылышуусу жана дүйнөлүк жетекчилик үчүн фикирий кагылышуу болуп эсептелет. Ким Куръанды өрттөө же Расулуллах ﷺды акаарат кылуу кампаниясынын артында бактысыз акмак кишилер турат деп ойлосо, жаңылышат. Себеби, бул чабуулдардын артында разведка кызматтары, изилдөө жана пландоо борборлору турат... Бул, азыркы күндө дүйнөдөгү биринчи мамлекет деңгээлин ээлөө

үстүндө болуп жаткан эл аралык күрөштүн алкагына кирет деп толук ишеним менен айтууга болот. Ислам бул күрөшкө өз мамлекети тикеленбестен туруп кирди. Исламга чабуул, инша Аллах, рошид Халифалык мамлекети тикеленишинин башталышы.

Советтер Союзу кулагандан кийин Америка Исламды өзүнө жана өзүнүн жетекчилигине жалгыз хазарий атаандаш катары белгиледи. Мунун себеби – дүйнөдө Исламдан башка Америка идеологиясы менен атаандаша турган бир да идеологиянын жоктугу о.э. мусулмандар Исламды түпкү жолуна кайтаруу үчүн болгон күчү менен аракет кылып жатышканы жана алардын өнүгүү абалында экендиктери. Ошол эле учурда, Американын айланасындагы капиталисттик идеяга ээ болгондор хазарий кыйроо абалында жана кулашы күтүлүүдө... Бул кылмыштуу чабуулда Америка Исламга каршы профилактикалык (алдын алуучу) согушка кирип жатам деп эсептейт. Башкача айтканда, Халифалык мамлекетинин тикеленишин алдын алууга аракет кылып жатам деп санайт... Ошондуктан, мусулмандар бүгүн вакиъни жакшы түшүнүшү, ушул чабуулдардын акыйкатын билиши, Исламды жашоого алып келүү үчүн көбүрөөк кайраттуулук менен бул чабуулдарга каршы күрөшүүсү жана бул чабуулдарды чектелген индивидуалдык чабуул катары көрбөшү керек.

Бүгүн мусулмандар алардын дини башкаруу жана шарият, даъват жана жихад дини экенин, Аллах Таала Өз Расулун хидаят жана акыйкат дин менен жиберип, ал тургай, мушриктер жаман көрүшсө да, аны башка бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жибергенин билиши керек... Бүгүн мусулмандар Америка мусулман өлкөлөрүн басып алышы, «терроризмге каршы күрөшүүнү» шылтоолоп Исламга каршы глобалдуу согуш алып барышы, Куръани Каримге чабуул кылышы, Расулуллах ﷺды акаарат кылышы, пайгамбарыбыздын сүннөтү жөнүндө жана сүннөттү деван кылган уламалар жөнүндө күмөн ойготушу о.э. тарыхтагы фитналарды кайра козгошу Исламдын абрюн түшүрүү, аны эл аралык майдандан четтетүү жана Исламдын бийликке келишин алдын алуу үчүн ишке ашырылып жатканын билиши керек... Бүгүн мусулмандар пайгамбарыбыздын туулган күнүнө ушул ой-пикирден жана ушул назардан келип чыгып жандашуусу керек.

Ким бул чабуулдарды дыкат карап чыкса, алар Ислам таянычтарын өзгөртүүгө жана жок кылууга багытталганына күбө болот: анын Аллах Таала махлуктарды жараткан жаратуучу жана

аларды Өзүнө ибадат кылуу үчүн жараткан, Ага ибадат кылуу турмуштун бардык тармактарында Ага моюн сунууну талап кылат, бул болсо, Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүүнү, аны колдонууну, турмуш иштерин башкарууну о.э. даъват жана жихад аркылуу аны жаюуну талап кылат деген акыйдасын өзгөртүүгө багытталганын көрөт. О.э. алар Куръанды өзгөртүүгө каратылганын, бул нерсе Исламдын башкаруу жана жихадга чакырган, яхудийлерди каралаган жана адамдардын мамилелерин тартипке салуу жөнүндө айткан көптөгөн тексттерин өчүрүү аркылуу ишке ашыруу менен болушун көрөт... Айрым арамзалар тарабынан Куръанды өрттөө аракеттери болуп жатканынын себеби – алар Куръан таалиматын өздөрү үчүн коопту деп билип жатышканы. Батыш мамлекеттери Куръан өрттөп жаткан адамдарды «фикир эркиндиги» астында коргоп, Куръандын өрттөлүшүн алдын алууга урунуп жаткандарды камакка алып жатканынын себеби – өздөрүнүн жашыруун жана ыплас пландарын ишке ашыруу о.э. бул кылмыштарга өз жарандары менен бирге ушул мамлекеттер да аралашканы. Расулуллах ﷺды акаарат кылууларына келсек, батыштык кафирлер мусулмандар Өз Расулуна канчалык ишенүүлөрүн жана ага канчалык байланганын көрүп жатышат. О.э. ал зат алардын жашоосунда жетекчи экендигин, анын таалиматы алардын жашоосунда тирүү экенин, анын хадистери алар үчүн мааниге ээ экендигин, хадис да Куръан менен бирдей алардын жашоо дустуру экенин билип жатышат. Ошондуктан, алар Расулуллахты жана дыкат хадис риваят кылган сахабаларды акаарат кылышууда. Алар хадистерди топтогон, тартиптештирген о.э. накл кылуу боюнча эң жогорку илимдерден эсептелген журх жана таъдил илимин жараткан уламаларды акаарат кылышат...

Булардын бардыгы Исламды түп-тамыры менен өзгөртүү үчүн алып барылат... Алар муну менен эле чектелип калышкан жок, балким, жасалма Халифалыкты пайда кылуу аркылуу Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүнү каралоого өтүштү. Ал тургай, мусулмандар Халифалыкты талап кылбастыгын жана бүткүл дүйнө Исламга терс караштыгын каалашат. Мындан тышкары, алар мусулмандарды бөлүү, бүтүндүгүн ыдыратуу жана өз ара жек көрүүнү ойготуу үчүн мазхабдар аралык, тектик жана улуттук чыр-чатактарды козута башташты... Алар “азчылык” түшүнүгүн жаңыдан козгоп, бул ирет кайрыисламий

азчылыктардын катарына исламий азчылыкты да кошушту... Бул Батыштын түрдүү айла-амалдар менен Исламга каршы күрөшү болуп, андагы эң көзгө көрүнгөн жагы – хазарий күрөш...

Эске салсак, Батыш бул айла-амалдарды мамлекет катары ишке ашырууда. Батыш өз максатын жүзөгө чыгаруу үчүн разведка кызматтарын жана маалымат каражаттарын ишке саууда. Бул күрөштө ал жардам алып жаткан эң маанилүү тарап – бул мусулмандардын малай өкүмдарлары болуп, алар болуп жаткан окуяларга унчукпай карап турушат. Бул өкүмдарлар ушул багытты колдоп-кубаттап жаткан мамлекеттерге каршы бир да чара көрбөй жатышат, балким, мусулмандарга дем алууга гана уруксат беришүүдө. Негизи, бул мамлекеттерге согуш жарыя кылууга алып ара турган чаралар көрүлүшү керек эле. Себеби, бул нерсе мусулмандардын эң ыйык нерселери болуп эсептелет. Бул иште биз Султан Абдулхамид II рахимахуллах Расулуллах ﷺ жөнүндөгү спектаклге тыюу салгандыгынан жакшы үлгү алышыбыз керек. Бул спектакль Францияда көрсөтүлүп, башка Европа мамлекеттерине да гастроль кылынышы пландалган. Султандын олуттуу коркутуусу астында алар спектаклди токтотуп, моюн сунушту... Бул нерсе ушул ыплас христиан Батыш мамлекеттеринин саясаты экендигине, ал жалган жана дооматка негизделгенине далалат кылат.

**Батыштын Ислам жана Куръанга каршы чабуулу,** Расулуллахты акаарат кылуу жана хижабга каршы күрөшүү жөнүндөгү расмий позициясына келсек, алар ачык-айкын жана көп болуп, алардын айрымдарын катары айтып өтөбүз:

– 2007-жылдын жайында АКШнын ошол кездеги президенти Жорж Буш Ак үйдөгү офисинде Исламга каршы чабуулдары менен таанылган он консервативдик америкалык телерадио кабарчылары менен жолугушту. Жолугушууга Ислам дүйнөсүндө кеңири жайылган зомбулук, кан төгүү, коркунуч, жакырчылык жана жийиркеничтүү аракеттер Исламдын өзүндөгү кээ бир проблемаларга негизделгенин баса белгилеп, бул «артта калган дин» деген Майкл Медвед катышты. О.э. жолугушуунун эң көзгө көрүнгөн катышуучуларынын бири Ислам жана мусулмандарга душмандыгы менен белгилүү алып баруучу Нил Бортс болду. Ушул жолугушуудан бир нече күн өтүп, ал өзү сунуштаган радио уктурууда мусулмандарга өтө ашынып чабуул жасап, мусулмандарды «таракандар», себеби, алар күндүзү ачка жүрүп, түндө тамактанышат деп мүнөздөдү.

– Андан мурун ал Исламды «Европа жана Батыш дүйнөсүндө жайылып жаткан кыруучу вирус» деп атаган жана «Биз ага каршы күрөшүү үчүн тезинен вакцина иштеп чыгышыбыз керек» деп кошумчалаган.

– Франция президенти Макрон Исламга тынымсыз чабуул кылып, аны кризис дини деген. Анын ички иштер министри Сүннөттү терроризм деп сүрөттөгөн. Макрон хижабга катуу каршылык кылат, мурунку президент Саркози ички иштер министри болуп турганда хижабга каршы күрөшүп, хижабды кийүүнү кылмыш деп эсептеген мыйзамдарды чыгарган.

– Британия королевасы Элизабета II 2007-жылы 16-июнда жетишкен ийгиликтери үчүн бир адамдарга төш белгилер тапшырылган жылдык сыйлык берүү ырасымында өтө акааратчыл «Шайтаний аяттар» деген китептин автору Салман Рушдийди сер наамына татыктуу болгон рыцарь деп жарыялады.

– 2010-жылдын жайында Германия канцлери Ангела Меркел Берлинде маалымат каражаттарына арналган эл аралык симпозиумдун акырында пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺды акаараттаган карикатуралардын автору даниялык сүрөтчү Курт Вестергарга басма сөз эркиндиги сыйлыгын тапшырды. Ал сыйлыкты тапшырганда Вестергардын милдети сүрөт тартуу, Европа карикатурачыга ушуга окшош нерселерди тартууга уруксат берген жай экенин баса белгиледи.

– 2005-жылы Дания королевасы Маргарет II журналист Аннелиес Биструбдун «Маргарет» деген эскерүүлөрүн басып чыкты. Анда «Ислам козгоп жаткан проблеманы жергиликтүү жана дүйнөлүк деңгээлде олуттуу кабыл алуу» зарылдыгын айтты.

– 2006-жылы 12-сентябрда Германиянын Регенсбург университетинде сүйлөгөн баянында Рим папасы Бенедикт XVI Британия императорына таандык сөздү айтты. Анда ал мусулман маектешине мындай деген: «Мага Мухаммад алып келген нерселердин ичинде кара мүртөз жана кайрыинсаний болбогон бирер жаңы нерсени көрсөтчү, көрсөтө албайсың. Динин жалаң гана кылычтын жардамында үгүттөгөнүн көрөсүң». Муну айткан Папа император менен тилектеш экени көрүнүп турат.

Дагы эске салсак, Батыштагы Исламга каршы бул сыяктуу расмий жана бейрасмий чабуулдарга каршы мусулман өлкөлөрүндөгү режимдер эч кандай расмий жооп кайтарбай жатышат. Себеби, аларда эрдик деген нерсе жок. Алар дин жана

укукту текке кетиришип, бул чабуулдарды кудум көрбөгөндөй өткөрүп жиберишүүдө.

**Ко-ош, мусулман бул атайылап жасалган ыфлас чабуулга кандай карашы керек?**

– Мусулмандар, алардын интеллигенттери, аң-сезимдүү кишилери, өзгөчө уламаларынан баштап бардык тайпалары бул мабдаий саясий позицияга Роббиси, дини жана Умматы алдында жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек. О.э. алар Исламга жана Халифалыкты тикелөө долбооруна каршы бул кара ниет кампаниянын артында тургандар ал жөнүндө түрдүү изилдөөлөрдү өткөрүп жаткан, пландарды түзүп, конференцияларды өткөрүп жаткан Америка башчылыгындагы Батыш экендигин, өзгөчө тарыхта Исламга каршы күрөшүп, фитна уюштурган Британия, Франция жана Германия мамлекеттери экендигин билиши керек... Бул чабуулдар жеке адамдар, эл аралык уюмдар жана бейөкмөт уюмдар тарабынан гана болуп жаткан жок. Себеби, алар Батыш мамлекеттеринин элчиканаларынын колундагы куралдардан башка нерсе эмес.

– Алар Батыш менен Ислам ортосундагы күрөш мабдаий хазарий күрөш экенинен жана ага бир гана Халифалык мамлекети каршы тура алышынан кабардар болушу зарыл.

– Мусулмандар Батыш козгоп жаткан мазхабдар аралык, тектик, улуттук жана мекенчилдик чыр-чатактар Ислам жана мусулмандарды алсыратуу үчүн экендигин этибардан четте калтырбашы керек. О.э. суннийлер негизги тайпа, башка исламий тайпалар болсо азчылык деген этибар менен азчылык түшүнүгүн жаюудан максат мусулмандардын ички бөлүгүн ыдыратып, бириге албай турган абалга келтирүү экенин түшүнүшү зарыл... Эл аралык мыйзамдарга ылайык кабыл алып жатышкан жана аларды коргоо үчүн аралашып жаткан кайрымусулман азчылыктар оюну жөнүндө айтпаса да болот. Бул нерсе Усманийлер доорунда Исламий мамлекеттин акыркы күндөрү болуп өткөн. Ошондо бул Чыгыш маселе жана Балкан маселеси деп аталган. Ал кезде Европа мамлекеттери Чыгыштагы масихий азчылык менен Батыштагы т.а. Балкан өлкөлөрүндөгү масихий азчылыкты коргоо зарылдыгын айтышкан.

– Батыш мусулмандар Роббибиз, ыйманыбыз, турмуш мыйзамыбыз, долбоорубуз, милдетибиз, бул дүйнө жана Ахыреттеги максатыбыз бир, проблемаларды чечүүдөгү

позициябыз да бир деген түшүнүк-ишенимде экендигин жакшы билип, аларды бытыранды жана бири-бирине каршы күрөшө турган карама-каршы уммат деген нерсени кеңири жаюуга аракет кылып жатканын мусулмандар түшүнүүлөрү зарыл... Батыш болжол менен жүз жыл мурун Исламий мамлекетти кулаткандан бери токтотпой улантып келе жаткан бардык аракеттерге карабастан, мусулмандардагы бул абалды өзгөртө да, жок кыла да албады.

**Ко-ош, мусулмандар бул катуу чабуулдарды кантип токтотушу жана чабуулчуларга кандай жооп кайтарышы керек?**

– Мусулмандар эң оболу өз динин бекем кармаса, күчтүү болушу, динден баш тартып, артка чегинсе алсыз жана кор болушу жөнүндөгү ой-пикирден келип чыгып аракет кылышы керек. О.э. сайййидибиз Умар رضي الله عنه нун: «Биз Аллах Ислам менен күч-кубаттуу кылган коомбуз, эгер күч-кубатты Исламдан башкасынан издесек, Аллах бизди кор кылат» деген сөзүнөн үлгү алуулары керек.

– Исламга каршы бул катуу чабуулдарга каршы мамлекеттер гана күрөшө алат. Мусулман өкүмдарлары болсо Батыш пайда кылган куралдар болгон соң, демек, бул катуу чабуулдарда Батышка шериктеш. Буга эң жаркын далил – алар "терроризмге каршы күрөшүү" аталышында Исламга каршы күрөштө Батыш менен бирге катышып жатканы. Ошондуктан, батыштык кафирлерге каршы күрөштө бүгүнкү кор болгон өкүмдарларга таянып болбойт, балким, өзгөртүү жараяны биринчи болуп ошолордон башталышы керек.

– Бул катуу чабуулдарга каршы чыгуу жана аларды токтотууну Исламий Халифалык мамлекети гана ишке ашыра алат. Халифалыкты бул гана эмес, андан бир нече эсе көп нерселерди ишке ашырат. Т.а. Халифалык аларга жихад жана даъват эшигин ачат, ошондо адамдар туура жолду таап, топ-топ болуп Аллахтын динине кирет... Биз менен алардын ортосундагы айырмага карагыла, алар бизди адаштырууну каалашууда, биз болсо аларды ыймандуу жана хидаяттуу болушун каалап жатабыз...

– Мусулмандар Халифалык мамлекетин тикелөөгө аракет кылышы керек. Себеби, Аллах Таала Халифалыкты Исламдын бир бөлүгү кылды, ал аркылуу Ислам өкүмдөрү колдонулат, мусулмандардын бүтүндүгү сакталат, аны менен Ислам хидаяты жер жүзүнө жайылат жана адамдардын бардыгы Аллахтын динине кирет, аны менен Ислам ниъматы жана дин толукталат, аны менен

Ислам жана мусулмандарга жамандыкты каалап жаткандарга чекит коюлат.

Исламга каршы бул аёосуз кампанияга эң майнаптуу жооп – Куръани каримди жол башчы жана Расулуллах ﷺды ушул күрөштө үлгү жана жетекчи кылышыбыз керек. О.э. ал заттын сийратын тарыйкат кылышыбыз зарыл... Андан тышкары, мусулмандардын бир жамааты же хизби Расулуллахтын биринчи Ислам мамлекетин куруудa карманган тарыйкаты боюнча рошид Халифалык мамлекетин тикелөөгө аракет кылышы кажет... Туура жолго хидаят кылуу жалгыз Аллахтын колунда. ❑

## МАМИЛЕЛЕРДИ НОРМАЛДАШТЫРУУ КЕЛИШИМДЕРИ (ИБРОХИМ КЕЛИШИМИ) ЖАНА ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТАГЫ СТРАТЕГИЯЛЫК СОЮЗ... ЭЛ АРАЛЫК АТААНДАШТЫК ИЗРАИЛЬ РЕГИОНДОГУ НЕГИЗГИ ОЮНЧУ (2)

**Наср Фаяз – Мубарак Фалестин жери**

**Мамилелерди нормалдаштыруунун түрдүү багыт жана көрүнүштөрү:**

Төрт мамлекет (Бириккен Араб Амирликтери, Бахрайн, Судан жана Марокко) мамилелерди нормалдаштыруу келишимине кол коюшту. Сауд Арабия, Индонезия, Мавритания, Оман, Жибути жана башка (Израиль) менен сүйлөшүү өткөрүп жаткан, (Израиль) массалык маалымат каражаттары алар менен тез арада келишим түзүлөрү жөнүндө айтып жаткан мамлекеттер келишимге кол коюу алдында турат. (Израиль) менен мамилелерди нормалдаштыруу саясий, экономикалык, сакафий жана аскерий о.э. спорт, маалымат каражаттары жана коопсуздук тармактарын камтып алды. Акыркы келишимдер чоң чет элдик капиталды талаб кылган үлкөн долбоорлорду ачыктады. Бул долбоорлор регион байлыктарын түгөтүп жок кылат жана долбоорго кошулган мамлекеттерди энергетика, өнөр жай, технология, коммуникация, айыл чарба, туризм, жолдор жана башка тармактардагы үлкөн стратегиялык экономикалык кызыкчылыктар менен (Израилге) байлайт. Булар Американын максаддарын жүзөгө чыгарууга жана (Израилди) региондогу негизги оюнчуга айлантууга багытталган. (Израиль) жасалма интеллект технологиясы, айыл чарба, суу ресурстары, жаңыланма энергия жана аскерий өнөр жай тармактарындагы технологиялык чечимдер сыяктуу бир канча нерселерди көзөмөлдөө, бул тармактарда гегемондук кылып, ар дайым үстөм болуу үчүн регионду ага көз каранды кылууга урунууда.

Мамилелерди нормалдаштыруу жараяны түрдүү **тармак жана көрүнүштөрдү** камтып алды:

**Америка демөөрчүлүгүндө, яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу келишиминин өкүл атасы катары Бириккен Араб Амирликтери катышуусунда энергияны сууга алмаштыруу боюнча түзүлгөн Иордания-(Израиль) келишими...** (Израиль) энергетика министрлиги эки мамлекет ортосунда өз ара түшүнүшүү меморандумуна кол коюлганын маалымдады. Ага ылайык, Иордания (Израиль) үчүн 600 мегаватт жаңыланма энергия өндүрөт жана (Израиль) Иордания үчүн 200 миллион куб метр шор сууну ичүүгө жарактуу

сууга айлантат. «Рейтер» агенттигинин хабарына ылайык, (Израиль) энергетика министри мындай дейт: «Бул түшүнүшүү меморандумунан Иордания менен (Израиль) гана эмес, бүткүл Жакынкы Чыгыш калкы пайда көрөт. Бул – мамлекеттер климат кризисине каршы күрөшүүдө кандай кызматташуусу жаатында дуняга жолдонгон чакырык». («Ал-Жазира», 2021-жыл, 22-ноябрь).

**Техникалык кызматташтык, илимий жана космостук изилдөөлөр:**

Жасалма интеллектиге адистешкен "Emirati 42 Group" компаниясы сыяктуу Бириккен Араб Амирликтериндеги компаниялар бул тармакта (Израилдин) новаторлук (жаңычылдык) тажрыйбасынан пайдаланууга урунууда. Бул компания офис ачып, Covid-19 жана жасалма интеллект технологиясы жаатындагы чечимдерге о.э. айыл чарба, суу ресурстары жана жаңыланма энергия тармагындагы технологиялык чечимдерге этибар берүүнү пландоодо.

Covid-19 вирусу боюнча алып барылып жаткан изилдөөлөрдү өнүктүрүү максадында Бириккен Араб Амирликтеринин илимий тармактарга инвестиция жаткырууга адистешкен «Apkis» улуттук инвестиция корпорациясы менен (Израилдеги) «Вейцман» наамындагы илимий институтка караштуу «Terra» тобу ортосунда стратегиялык соода кызматташуу келишими түзүлдү. Алдыңкы технологиялар сектору 40%дык үлүш менен (Израилдеги) эң маанилүү экспорт тармактарынын бирин түзөт. Ошол эле учурда, «Иброхимий келишими» боюнча (Израилдин) шериктеши болгон Бириккен Араб Амирликтери бул компанияларды тарткан эң көзгө көрүнгөн араб мамлекеттеринин бири болуп эсептелет.

Башка тараптан, мамилелерди нормалдаштыруу келишими курал-жарак, абал чабуулуна каршы коргонуу системалары жана космостук технологияларды өндүрүү боюнча жетекчи орунда турган (Израиль) коргоо өнөр жайынын компанияларына о.э. кибер коргоо жана тыңчылык менен алектенген компанияларга Бириккен Араб Амирликтери базарына интеграциялашуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Фарс булуңунун казыналары (Израиль) банктары үчүн ачылды. (Израиль) банктары бат эле Бириккен Араб Амирликтеринин банктары менен кызматташуу жана кошмо долбоорлорду ишке ашыруу үчүн келишимдерди түздү. (Израилдин) «Bank Leumi» банкы «First Abu Dhabi Bank» жана Бириккен Араб

Амирликтериндеги эң ири «Emirates NBD Bank» менен эки түшүнүшүү меморандумуна кол койду. (Израилдеги) эң ири банк уюму саналган «Hapo Alim Bank» да «Emirates NBD» менен түшүнүшүү меморандумун түздү.

**Туризм:**

Туризм тармагында жүз миңдеген (израилдиктер) араб өлкөлөрүнө кириши үчүн эшиктер ачылды. АКШ президенти Жо Байден Сауд Арабияга барганда Марокко, Бириккен Араб Амирликтери, жада калса Сауд Арабия аба мейкиндигин ачты. Катар болсо, спорт дипломатиясынан пайдаланып, мамилелерди нормалдаштыруу алкагында, футбол боюнча дүйнөлүк чемпионатты шылтоолоп (израилдиктерге) эшикти ачты. Ушул орунда, туризм боюнча мурунку башкы директор жана (Израиль) мейманканалар башкармасынын төрагасы Мейри Де Шалиттин «Биздин Мисирдеги туризмибиз (Израиль) коопсуздугу үчүн ар кандай алдын ала эскертүү жабдыгынан жакшыраак» деген сөзүн эске салабыз.

**Аскерий тармакта мамилелердин нормалдашуусу:**

Башка тараптан, мамилелерди нормалдаштыруу келишими курал-жарак, аба чабуулуна каршы коргонуу системалары жана космостук технологияларды өндүрүү боюнча жетекчи орунду ээлеген (Израиль) коргоо өнөр жайынын компанияларына о.э. кибер коргонуу жана тыңчылык менен шугулданган компанияларга Бириккен Араб Амирликтери базарына интеграциялашуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы:

«Арабий Жадид» веб-сайтында 2023-жылы 17-январда ушул хабар берилген: «Марокко менен (Израиль) эки тараптуу аскерий кызматташтыкты күчөтүүгө жана бул кызматташтык башка тармактарды, өзгөчө, разведка, абадан коргонуу жана электрондук согуш тармактарын камтышы үчүн аны кеңейтүүгө келишишти. Бул жөнүндө 16-17-январь күндөрү Марокко борбору Рабат шаарындагы офицерлер клубунда өткөн коргоо тармагындагы Марокко-(Израиль) кызматташуусун күзөткөн комитеттин биринчи жыйынында маалымдалды».

Марокко королдугунун башкы командачылыгы маалым кылышынча, королдуктун куралдуу күчтөрүнүн башкы инспектору Билхайр Фарук менен (Израиль) министрлигинин тушундагы аскерий саясий иштер бөлүмүнүн директору Дрор Шалом төрагалык кылган ушул жолугушууда коопсуздук жана эки

тараптуу аскерий кызматташтыктын түрдүү тармактары, өзгөчө, логистика, кадр даярдоо жана машыгууларды өткөрүү о.э. курал-жарактарга ээ болуу жана аларды модернизациялоо маселелери талкууланган. Марокко армиясынын башкы командачылыгы өз билдирүүсүндө тараптар ушул кызматташтыкты дагы да бекемдөө жана башка тармактар, өзгөчө, разведка, абадан коргонуу жана электрондук согушту камтуу үчүн аны кеңейтүүгө келишишкенин жарыялады. (Израиль) маалымат каражаттарынын хабарларына ылайык, Кызыл деңизде анын эркин аракет кылышы (Израиль) стратегиясынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул нерсе ага Кызыл деңизди толук көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Бул болсо, навигация эркиндигине, айрыкча, Мисир жана Яман пайда көрүп жаткан деңиз соодасына коркунуч туудурат.

Американын «American Herald Tribune» веб-сайты ачыктаган документтерде Кызыл деңиздеги кошмо аскерий күчтөрдү башкаруу боюнча сионист вужуд менен өткөрүлгөн жашыруун машыгууларга катышкан Саудия армиясынын командачыларынын ысымдары ачыкталган. Ысымдары веб-сайтта жарыя кылынган жогору наамдагы офицерлер: Мухаммад ибн Абдуллах Захраний, Мухаммад ибн Абдуллах Робиъ жана Валид ибн Абдуррахман Абидий. Машыгуу эки тарап ортосунда 2014-жылда кол кюлган өз ара түшүнүшүү меморандумунун алкагында өткөрүлгөн.

(Израилдин) «Маарив» гезитинин хабарына ылайык, (Израиль) жана Абу Даби амирлигинин аскерий тармактагы алакалары бекемделип барууда. Эки тарап ортосундагы курал-жарак соодасынын тушунда (Израилдин) курал өндүргөн «Al-Bayt Systems» компаниясы Бириккен Араб Амирликтеринде өз бөлүмүн ачкан. (Израиль) компаниясы түшүндүрмө беришинче, анын Бириккен Араб Амирликтериндеги бөлүмү Амирликтердин армиясы менен узак мөөнөттүү кызматташтыкты өнүктүрүү үстүндө иштөөдө. О.э. ал колдонуучулар үчүн технологиялык чечимдерди координациялоо жараянын башкарат жана жергиликтүү шериктештерге технологияларды жеткирип берүүгө жетекчилик кылат.

**Коопсуздук маселелеринде мамилелерди нормалдаштыруу жана разведка кызматташуусу:**

Сауд Арабия менен (Израиль) ортосундагы жашыруун кызматташтык жөнүндө көптөгөн хабарлар бар. Баскынчы (Израиль) армиясынын ошол кездеги командачысы Гади Эйзенкот

улуттук коопсуздук кеңешинин мурунку төрагасы Меир Бен Шаббат Сауд Арабиянын мураскер канзадасы Мухаммад ибн Салман менен жолугушканын маалым кылган. Ал айтышынча, (Израиль) менен Сауд Арабия ортосунда коопсуздук жана разведка тармагында ортоктош кызыкчылыктарга негизделген кызматташтык болгон. Алардын ортосундагы ортоктош кызыкчылыктар Иранга жана салафий исламий кыймылдарга каршы туруууда көөдөлөнөт. («Кудсул Арабий»).

Коопсуздук маселелери боюнча эксперт жана Британия королдук коллежинин академиги Андреас Крейги өз макаласында (израилдик) эксперттер “DarkMatter” жана “NSO Group” сыяктуу Бириккен Араб Амирликтери компанияларына кирип кошулганын маалым кылат. Эксперттер арасында (Израиль) армиясынын 8200 бөлүмүнүн ардагерлери бар. Отставкадагы же пенсияга чыккан аскерийлер жана коопсуздук боюнча эксперттер Бириккен Араб Амирликтеринин жеке менчик аскерий жана коопсуздук компанияларында иштөө үчүн дайындалган. Отставкадагы (израилдик) эксперттер Бириккен Араб Амирликтеринде инструктор жана жалданма аскер катары иштей башташкан.

Ушун айтуу орундуу, Моссаддын мурунку директору Йосси Коэн мамилелерди нормалдаштыруу көлөмүн кеңейтүү максадында Моссад курамында (Израиль) менен орнотулган мамилелерди башкарган жаңы бөлүмдү түзгөн.

«Халиж Онлайн» веб-сайты ироний тилде чыккан «Едиот Ахронот» гезитинен алып берген хабарда келишинче, (Израиль) тышкы иштер министри Габи Ашкинази тышкы иштер министрлигинде 20 жыл жасалма паспорт менен Булуң мамлекеттеринде, Бириккен Араб Амирликтери жана Бахрайнда иштеген 20 чакты дипломатка сыйлык берген. Алардын иш-аракеттери Бириккен Араб Амирликтери жана Бахрайн менен тынчтык келишимин түзүүгө алып келген. Гезит (Израиль) тышкы иштер министринин «Булуңда жашыруун иштеген ушул жыйырма дипломат (Израиль) дипломатиясынын найзасынын башы болгон» деген сөздөрүн келтирет.

**Ири экономикалык долбоорлор:**

(Израиль) менен мамилелерди нормалдаштыруунун жана бир канча тармактарда кызматташуунун кооп-коркунучу бул кызматташтыктан көздөлгөн стратегиялык максаддар болуп, алар Америка демөөрчүлүгүндө, жада калса, аны менен толук

кызматташтыкта ишке ашырылууда. Биз ушул долбоорлордун айрымдарын жаркын мисал катары көрсөтүп өтөбүз. Бул долбоорлор региондогу энергия базарларын реформалоого, байлоого жана изоляция кылууга о.э. Кытай менен Россия капиталдарына кыйынчылык жаратууга каратылган. (Израиль) өзгөчө энергия тармагында Булуң мамлекеттери менен башка мамлекеттер ортосунда, Европа менен Америка жана Канада ортосунда алака байланышын орнотот, ири соода жана экономикалык борборду түзөт. Ал мындай таризде иш алып барат:

- (Израиль) портторун араб мамлекеттериндеги портторго байланыштыруу. Булуң мамлекеттери жана араб мамлекеттери менен өзгөчө энергетика тармагында капиталдык аракетке хызмат кылуу үчүн автомобиль жана темир жол тармагын кеңейтүү.
- Сувайш каналын, Хармуз кысыгы жана Бабул Мандабды четтеп өтүп, (Израиль) аркылуу Европа жана Түндүк Америкага энергия экспорттоо үчүн энергия коопсуздугун бекемдөөнү шылтоо кылып бир канча нефть түтүктөрүн кайра куруу жана башка нефть түтүктөрүн куруу үстүндө иштөө.

**Мындай долбоорлорго мисалдар:**

**Хижаз темир жолун кайра тургузуу:**

Хижаз темир жолу – Усманий Халифа Абдулхамид II рохимахуллох курган, Дамаскты Мадинаи Мунаввара менен байланыштырган темир жол. Аны куруудан максад Европага жана анын мусулман өлкөлөрүнө болгон таасирине каршы күрөшүү жана Халифалык мамлекетинин бүтүндүгүн бекемдеп, душмандарга каршы туруу болгон. Долбоордун идеясы Константинополду (Ислам шаары) Маккаи Мукаррама жана Мадинаи Мунаввара, Яман менен байлоо эле. Бирок, Халифа Абдулхамид тактыдан кулатылгандыктан долбоордун экинчи баскычын акырына чыгаруу ага насиб этпеди. Биринчи баскычында ажылардын жол сапары 40 күндөн 3-4 күнгө кыскарды. Долбоордун алкагында 2666 көпүрө жана суу чыкчу арыктар, 7 темир көпүрө, 96 станция, 7 суу көтөрмөсү, 37 суу сактагыч, 2 дарыкана жана 3 устакана куруу көздөлгөн.

Бүгүн (Израиль) карасанатай максадда бул темир жолду кайра тургузуу үстүндө иштөөдө. Темир жолдун Хайфадан Байт-Шаунга чейинки бөлүгү 2016-жылы кайра тургузулду. Амман менен Дамаскка чейинки линия 2011-жылга чейин иштеп келген. Хижаз темир жолун кайра тургузуу «Тынчтык темир жолу» деген жаңы

аталыш астында аны Иордания, Саудия жана башка Булуң мамлекеттери менен байланыштырууга багытталган.

Оман борбору Маскатта болуп өткөн эл аралык транспорт конференциясында (Израилдин) мурунку транспорт министри Исраэл Кац Булуң мамлекеттерине жана бир катар араб мамлекеттерине Булуң мамлекеттерин (Израиль) жана Иордания менен байланыштырган «Тынчтык темир жолу» деп аталган темир жол долбоорун сунуштады. (Израилдин) расмий радиоуктуруу корпорациясынын хабарына ылайык, Кац: «Бу план логикалык, саясий жана идеологиялык келишпестиктерден жогору турат», - деген.

О.э. 2021-жылы мурунку транспорт жана жол коопсуздугу министри, отставкадагы генерал Мири Регев «Булуңдан булуңга чейин» деген аталыштагы долбоорду алга сүрүп, мындай деди: «Бул үлкөн долбоор Жакынкы Чыгыштагы регионалдык экономиканын көрүнүшүн өзгөртөт жана (Израилди) региондогу көптөгөн мамлекеттер менен темир жол аркылуу байланыштырат жана бул темир жол алар үчүн Жер ортолук деңизге алып чыккан дарбаза болот. Бул маанилүү экономикалык кушхабар болуп, Жакынкы Чыгыш мамлекеттерин тең мамиле жана тынчтыкка негизделген экономикалык күч жана туруктуулук аралына айлантат. Бүгүн биз чыныгы регионалдык экономикалык тынчтык пайдубалын жаратып жатабыз. Премьер-министр Бинямин Нетаняху башчылыгындагы Иброхим келишими бул көз караштыы ишке ашыруунун күчү болуп эсептелет. Пландын тасдыкталышы – вакиълик жөнүндөгү түшүнүккө жетишүү жана региондун көрүнүшүндөгү тарыхий өзгөрүүнүн башталышы...».

Пландын алкагында регионалдык поезд линиясынын негизги бөлүгү курулат. Бул линия Хайфа булуңун Араб булуңу менен Иордания жана Сауд Арабия аркылуу байланыштырат. О.э. бул линия Байт Шаундагы темир жол вокзалын (Израиль)-Иордания чегарасындагы Шайх Хусайн (Иордан дарыясы) көзөмөл пункту менен байланыштырат. Долбоор (Израиль), Иордания жана Фалестин администрациясы ортосунда жүк ташуу мүмкүнчүлүгүн берет жана жүк ташуучу унаалардын тыгынын кыйла азаят. Жолоочу поезддер тармагы (Израиль) темир жолдору стратегиялык планына ылайык 2040-жылга болжолдонгон. Долбоор Иордания жана Араб булуңунан бара жаткан жүктөрдү Мигдал Ха-эмек

поезддеринде түздөн-түз (Израиль) портторуна ташуу мүмкүнчүлүгүн берет. («Ал-Жазира», 2021-жыл, 2-март).

**2 – Булуң мамлекеттерин жана башка мамлекеттерди автомобиль жолдору жана порттор аркылуу (Израиль) менен байланыштыруу:**

Долбоор Араб мамлекеттери менен (Израиль) портторун байланыштырып, аларды өнүктүрүүгө жана глобалдык базарларга байланыштырган, Сувайш каналына барабар соода жолу боло турган көпүрөнү курууга каратылган. Яман маалымат агенттиги 2020-жылы 17-сентябрда берген хабарда мындай келет: «Бириккен Араб Амирликтери менен (Израиль) ортосундагы мамилелерди нормалдаштыруу келишими Мисир тарабы үчүн Булуң нефтисин ташууда Сувайш каналын четтеп өтүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу көптөгөн кабатырларга себеб болууда... Бириккен Араб Амирликтеринин «Dubai Ports World» компаниясы менен (Израилдин) «Dovertower» компаниясы ортосунда жүк ташуу жана порт иш-аракети тармагында кызматташуу боюнча бир канча келишимдер түзүлгөн. (Израиль) өкмөтүнө караштуу «Катча» нефть компаниясы күйүүчү май жана нефть продукциялары соодасы тармагында кызматташуу жолдорун малкуулоо максадында Булуң мамлекеттери менен жашыруун алакаларды алып барууда».

«(Израиль) кеме куруучу компаниясы баса белгилешинче, ушул кызматташтык (Бириккен Араб Амирликтери-Израиль келишими) порттордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө, чыгашаларды азайтууга, эл аралык соода жана логистика үчүн алдыңкы инфраструктураны тургузууга жардам берет. Бул болсо, Хайфа портун Жакынкы Чыгыштагы негизги борборго айлантат. Дуня бойлоп портторду башкарган «Dubai Ports» компаниясы (Израилдин) "DoverTower" компаниясы менен бир катар келишимдерди түздү. Бул келишимдер Хайфа портун менчиктештирүү боюнча ортоктош сунушту да өз ичине алат. («Арабий Жадид», 2020-жыл, 29-сентябрь).

«DP World Group»тун башкаруу кеңешинин төрагасы жана башкы директору Султан Ахмад ибн Сулайм (Израилдин) «Dovertower» компаниясы менен үч өз ара түшүнүшүү меморандумун түздү. «Dovertower» компаниясынын ээси Шломи Фогел, ал (Израилдин) кеме куруучу жана оңдоочу заводдорунда жана Эйлат портунда да үлүшкө ээ. Ушул өз ара түшүнүшүү

меморандумдары кызматташтык тармактарын камтып алат. О.э. эң ыңгайлуу жана инновациялык бажы амалиятын колдонуу аркылуу эки тараптын жеке мекемелери ортосундагы сооданы ыңгайлаштырууга Дубай бажысынын салым кошуусун да өз ичине алат.

«WAM» маалымат агенттигинин хабарында келишинче, Ибн Сулайм мындай дейт: «Биздин «DP World»догу вазыйфабыз глобалдык сооданы камсыздоодо көрүнөт. Биздин иш-аракетибиз Бириккен Араб Амирликтери менен (Израиль) ортосунда о.э. башка мамлекеттер ортосунда соода линияларын куруугa, региондо бизнести оңой жана майнаптуу кылуу аркылуу кардарларыбызды колдоого салым кошот».

Өз кезегинде, (Израилде) чыккан «Глобс» гезити Тель-Авивдин Абу-Дабиге сунушун ачыктаган. Ушул сунуш (Израилдин) Ашкелон портуна чейинки кургактык жол аркылуу (Израилди) Фарс булуңундагы араб мамлекеттери жана Саудия менен байланыштырууну өз ичине алат. «Арабий Жадид» веб-сайтынынын хабарына ылайык, бул сионист вужуд Эйлат-Ашкелон түтүгүн кеңейтүү жана өнүктүрүүгө, ушул Булуң мамлекеттериндеги нефть жана газ түтүктөрүн (Израилге) улоого жана алардын чыгымдарын Булуң мамлекеттеринин каражаттары аркылуу жабууга үмүт кылууда. ❑

# ХАЛИФАЛЫК ДООРУНДАГЫ ХИЗБИЙ ИШ-АРАКЕТИН ЭЛЕСИ ХИЗБ-УТ-ТАХРИР ЖАНА АНЫН МҮЧӨЛӨРҮ АЛЛАХТЫН ЫРААЗЫЛЫГЫ ЖАНА АХИРЕТТЕГИ УЛУУ АЖРГА ЖЕТҮҮ ҮЧҮН АТКАРЫШЫ ЗАРЫЛ БОЛГОН АМАНАТ

**Мурад Талиб**

Көпчүлүк Халифалык көлөкөсүндөгү хизбий иш-аракетти элестетүүдө адашат жана хизбий иш-аракетти азыркы системалардагы саясий партиялардын модели аркылуу гана элететишет. Алардын фикиринче, Халифалык доорундагы маселе азыркы доордогу партиялык иш-аракеттен көп деле айырмаланбайт. Айрыкча, саясий партиянын аталышы заманбап аталыш болуп, демократиялык партиялар дүйнөдөгү эң байыркы партиялар эсептелген соң, көзөтүүчүгө саясий турмушта хизбий иш-аракеттин башка үлгүсү жоктой туюлат.

Америка, Франция жана Британия сыяктуу илгерки демократиялык мамлекеттерде иш алып барып жаткан саясий партиялар көздү уялта тургандай жалтырак болуп көрүнсө да, бирок, бул системалардын көлөкөсүндөгү партиянын иш-аракетинин вакиълигине караган киши бат эле капитализм доорундагы партиялар ошол мамлекеттер негизделген мабдадагы карама-каршылыктардын тескерисинен башка нерсе эместигин көрөт.

Ушул системаларда саясий партиялардын чыныгы моделин түзүү мүмкүн эмес, муну төрт негизги нерсе менен көрсөтүүбүз мүмкүн:

**Биринчи: алардын саясий партияны мүнөздөөдөгү ийгиликсиздиги жана маселенин белгисиздикте калтырышы:**

Самуэл Хантингтон сыяктуу көптөгөн изилдөөчүлөр саясий партияга түшүндүрмө берүүдөн качып, түшүндүрмө берүүнүн ордуна партиянын саясий партия деп эсептелишинин шарттарын белгилешет. Партияга түшүндүрмө берүүгө урунгандар түшүндүрмөдөн көрө көбүрөөк партиянын аракетин сыфаттоого жакын бүдөмүк нерселерди айтышат. Мисалы, Жорж Пердю мындай түшүндүрмө берет: «Партия – белгилүү бир саясий идеяларга ишенген жана ушул идеянын жеңиши жана жүзөгө чыгышы үчүн аракет кылган адамдардын жамааты. Бул болсо, идеяны жүзөгө чыгаруу мүмкүн болушунча көбүрөөк адамдарды ушул идеянын айланасында бириктирүүгө о.э. бийликке жетүүгө же эч болбогондо өкүмдар бийликтин токтомдоруна таасир өткөрүүгө аракет кылуу аркылуу болот». Саясий партияга

түшүндүрмө берүү аракеттеринин ийгиликсиздикке учурагань саясат жөнүндөгү түшүнүктүн анык түшүндүрмөсү аныкталбаганында көрүнөт. Т.а. саясат мамлекеттеги өкүмдар менен жарандар ортосундагы мамилелерби же коомдор жана инсаний жамааттар үчүн токтом кабыл алуу усулубу жана тартиптериби, же болбосо мүмкүнчүлүктөр илимиби?

**Экинчи: алардын саясий партиялардын пайда болушуна жана калыптанышына көз карашы:**

Партиялардын пайда болушунда жана калыптанышында эң көзгө көрүнгөн фактор, алардын айтымында, эки тараптын ортосундагы тарыхий карама-каршылык (дуализм) назариясы болуп эсептелет. Бул назарияга ылайык, саясий партиянын түзүлүшү, албетте, анын бир партиянын кызыкчылыктарын экинчи партияга каршы коюу үчүн түзүлгөнүн түшүндүрөт. Ошодон улам, саясий партиялар коомдогу бөлүнүүлөрлүн натыйжасында пайда болот. Карама-каршылык дуализмине негизделип, Дюверже туш келиши мүмкүн болгон бир катар дуализмдерди мындай мүнөздөйт: Саясий дуализм (республика монархияга каршы), социалдык дуализм (жумушчулар буржуазияга каршы), диний дуализм (диндарлар илманийлерге каршы). Ушул дуализмдер ортосундагы карама-каршылык натыйжасында топтор биригет же бөлүнөт жана жаңы партиялар пайда болот. Бул системалардагы чыныгы саясий партиянын жандуу моделин пайда кылудагы ийгиликсиздик даражасын билүү үчүн Европа жана Америкадагы партиялардын вакиълигине үстүртөн назар салуу жана алардын ортосундагы карама-каршылыктарды көрүү жетиштүү болду. Ошол мамлекеттердеги коомдордун талкаланышы жана бөлүнүшү, адамдардын жашоосу тозокко айланышы, айрыкча, Европада диний жана улутчулдук чыр-чатактарынын күчөшү о.э. Америкадагы нефть өнөр жайы жана технологиялык өнөр жай ортосундагы карама-каршылык фонунда алардын саясий аракеттеринин курамдык бөлүктөрү ортосундагы туруктуу карама-каршылык себептүү күчөп жатат.

**Үчүнчүсү: саясий партиялардын вазыйпасы**

Батыш изилдөөчүлөрү саясий партиялардын эң маанилүү вазыйпаларын минтип белгилешкен:

1 - Саясий турмушту активдештирүү. 2 – Коомдук фикирди калыптандыруу. 3 – Саясий жетекчиликтерди калыптандыруу. 4 – Саясий туруктуулукка жетүү.

Бир караганда, бүгүнкү күндө дүйнөдө өкүмдар Батыш сислемаларындагы саясий партиялардын вазыйпасындагы мындай көрүнүшкө алдануу мүмкүн. Бирок, Батыштагы саясий партиялар ишке ашырып жаткан амалий вазыйпанын акыйкатын үйрөнүп чыксак, саясий турмушту иш жүзүндө жандантуу – бул адамдарды капиталисттик класстын кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлүп жаткан саясатты кабыл алууга мажбурлоо жана шайлоочуларды алдыңардагы саясатты тандоо силердин ыктыярыңарда, деп алдоо экендигин көрөсүңөр. Бул маселе коомчулукка ашкере болду, Батыш калктары арасында саясий иш-аракетте атышууну каалабоо жана шайлоолорго катышууну каалабоо маанилүү касиетке айланды.

Бирок, коомдук фикирди калыптандыру жана жарандарга саясий проблемалар жана аларды чечүү боюнча сунуштар жөнүндө маалымат берүү көз карашынан, күзөтүүчү  бул нерсе алдоо жана шайлоо алдындагы үгүт иштеринен ары өтпөшүн көрөт. Батышта чынында өз шайлоочуларынын жана тарапкерлеринин кызыкчылыгы үчүн иштеген саясий партияларды таппайсыңар. Тескерисинче, силер бул партиялар партия жана анын иш-аракетин каржылаган капиталист тарапкерлерин биринчи орунга коюшун көрөсүң.

Саясий жетекчиликти калыптандырууга келсек, шайлоолорду бурмалоо жана шайлоочуларды алдоо амалияты фонунда өсүп калыптанган жетекчилик кандай жетекчилик болушу мүмкүн?!

Саясий туруктуурукту жүзөгө чыгаруу функциясына келсек, Батыштагы саясий турмушту күзөткөн киши саясий партиялардын тарапкерлери ортосунда карама-каршылык канчалык күчтүү экендигин жана коомдук курамдык бөлүктөрү ортосунда жардын тереңдигин көрөт. Бул функциянын канчалык коркунучтуу экендигин көрүү үчүн улутчулдук, тайпачылык жана пайдага негизделген партиялардын сунуштарына о.э. партия тарапкерлеририн өз партияларынын программасына этникалык, диний же социалдык даражада тескери болгон программалардын сунуш кылынышына кандай мамиледе болууларына о.э. Батыш мамлекеттериндеги этникалык чыр-чатак жана келишпестиктер сахнасына карагыла.

**Төртүнчү: саясий плюрализм идеясы жана бийликтин тынч жол менен өткөрүлүшү:**

Алар бул жалтырак максатты демократиялык системаларда баасыз бермет катары үгүттөшөт. Бул идея алардын түзүмүндөгү намыс жана сыймык булагы болуп, бул диктатура жана бир партиялык өкүмдарлыктан алыс деп түшүндүрүшөт.

Бул идеянын жалтырактыгы жана катардагы адамдардын аң-сезимине кооздугу күчтүү болушуна карабастан, Батыштагы, айрыкча, ири мамлекеттер жана илгерки демократиялык мамлекеттердеги саясий турмуштун амалий жагы бул идея кандай даражада кулаганын жана кыйраганын көрсөтүп туурат. Мисалы, плюрализмди колдогон Францияда күчтүү жана туруктуу өкмөт дээрлик жок. Президенттер парламенттин ишенимин алуу жана өкмөттү түзүү үчүн добуш берүүдө көбүнчө карама-каршы тараптарды бириктирген коалициялык өкмөттөрдү түзүүгө мажбур болушу натыйжасында өкмөттү түзүү жараянында ар дайым кыйынчылыкка туш келишет. Кээде айрымдар туруктуу саясий турмуш үчүн идеалдуу система эки партиялык система деп ойлошот. Анткени, Британия жана Америкада болгондой, бийликке эки ири партиянын атаандаштыгы аркылуу жетишилет. Бул болсо, шайлоочулардан көпчүлүгүнүн добушун алууга жана алардын колдоп-кубаттоосуна жетишүүгө кудуреттүү, күчтүү өкмөттөр түзүлүшүн камсыздайт. Изилдөөчү бул мамлекеттердин саясатын ичинен үйрөнүп, алардын саясий жашоосунда жүргүзүлүп жаткан саясаттарда эч кандай чыныгы айырманы дээрлик көрбөйт. Ал тургай, бул эки мамлекеттеги көпчүлүк саясатчылар мамлекеттин саясий жашоосунда болуп жаткан иштерди элестетүү үчүн «жашыруун өкмөт» жана «терең мамлекет» (мамлекет ичиндеги мамлекет) сыяктуу терминдерден пайдаланышат. Бул болсо, демократия оюну жана эки партиялык системада бийликти партияларга өткөрүп берүү оюну калктын күчүн өкүмдар партиянын артына топтоого каратылган оюнга жакын экендигин көрсөтүп турат. Ошондо калк ал саясий аракетте жетекчи экендигин сезет. Ошол эле учурда, бул партиялар өлкөнүн чыныгы өкүмдарларынын т.а. ири капиталисттердин кызыкчылыгынан башка нерсени калыптандырбайт. Дүйнөдөгү эң байыркы партияларга ээ экендиги менен мактанган Кошмо Штаттар өз конституциясында саясий партиялар маселесин белгилебегени өтө кызык. Себеби, конституцияны түзүүчүлөр АКШ саясаты партиялык болушун алгач ойлоп көрүшпөгөн. Федералдардын №9 жана 10-документтеринде Александр Гемилтон жана Жеймс Мэдисондор

жергиликтүү саясий фракциялардын кооп-коркунучтары жөнүндө анык жазышкан. О.э. АКШнын биринчи президенти Жорж Вашингтон шайланган убакта жана бүткүл президенттик аракетинде эч кандай саясий партиянын мүчөсү болбогон. Мындан тышкары, саясий турмушунун акыркы демдерине чейин чыр-чатактардан коркуп саясий партиялардын түзүлбөшүнө үмүт кылган. Бул нерсе анын саясий турмуштан кетиши алдында сүйлөгөн белгилүү коштошуу сөзүнүн эң көзгө көрүнгөн бөлүгү болду. Бирок, Америкада эки партиялык системанын башталышы түздөн-түз анын алкагынан т.а. Гемилтон жана Мэдисондор менен аяктаган алкактан келип чыкты. Белгилүү болгондой, алар ушул өнүгүп келе жаткан партиялык системанын негизги жетекчилери болгонго чейин жогоруда айтылган саясий фракцияларга каршы федералдык документтерди жазышкан. Бул болсо, жакынкы тарыхта жийиркеничтүү партиялык турмуштун пайда болушу үчүн шарт жаратты.

Биз бүгүнкү күндө Батыш системалары доорундагы партиялык саясий турмушту кыскача көрсөтүп өттүк жана анын бузгунчулугун жана көрүнүп турган карама-каршылыгын баян кылдык. Келгиле, эми жакында тикелене турган Халифалык доорундагы исламий саясий турмуштун моделин Батыш системаларында кеңири жайылган плюрализм, элдик өкүлдүк жана бийликти тынч жол менен алмаштыруу сыяктуу жалтырак ураандардан, пайдасыз жана жалган сөздөрдөн алыс болуп ачыктап берели. Ислам көлөкөсүндөгү саясий жана хизбий турмуш вахийден алынган шаръий негиздерге о.э. жаркын фикирлер, анык түшүндүрмөлөр жана шаръий нусустардан алынган анык амалдарга негизделет. Бул болсо, Ислам улуулугун көрсөткөн саясий турмуштун касиеттерин анык сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн берет.

Оболу, изилдөө темасына байланыштуу анык түшүндүрмөлөрдү үйрөнүшүбүз керек, ошондо биз бул түшүндүрмөлөр аркылуу Исламдагы амалий саясий турмуштун зээндеги көрүнүшүн сүрөттөшүбүз мүмкүн.

Биздин түшүнүгүбүздө, саясат – адамдардын иштерин Ислам менен башкаруу. Ал эми, мамлекет – Исламий Уммат кабыл алган канааттануулар, өлчөөлөр жана түшүнүктөр топтомун аткара турган вужуд. Ислам түшүнүгүндөгү саясий чөйрө – бул акимдер, жетекчилер, адамдардын турмушунда салмакка ээ болгондор о.э. саясат менен алектенген ар кандай киши. Саясат менен алектенген

кишилер аким болобу, эсепчи болобу же өзүнүн саясий көз караштарын Ислам негизинде жаюуга аракет кылып жаткан жана бийликке умтулуп жаткан кишилерби, айырмасы жок. Ал эми, саясий хизб-партиянын түшүндүрмөсү – адамдардын иштерин Ислам негизинде башкарууга умтулуп жаткан ар кандай уюм. Мында ушул уюм бийликте кошулуу аркылуу башкарабы же мухасаба аркылуубу, айырмасы жок.

Бир караганда, түзүлүшү жагынан жөнөкөй болгон бул түшүндүрмөлөр Исламий мамлекеттеги саясий иш-аракет жана саясий турмуштун күрөшүн эң аз жана минималдуу аракеттер менен ишке ашырса боло тургандай чагылдырышы мүмкүн. Акыйкат болсо, бул тармакка инсаний касиетке ээ болгон жана таза ихласты өзүндө камтыгандардан башка эч ким кире албайт жана анда кайрат менен тура албайт. Себеби, бул эрки алсыз жана химматы төмөн кишилер үчүн кирүү кыйын болгон эшик. Ал – улуу сооп эшиги. Ким Аллахтын алдында кабыл алынган сыфаттар менен кирсе, анын даражасын көтөрөт.

Чыныгы көрүнүштү көрсөтүү жана анын көлөмүн түшүндүрүү үчүн ушул түшүндүрмөлөргө токтолуп, алардын маанилери о.э. алар өз ичине алган түшүнүктөр жөнүндө терең фикирлешибиз зарыл. Элес анык болушу үчүн керектүү болгон эң маанилүү нерсе саясий жашообуз негизделген негизди түшүнүү. Бул негиз Ислам болуп, саясат, мамлекет, саясий чөйрө жана саясий партиялар ага негизделет.

Ислам бул жерде бир гана мааниге ээ т.а. ал өз акыйдасына жана түзүмүнө ээ мабда. Ислам ушул эшиктен кирүүнү жана исламий саясий чөйрөдө болууну каалаган ар кандай кишинин шахсиятында көөдөлөнөт жана бул сыфат Уммат аркылуу бийликке жетмекчи болгон ар кандай адамда түшүндүрмө талап кылгыс түрдө көрүнөт. Ушул сыфаттардын биринчиси жана эң жогорусу саясатчы адамда исламий акыйданын көөдөлөнүшү. Акыйда – күрөш, согуш жана башкалар үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алуу негизине негизделет. Исламий акыйданын акыйкаты о.э. Аллах Таала аалам, адам жана тирүүлүктү жараткан Зат, Ал ааламдагы бардык нерсени тадбир кылуучу, турмуш өткүнчү, адамдын бара турган жайы бейиш же тозок, ырызкы жана ажал Аллахтын колунда, Куръан адамдарды караңгылыктан нурга алып чыгуу үчүн Аллах тарабынан жиберилген, аны саййидибиз Мухаммад ﷺ Аллахтын алдынан алып келген деген катъий

тастыктын акыйкаты аны кабыл алгандардын кубатынын сыры болуп эсептелет. Исламий акыйданы кабыл алган кишилердин саясий аракетке умтулушу, башкалар үчүн үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алышы, алардын иштерин башкарууга жана оңдоого шыктанып жатышынын сыры мына ушул.

Биз т.а. Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрү дастур долбоорундагы **«Исламий акыйда мамлекеттин негизи т.а. анын курамында, жихазы, мухасаба кылынышы же ага тиешелүү бардык иштерде бирер нерсенин пайда болушу үчүн Ислам акыйдасы гана негиз кылынат. Ошол эле учурда, Ислам акыйдасы дастур жана шаръий мыйзамдардын да негизи т.а. бул экөөсүнүн ар бирине байланыштуу бирер нерсенин болушуна Ислам акыйдасынан келип чыкса гана уруксат берилет»** деген биринчи беренени кабыл алганбыз. Ушул берене лугавий курамы жөнөкөй болушуна карабастан, андагы фикирдин тереңдиги дыкат фикир жүргүзүүчүгө Исламий мамлекеттеги саясий турмуштун жаркын элесин берет. Бул мамлекеттеги саясий чөйрө таза жана нукура болуп, акыйда жана түзүмүндө Исламга негизделген партиялар гана ага кире алат. Бул мамлекет тикеленгенде Исламдан башка негизге негизделген азыркы убактагы саясий чөйрөнү толук жоюу үчүн болгон күчүн сарфтайт. Уммат алдындагы кылмыштары үчүн жоопко тартылышы керек болгондорду жоопко тартат. Кылмыш жасагандыгы түздөн-түз далилденбегендерди ушул ыплас саясий чөйрөгө байланыштуулар о.э. кожоюндарга жакын болгону үчүн күмөн кылынгандардын катарына киргизет. Ал тургай, алардын бири да айыптан дээрлик кутула албайт.

Ал эми, ушул режимдерден алыс болгон, калыстыгы байкалган жана ээ болгон фикирлери себептүү режимдердин зулумунан кыйынчылыкка туш болгондорго келсек, алар көз карандысыз адамдар болобу же кыймыл жана жамааттарбы, айырмасыз, алардын саясий чөйрөгө кириши зарыл болгон шаръий шарттарды аткарууларына байланыштуу. Бул чөйрөдө күрөшкө үндөгөн акыйда эсептелген Ислам акыйдасына ээ көз карандысыз адамдар жана уламалар алкышына ээ болот. Кала берсе, эгер алар өз аракеттерин жеке тартипте улантышса, таасири күчсүз болсо да, алардын саясий чөйрөгө кириши Умматтын саясий турмушун

байытат. Эгер, алар саясий турмушта чыныгы из калтырууну каалашса, муну этибарга алышы зарыл.

Ал эми, кыймыл жана жамааттардын саясий турмуш майданына кириши, саясий чөйрөгө аралашышы жана Уммат аркылуу бийликке келүүгө аракет кылышы үчүн Ислам негизине негизделген саясий партиянын шарттарын аткаруулары талап кылынат. Бир караганда талап жөнөкөй болуп көрүнсө да, сабырчыдам, калыстык о.э. Уммат маселеси жана кызыкчылыктары үчүн курмандык көрсөтүүгө даяр болбогондор үчүн буга иш жүзүндө жетүү оңой эмес. Бул жамааттардын абалын эсепке алганда жана аларда калыстыгы бар экенине карабастан, эгер алар бул тармакка кирүүнү жана анда бар экенин улантууну каалашса, жеңип өтүшү зарыл болгон чоң тоскоолдуктарга туш келишет. Буга эң күчтүү далил ушуга урунган кишилердин алсыздыктары, акыйкатта болсо, аларда партия сабында фикирий кубат жана амалий тажрыйба бар о.э. калк майданында партия менен атаандашкан кыймылдарды түзүү үчүн мамлекеттер жана уюмдар тарабынан колдоп-кубаттоо да алышат. Бирок, ага карабастан, алар муну ишке ашырууда ийгиликсиздикке учурашты. Алар туш келе турган жана жеңип өтүшү керек болгон эң маанилүү тоскоолдуктар ушулар:

**Биринчиси:**

Аларда Ислам бул саясий турмуш майданында жана коомдо башкаруу, экономика, ижтимаий түзүм, ички саясат о.э. таалим-тарбия жана медицина иштерин башкарууда жана мындан башка Умматтын башкаруу жана идара иштерин башкаруу үчүн керек болгон иштерде колдонула турган мабда деген кеңири көлөмдүү көз караштын жоктугу.

**Экинчи тоскоолдук:**

Бул жамааттар өз вужуддарын нукура шаръий жана партиялык негизде курушу, ушул таризде бузгунчу вакиълик тактарынан жана анын терс таасиринен кутулушу, өзүнүн имараты жана түзүлүшүндө Исламды негиз кылышы, улутчулдук жана мекенчилдик сыфаттарынан о.э. шаръий түрдө четке кагылган фракция жана топтордон алыста болушу керек. Себеби, Пайгамбарыбыз ﷺ айткандай ким тарапкечтикке чакырса бизден эмес. Бул үчүн чоң күч, кыйынчылыкка толо аракет жана чоң курмандыктарды талап кылат. Себеби, бул топтор Уммат перзенттери үчүн пайдалуу вакиъликти тургузушу керек. Бул нерсе

аларды саясий турмушта маанилүү, таасирдүү роль ойноого жана Уммат аркылуу бийликке жетүүгө жарактуу кылат.

**Үчүнчү тоскоолдук:**

Салтанат аманатын көтөрө алышына Умматта канааттанууну пайда кылуу. Себеби, Уммат өз жолунун түрдүү баскычтарында жардамсыз таштап кеткен адамдар себептүү чеккен кайгы жана кыйынчылыктардан, өз бийлигин тикелеп, өз токтомуна ээ болгондон кийин Исламга негизделген коомдук фикир жана ваъй амма фонунда өз салтанатын күчтүү болбогон жана аманат, демөөрчүлүккө күчү жетпей турган кишиге тапшырбайт. Арийне, бул жамааттар өз дастурларынын тууралыгын, кадрларынын күчтүүлүгүн жана жетекчилик тууурасындагы фикиринин тууралыгын көрсөтүү үчүн саясий турмушка шуңгуп амалий сыноодон өтүшү керек. Бул болсо, Умматта алардын жетекчиликке жарактуу экенине ишенимди пайда кылат.

Бул түшүндүрмөдөн, Халифалык доорундагы Ислам негизиндеги саясий аракет сүрөтүн тереӊ ойлоп көрө турган киши үчүн төмөндөгү эки фактты эсепке алуу зарылдыгы ачык болот:

**Биринчи факт:** эӊ маанилүүсү, Умматта коомдук фикирдин болушу туруктуу сакталып калышы жана ал Исламда бийлик ээси сыфатындагы укугуна ээ боушу зарыл. Уммат түшүнүшү керек болгон дагы бир нерсе, Исламда саясий аракет олжолорду бөлүү майданы эмес, балким, курмандык майданы. Бул тармактагы ар бир кичине жана чоӊ нерсе Уммат тарабынан туруктуу күзөтүлүшү жана мухасаба кылынышы зарыл. Муну менен саясатчы Уммат ишин өз мойнуна алып жооптуу болот жана мухасаба кылынат, жакшылык кылса жардам берилет, кыянаттык кылса, оӊдолот деген фикирдин туруктуулугу камсыздалышы керек. Ушунун өзү саясий турмуш Аллах каалагандай уланышы үчүн жол болот. Бу чөйрөгө аралашууну каалаган ар кандай киши бул тармакта курмандык жана кайраттуулук кылуу жаатында Расулуллах ﷺдын сахабаларынан үлгү алышы, андан кийин ал бул чөйрөдөгү сапарында кылган ар бир чоӊ жана кичине иши үчүн Уммат аны күзөтүшүн жана мухасаба кылышын күтүшү керек.

**Экинчи факт:** мамлекеттин бекемдиги жана андагы саясий турмуштун туруктуулугу саясий партиялардын көптүгүнө да, бийлик алмашуу таламына да алакасы жок. Тескерисинче, чыныгы фактор жоктугунда т.а. коомдук фикир жана мухасаба болбосо, көппартиялуулук алсыздык фактору болушу мүмкүн. Исламий

мамлекеттин алгачкы доорундагы т.а. Расулуллах ﷺдын доорунда болобу же андан кийинки халифалар доорундабы, айырмасыз, адамдар бийликти сахабалардын уюмуна тапшырган доордогу саясий турмушка көз жүгүртүп чыгуу бизге ушуну көрсөтөт, ал доордо мамлекеттин күчү коомдук фикир жана мухасабадан кубат алган. Коомдук фикир күчсүз болуп, мухасаба жок болгон доордо бийлик үчүн күрөш себептүү бул мамлекетке алсыздык кирип барган.

Исламий саясий турмушка карата бул көз караштын болушу бизге Уммат салтанатын тикелөө жана исламий саясий турмушту кайра баштоо жолунда өзүн курман кылгандардын желкесине кандай аманат жүктөлгөнүн көрсөтөт. Себеби, ошолор гана саясий чөйрөнү калыптандырууга кудуреттүү жана жарактуу. Алардын мойнуна Уммат арасында күчтүү коомдук фикирди сактоо, анын туруктуу сактыгын камсыздоо, саясий турмушту терең күзөтүү, изгилик кылуучуга жардам берүү жана кайдыгерлерди жоопко тартуу жоопкерчилиги да түшөт. Бул иш партия кадрларынан туруктуу иштөөнү, туруктуу аракетте болууну, үзгүлтүксүз эмгек майнаптуулугун сактоону талап кылат. Бул иш Уммат тармагында болобу, Уммат менен саясий аракет майданында чыныгы жетекчилер катары сүйлөшүүдө болобу же Уммат кеңеши, вилаят кеңештери жана саясий аракеттин башка майдандары аркылуу башкаруу жана отчёт берүүдө болобу, айырмасыз.

Бул түшүнүктүн болушу, аманаттын чоңдугу жана оордугу жигиттерден ошол учурга даяр болуу, Аллахтан жардам сурап, Ахыретте күтүп жаткан ажр-соопко жетүү үчүн күч-кубатты жумшоону талап кылат. Бул болсо төмөнкүлөр менен гана жүзөгө чыгат:

1 – Аллахка жакын болуу, көп ибадат кылуу, Куръан окуу жана ар дайым Аллахка тобокел кылуу зарылдыгын эсте тутуу.

2 – Хизбий сакафатка тиешелүү китептерди окуу о.э. аларды мамлекет жана коомдогу саясий турмуштун жүрүшүн тартипке салган түшүнүктөр катары өздөштүрүү, түшүнүү жана таратуу үчүн өзүн арноо. Бул болсо, жигиттерден халкаларды берүү үчүн толук даярдык көрүүнү, толук убактысын жемиштүү фикир алууга иштетүүнү, халка мүчөлөрүн саясатчы жана Уммат жетекчиси катары калыптандырууда халканын жемиштүүлүгүн көзөмөлдөөгө этибар каратууну талап кылат. О.э. алардын шахсиятын ушул жоопкерчиликти өз мойнуна ала турган жана Аллах Таала алдындагы жоопкерчиликтерин аткара ала турган түрдө курчутууга этибар каратууну талап кылат.

3 – Уммат менен үзгүлтүксүз байланышта болуу о.э. анын сергектигин күчөтүү, андагы коомдук фикирдин күчүн сактоо үчүн аны ар дайым Ислам фикирлери менен азыктандыруу, аны Аллах Таала ага буюрган иштерди аткарбоодон, мухасаба кылбоодон, маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу милдетин аткарбоодон кайтаруу. Ушул мамлекет күчүн жана саясий турмушун өнүктүрүүнүн жалгыз жолу.

4 – Жигиттердин аракетинде ыйман мухити өкүмдар болушуна толук умтулуу жана бул мухитти ар дайым сактоого аракет кылуу. Себеби, мажбурияттардын чоңдугунун жана аманаттын оордугунун жүгүн бул мухитти көзөмөлдөө аркылуу гана көтөрүү мүмкүн.

5 – Даъватчылардын шахсиятындагы рухий жакка этибар берүү. Себеби, бул шахсияларды текебердик жана менменсинүүдөн алыстатат о.э. сабырдуу болуу, өзүндөгүнү сарфтоо жана курман кылуу чечимин бекемдейт.

6 – Анык (сезилген) натыйжаларды жана хизбий иштерден көздөлгөн максаттарды жүзөгө чыгарууга олуттуу аракет кылынышы керек. Бир көз ирмем болсо да биздин иштерибиз тарыйкат иштеринен болуп, алардын анык (сезилген) натыйжалары болушу керектигин унутпашыбыз керек. Окуу түшүнүктөрдү топтоп, өнүктүрүшү зарыл. Халкаларда дарс кылуу саясатчыларды жетиштирип чыгарышы зарыл. Уммат менен жандуу сүйлөшүү калк жетекчилигин колго алууда о.э. жаңы мүчөлөрдү касб кылуу аркылуу хизб денесин өстүрүүдө өз таасирин көрсөтүшү керек. Жамаий сакафат өзүнүн түрдүү көрүнүштөрү менен Умматтын аң-сезимин күчөтүшү керек. Мухасаба кулк-мүнөздөрдү жакшыртыгы керек... Ошентип, хизбий иштердин ар биринде натыйжалар сезилиши зарыл. Дагы түшүнүү керек болгон нерсе, сезилген натыйжалардын болбошу тез арада жоюлушу зарыл болгон кемчиликтин бар экенинен кабар берет.

Тыянактап айтсак, Халифалык доорундагы хизбий аракетти элестетүү учурунда о.э. Аллахтын ыраазылыгына жетүү жана Ахыретте улуу ажрга ээ болуу үчүн Хизб жана анын мүчөлөрү аткарышы зарыл болгон аманат маселесин үйрөнүү учурунда ушул иштерди аныктадым. Эгер, жакшы иш кылган болсом, бул Аллахтан, ката кылган болсом, менден жана шайтандан. Акыркы дубабыз – ааламдар Роббиси Аллахка мактоолорду айтуу. ❑

Батыш, анын малайлары жана арамзалар муртаддык согушту алып барышууда. Ислам жана мусулмандарга кек-душмандык сактаган Батыш түзгөн пландар себебдүү Умматтын асманын кара булут каптады. Батыш Ислам жана мусулмандарга таяныч калтырбоо үстүндө иштеп, бул үчүн айла-амал кылды, план түздү жана фитна чыгарды. Анткени, Батыш исламий акыйда менен фикрат жана тарикат катары көзгө урунган Ислам мафкурасы ар кандай мафкура жана долбоордон күчтүү, ар кандай түзүмдөн бекем экендигин анык билет. Ислам мафкурасы бүткүл адамзаттын Роббиси тарабынан т.а. жоктон бар кылган нерселерди жакшы билген Зат тарабынан назил кылынган соң, анан, эмнеге күчтүү жана бекем болбосун?!

﴿أَلَا يَعۡلَمُ مَنۡ خَلَقَ وَهُوَ ٱللَّطِيفُ ٱلۡخَبِيرُ﴾

*«(Акыры) **Жараткан Зат** (Өзү жоктон бар кылган нерселерди) **билбейби?! Ал мээримдүү жана** (ар нерседен) **хабардар»*** [Мулк: 14]

Бүгүн Батыш эски жаңы фитна чыгарып, бул фитнаны өзүн Исламга каршы күрөшүүгө, мусулмандарды итикадынан чыгарууга, пакиза өкүмдөрдү жок кылууга багыштаган малай өкүмдарлар, карасанатай шайхтар жана Батышты дос туткан муфаккир жана жазуучулардын жардамы менен күчөтүүдө. Ушул малай өкүмдарлар, карасанатай шайхтар, муфаккир жана жазуучулар Ислам акыйдасын Батыштын жалган фикирлерине, бузгунчу маданиятына жана Исламга таптакыр тиешеси болбогон жаңы динге алмаштырышууда. Бул жаңы дин Исламды насронийликке жана яхудийликке теңейт, анык айырмачылыктарды жок кылат о.э. жакшы менен жаман, алтын менен сыфатсыз кен аралаштырылгандай, хак менен батылды аралаштырып салат.

«Иброхим дини» деген аталыштагы кооп-коркунуч яхудийликти, насронийликти жана Исламды бириктирүүгө же аларды өз ара жакындаштырып шайкеш кылууга чакырууда көрүнөт. Саййидибиз Иброхим ﷺдын аты астында бул үч диндин ортосундагы негизги айырмачылыктардан баш тартууга жана алардын баарын туура деп моюнга алууга чакырылат, бул үч динге таандык болгондордун өз динин таштоосуна зарылдык жоктугу айтылат... Алар бактысыздыкка учурап, адашышты. Аллах Таала:

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ﴾

***«Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда,** (анын «дини» Аллахтын алдында) **эч качан кабыл алынбайтжана ал Акыретте зыян тартуучу-өкүнүүчүлөрдөн** (болот)»* [Аль Имрон: 85]

деп абдан хак айткан.

Бириккен Араб Амирликтери менен яхудий вужуду ортосундагы мамилелерди нормалдаштыруу келишимине «Иброхимий келишими» деген аталыштын берилиши жөндөн эмес. 2020-жылы 13-августта жарыя кылынган бул келишим Бириккен Араб Амирликтери, Бахрайн жана яхудий вужуду ортосунда Ак үйдө Американын мурунку президенти Дональд Трамптын колдоосунда түзүлдү. Американын яхудий вужудундагы элчиси келишимге мындай аталыштын берилишинин себебин мындайча түшүндүрдү: «Иброхим үч улуу дин үчүн ата болгон. Ал насронийликте «Абрахам», Исламда «Иброхим» жана яхудийликте «Абрам» деп аталган. Бул диндер ортосундагы биримдик мүмкүнчүлүгүн Иброхимден жакшыраак туюнткан эч бир адам жок. Ошондуктан, бул келишимге ушул аталыш берилди». Бул жерде ушул келишимдин саясий эксплуатация кылуу коркунучунун даражасын о.э. алар аркылуу диний маска астында саясий пландардын ишке ашырылышы көздөлгөн диний жана тарыхий жагдайларды билүү лазым.

Иброхимий аталышы акыркы жылдарда кеңири колдонулууда. Ал үч дин (Ислам, насронийлик жана яхудийлик) ортосундагы тынчтык, боорукеңдик жана жакындык символу катары алга сүрүлүүдө. Бул аталыш яхудий вужуду, Бириккен Араб Амирликтери жана Бахрайн ортосундагы мамилелерди нормалдаштыруу келишимдерине наам катары берилип расмий ишке түшүрүлүп, жарыяланды. Иброхимийлик жөнүндөгү сөздөр – үч самавий диндин жолдоочулары ортосундагы келишпестиктерди четке кагууга о.э. арабдар менен яхудийлер ортосунда токтобой келе жаткан карама-каршылыкты токтотуу максадында региондо бурадарлык, боорукеңдик жана бирге жашоо баалуулуктарын өзүндө камтыган жалпы негиздерди табууга чакырык. Эч кимге сыр болбогондой, улам алмашып келе жаткан АКШ администрациялары тышкы саясаттагы эң маанилүү баштапкы багыттардын бири – союздашы болгон яхудий мамлекетинин коопсуздугун сактоо жана регионалдык үстөмдүгүн камсыздоо экенин ар дайым баса

белгилеп келишет. Айрым изилдөөчүлөр бул чакырыкты Америка позициясынын уландысы деп эсептешет. Бул аталыш жаңы эмес, эски болуп, түрдүү доорлордун баскычтарында колдонулуп келген. Лекин, анын колдонулушу бир баскычтан экинчисине өзгөргөн.

Бириккен Араб Амирликтери үч негизги самавий динди т.а. нарсонийлик, яхудийлик жана Ислам диндерин бириктирген имаратты куруу планы бар экенин о.э. бул имаратка «Иброхим үй-бүлөсүнүн үйү» деген наам берилишин маалымдады.

Жагдай Хижаз өлкөсүндө бир жайда үч диндин ибадатканаларын өз ичине алган имаратты курууга чейин жетти. Андан кийин Куръани Карим, таурот жана инжилди бир мукабада басып чыгуу о.э. яхудийлерди, насронийлерди жана мусулмандарды бириктирген кошмо ибадатты аткаруу идеясы алга сүрүлдү. Алар муну «Иброхимий ибадат» же «Иброхим перзенттеринин ибадаты» деп аташты.

Аллах Таала Өзүнүн азиз Китебинде бизди яхудий жана насронийлердин айла-амалдарынан, жамандыктарынан жана кутумдарынан эскерткен.

﴿وَلَن تَرْضَىٰ عَنكَ ٱلْيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ﴾

***«Яхудий жана насронийлер, алардын динине кирмейинче эч качан сенден ыраазы болушпайт»*** [Бакара: 120]

Эй, мусулмандар!

«Диндер биримдиги», «диндер ортосунда диалог», «боорукеңдик», «тынчтык жана мамилелерди нормалдаштыруу» сыяктуулар абдан кооптуу. Алардын кооптуулугу – бул аталыштардан Ислам дининин өздүгүн жок кылуу жана мусулмандардын жүрөгүнөн исламий белги жана аркандарды өчүрүү көздөлгөн. Бул мусулман кишинин Исламды бекем кармоо жана аны менен сыймыктануу шыгын солгундатат. Кала берсе, абал Исламдан чыгып башка динге өтүүнү т.а. Аллах сактасын, динден чыгууну арзыбагандай саноого чейин жетиши да мүмкүн.

Батыш сионисттеринин ушул бардык алдоолору жана анын чоң кооп-коркунучтары колонизаторлукту бекемдөө, исламий өздүктүн курамдык бөлүктөрүн бузуп, байланыштарын үзүүдөн келип чыгат. Ушундай көрүнүштө яхудийлер менен Батыштын кызыкчылыгы үчүн Ислам Умматына жана Ислам калктарына өкүмдарлык кылуу жеңилдейт.

Батыл ээлери акыйкатты тамыры менен жок кылуу, ага жана анын ээлерине зыян жеткирүү аракеттерин токтотпогон жана таптакыр токтотпойт.

Ошондуктан, хак ээлери өзүнүн хак динин бекем кармашы, колунан келгенче коргошу о.э. Умматты тавхид байрагы жана мусулмандардын Халифасынын жетекчилиги астында бириктирүү үчүн козголушу лазым. Анткени, халифа калкан болуп, аны менен коргонулат, анын артында туруп согуш алып барылат жана дин корголот. Батыштын зулумунан жана тузактарынан нажат табуу о.э. мусулмандардын азиздигин, биримдигин жана даңкын кайра тикелөө жалгыз ушул дин аркылуу болот.

﴿ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ﴾

***«Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, ниъматымды кемчиликсиз, толук кылып бердим жана силер үчүн*** *(бир гана)* ***Исламды дин кылып тандадым»*** [Маида: 3]

﴿وَلِلَّهِ ٱلۡعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِۦ وَلِلۡمُؤۡمِنِينَ وَلَٰكِنَّ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Күч-кудурет Аллахтыкы, Расулунуку жана момуандардыкы, бирок, мунафыктар*** *(муну)* ***билишпейт»*** [Мунафикун: 8] ❑

## УЛАМАЛАР ЧЕЧҮҮЧҮ РОЛДУ ОЙНОШОБУ? (2)

**Абдуррахман Амирий – Яман**

**Суфян Саврий жана халифа Махдий:**

Имам Суфян Саврий айтат: Халифа Махдий хаж кылгандан кийин Суфян менен жолукпасам болбойт деди. Ошондо алар үйдүн айланасына күзөтчү коюп, түнү мени алып кетишти. Анын алдына барганда, ал мага: «Эмне үчүн келбедиңиз, келсеңиз, сизден иштерибиз жөнүндө кеңеш сурап, буюрганыңызды аткарып жана кайтарууңуздан кайтат элек», - деди. Мен: «Бул сапарыңызга канча сарптадыңыз?», - деп сурадым. «Билбейм, менин ишеничтүү адамдарым жана өкүлдөрүм бар», - деди. Ошондо мен айттым: «Эртең Аллахтын алдында турганыңызда ушинтип сураса, эмне үзүрүңүз бар? Умар ибн Хаттаб ﵁ хаж кылгандан кийин кызматкеринен: «Бул сапарыбызда канча чыгым кылдың», - деп сурайт. Кызматкери: «Эй, момундар амири, он сегиз динар», - дейт. Ошондо азирети Умар: «Шоруң курусун, мусулмандардын Байтулмалына зыян жеткириптирбиз го?!», - дейт. Мен Мансур Асвад ибн Алкамадан, ал болсо Ибн Масъуддан кылынган риваятты уккам, анда Расулуллах ﷺ айтты:

«رُبّ مُتَخَوّضٍ فِي مَالِ اللهِ وَمَالِ رَسُولِ اللهِ فِيمَا شَاءَتْ نَفْسُهُ لَهُ النّارُ غَداً»

«**Аллах жана Расулунун малын нафси каалаганча иштеткен кээ бир адамдар бар, эртең алар үчүн тозок болот**»”. Ошондо Махдийдин катчысы Абу Убайда: «Момундар амирине да ушундай мамиле кылынабы?», - дейт... Суфян Абу Убайдага: «Сен унчукпай тур», - деп: «Фиръавн Хаманды, Хаман Фиръавнды өртүргөн», - деп күчтүү мумин жана мусулмандын жообун айткан. (Устаз Ахмад Шакирдин Муснады, биринчи бөлүм, Вафийятул аъян, 2/387-бет).

**Саврийдин экинчи позициясы:**

Бир күнү халифа Махдий Хайзаранга: «Сизге үйлөнмөкчүмүн», - деди. Хайзаран: «Мага үйлөнүшүңүз жаиз эмес», - деп жооп берди. Халифа: «Таптакыр андай эмес», - дегенде, аял: «Ортобузга каалаган кишиңизди чечим чыгаруучу кылыңыз», - деди. Махдий: «Суфян Саврийге макулсузбу?», - дегенде: «Ооба», - деп жооп берди. Халифа Суфянга элчи жиберип: «Умму Рашид мага үйлөнүшүңүз жаиз эмес», - деп жатат, акыры Аллах Таала:

﴿فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۖ﴾

***«Эгер, адилеттик кыла албастыктан корксоңор, силер үчүн никеси халал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле»*** [4:3]

деген го», - деп сүкүт кылды. Суфян: «Яттын уландысын да окуңуз, себеби, силер адилеттик кыла албайсыңар», - деп жооп берген. Саврий бул жерде Аллах Тааланын:

﴿فَإِنْ خِفْتُمْ أَلَّا تَعْدِلُواْ فَوَاحِدَةً﴾

***«Эми, эгер*** *(алардын арасында)* ***адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор бир аялга*** *(үйлөнгүлө)****»*** [4:3]

деген калимага ишара кылган. Ошондо Халифа Суфянга он миң дирхам берүүнү буйруган, Суфян аларды алуудан баш тарткан. (Вафийятул аъян, 2/389).

**Анын үчүнчү позициясы:**

Каъкаъ ибн Хаким айтат: Махдийдин алдында элем, өз кылымынын улуу уламаларынын бири Суфян Саврий келди. Суфян Махдийдин алдына киргенден кийин ага салам берди, бирок, саламда «халифа» сөзүн кошкон жок. Робиъ анын баш тарабында, анын буйругун күтүп, кылычына таянып турган. Махдий кадыржам жүз менен ага жакындашып айтат: «Эй Суфян, айланаңызды караңыз, сизге бирер жамандыкты каалансак, аны кыла албайт, деп ойлойсузбу? Биз ага азыр да кудуреттүүбүз. Сизге өз каалоо-нафсибизден келип чыгып өкүм кылышыбыздан коркпойсузбу?». Суфян: «Эгер, сиз мага өкүм кылсаңыз, сизге акыйкат менен батылды бөлүүчү кудуреттүү падыша өкүм кылат», - деди. Робиъ: «Эй момундар амири, бул наадан сизге ушундай мамиле жасайбы, урухсат бериңиз, башын алып салайын?!», - деди. Махдий айтты: «Үнүңдү өчүр, шоруң курусун, бул жана ага окшогондор биз аларды өлтүрүшүбүздү жана алардын бактысы үчүн азап чегишибизди каалап жатышат. Анын Кафа казылыгына дайындалышы жана бул нерсеге каршы чыкпашы туурасында буйрук жаз». Буйрук жазылып, Суфянга карматылды, бирок, Суфян сыртка чыгып, буйрукту Дажла дарыясына ыргытып, адамдардын назарынан кайып болду. Аны бардык өлкөлөрдөн издешти, бирок, таба алышкан жок. Ошондон улам анын ордуна Шарик Нахаий казы болду. (Тазкиратул Хуффаз китеби, 1/160, Вафийятул Аъян, 2/390).

**Анын төртүнчү позициясы:**

Улуу аалым Суфян Саврий Абу Жаъфар Мансурдун алдына киргенде: «Муктаждыгыңыз болсо, мага айтыңыз», - деди. Суфян

ага: «Аллахтан коркуңуз, жер жүзү зулум ажна зомбулукка толук кетти», - деп жооп берди. Мансур башын ийип, суроосун дагы кайталады. Суфян ага: «Сиз бул кызматка мухажир жана ансарлардын кылычы менен олтургансыз, алардын балдары ачкадан өлүп жатат, Аллахтан коркуңуз, алардын укуктарын коргоңуз», - деп жооп берди. Мансур шүгүр кылып башын ийди жана суроосун дагы кайталады. Бирок, Суфян ал жерден чыгып кетти. (Бешинчи бөлүмдүн жаңыланган бөлүгү, 120-бет).

**Хаммад ибн Салама жана Мухаммад ибн Сулайман:**

Ибн Сулайман айтат: Мен Хаммад ибн Саламанын алдына кирдим, үйүндө бойродон башка эч нерсе жок эле, Хаммад колуна Куръанды алып окуп олтурган. Дагы ал жерде тыйын салынган калта жана даарат ала турган идиш турган. Мен ал жерге кирип отурганда, кимдир бирөө эшикти такылдатты. Хаммад Хабибага: «Эй Хабиба, чыгып кара, ким экен?», - деди. Хабиба: «Мухаммад ибн Сулаймандын Хаммад ибн Саламага жиберген элчиси экен», - деди. Элчиге кирүү үчүн урухсат берилди. Элчи салам бергенден кийин: «Амма баъд, Аллах Өз авлияларын жана итаат кылуучуларын берекелүү кылгандай, сизди да берекелүү кылсын. Бир маселе жөнүндө сизден суроо үчүн келдик», - деди. Хаммад: «Эй Хабиба, сыя идишти алып кел», - деди.

Хаммад мага айтты: «Каттын артына минтип жаз: Амма баъд, Аллах Өз авлияларын жана итаат кылуучуларын берекелүү кылган нерсе менен сизди да берекелүү кылсын. Биз уламалар адамдардын алдына барышканын көрбөгөнбүз. Эгер, сизде бирер маселе пайда болсо, өзүңүз келиңиз  жана каалаган маселеңизди сураңыз. Менин алдыма келмекчи болсоңуз, атыңыз менен да, адамдарыңыз менен да келбеңиз...». Ибн Сулайман айтат: Мен ошол жерде отурган элем, көп убакыт өтпөй эшик дагы такылдады. Хаммад: «Эй Хабиба, кара, ким экен?», - деди. «Мухаммад ибн Сулайман экен», - деди Хабиба. Хаммад: «Өзү жалгыз кирсин», - деди. Мухамммад ибн Сулайман анын алдына кирип отуруп: «Мага эмне болду, сизге карасам, коркуп жатамын!», - деди. Хаммад айтты: «Мага Сабит Бананий Анастын мындай дегенин риваят кылган. Анас айтат: Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уккам:

«إِنَّ الْعَالِمَ إِذَا أَرَادَ بِعِلْمِهِ وَجْهَ اللهِ هَابَهُ كُلُّ شَيْءٍ، وَإِذَا أَرَادَ أَنْ يَكْنِزَ الْكُنُوزَ هَابَ مِنْ كُلِّ شَيْءٍ»

«**Эгер, аалым өзүндөгү илим менен Аллахтын ыраазылыгын кааласа, Аллах аны бардык нерседен коркпой турган кылып коёт. Эгер, аалым** (өзүндөгү илим менен) **дуня топтоону кааласа, аны бардык нерседен корко турган кылып коёт**». Мухаммад ибн Сулайман Хаммадга: «Аллах сизге мээримин төксүн», - деп минтип суроо берди: «Бир киши жөнүндө эмне дейсиз, анын эки уулу бар, бирок, алардын бирине көбүрөөк ыраазы болгон жана тирүүлүгүндө өз мал-мүлкүнүн үчтөн эки бөлүгүн ошого бермекчи?».

Хаммад айтты: «Аллах сизге да мээримин төксүн. Киши деген андай кылбайт. Себеби, мен Анастын Расулуллахтан мындай дегенин уккам:

«إِذَا أَرَادَ اللهُ أَنْ يُعَذِّبَ عَبْدًا مِنْ عِبَادِهِ فِي حَيَاتِهِ وَفَّقَهُ إِلَى وَصِيَّةٍ جَائِرَةٍ»

«**Эгер, Аллах пенделеринин бирин тирүүлүгүндө азаптоону кааласа, ага адилетсиз осуят калтырууга жолдоп коёт**». Мухаммад ибн Сулайман Хаммадга мал-мүлк сунуштаганда, ал кабыл албады. Ошондо Мухаммад ибн Сулайман ал жерден чыгып кетти. («Ал-Ислам байнал улама вал хуккам» китеби, 99-бет).

**Салих Маррий менен Махдий:**

Махдий Салихти чакыртты. Ошондо Салих Махдийдин алдына кирип, мындай деди: "Эй момундар амири, бүгүн сизге айта турган сөздөрүмдү Аллах үчүн көтөрүңүз-сабыр кылыңыз. Себеби, адамдардан Аллах Таалага эң жакыны – катуу насаатты көтөрө алганы. Расулуллахка жакын болгон киши – анын ахлагын мурас кылып алууга жана хидаятына ээрчүүгө ылайык киши. Чындыгында, Аллах Таала сизге илимди түшүнүү жана далилди ачыктап берүүнү мурас кылып берген. Демек, сизде эч кандай үзүр жок. Кандай шылтоолорду айтпаңыз же Аллах тарабынан эч кандай негизи жок күмөнгө барбаңыз, сизге Аллахтын каары түшпөй калбайт. Анын бул каары илимге канчалык көз жумганыңызга жана канчалык батыл күмөн келтиргениңизге жараша болот. Эсиңизде болсун, Расулуллах ﷺ анын Умматына тескери жол туткан жана Умматтын өкүмдөрүн бузуп көрсөткөн адамга – душман. Ким Мухаммад ﷺга душман болсо, Аллах да ага душман болот. Демек, Аллах жана Расулуна душман болбоо үчүн ушундай хужжат табыңыз, ал сизге нажатты кепилдей алсын жана сизди кыйроодон сактай алсын... Кыямат күнү Аллахтын китебин жана Расулунун сүннөтүн бекем кармаган кишиледин кадамы бекем болот. Сиз сыяктуулар жаңы-жаңы күнөө иштер менен

кибирленбейт, бирок, аларга жамандык жакшылык кылып көрсөтүлөт жана ага кыяматта саткын уламалар күбөлүк берет, дүйнө ушундай тузак менен кесиптештериңизди кармайт. Ошондой болгон соң, кооз бекемдик көрсөтүңүз, ошондо вазыйпаңыз кооз аяктайт...». Муну уккан Махдий ыйлады. Андан кийин Салихге бирер нерсе берүүнү буюрганда, ал аны албады. Кээ бир жазуучулар бул икаяны Махдий деванында жазылган абалда көргөнүн айтат. (Вайиятул Аъян, 2/494).

**Имам Малик менен Жаъфар ибн Сулайман:**

Имам Маликти халифа Абу Жаъфар Мансурдун абасы Жаъфар ибн Сулайман ибн Али ибн Абдуллах ибн Аббастын алдына алып келип: “Имам Малик сиздин байъатыңызды эч нерсе эмес деп эсептеп жатат”, - дешти. Ошондо Жаъфардын ачуусу келип, аны чакыртты жана чечиндирип, камчы менен сабады... Имам Маликтин колун тартышканда желкеси чыгып кетти. Жаъфардан оор кыйноолорго учурады, бирок, ошондой болсо да жогору намыстуулуктан жана айкөлдүктөн башка нерсени көрсөткөн жок. Ибн Жавзийдин «Шузузул укуд» китебинде айтылгандай, 147-жылы Жаъфар Малик ибн Анасты султандын максатына туура келбей турган фатва чыгарганы үчүн жетимиш дарра урган. (Вафийятул аъян китеби, 4/137).

**Фузайл ибн Ияз менен Харунар Рашид:**

Фузайл ибн Робиъ икая кылат: Бир күнү үйүмдө кийимдеримди чечип, уктоого даярданып жаткан элем, кокусунан эшигимди каккылап калышты. Тынчсызданып: «Ким?!», - дедим. Эшикти такылдаткан адам: «Момундар амири чакырып жатат, чыгыңыз», - деди. Мен шашылып, чалынып, мүдүрүлүп чыксам, эшигимдин алдымда жүзү капалуу, кабагын салып Харунар Рашид турат. Мен: «Эй момундардын амири, адам жиберсеңиз барат элем?!», - дедим. «Шоруң курусун! Жүрөгүмдү бир нерсе өйкөп уйкумду бузду, абийиримди кыйнады, мындан сиздин захид таква уламаларыңыздын бири гана арылта алат, демек, мага ушул жөнүндө сурай турган кишини көрсөтүңүз», - деди. Ибн Робиъ икаясын улантты: Мен аны Фузайл ибн Ияздын алдына алып бардым. Баргандан кийин Харунар Рашид: «Мени анын алдына алып кириңиз», - деди. Биз анын алдына кирсек, ал бөлмөсүндө намазда кыямда туруп, Аллах Тааланын ушул аятын тилават кылып жаткан экен:

﴿أَمۡ حَسِبَ ٱلَّذِينَ ٱجۡتَرَحُواْ ٱلسَّيِّـَٔاتِ أَن نَّجۡعَلَهُمۡ كَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ سَوَآءٗ مَّحۡيَاهُمۡ وَمَمَاتُهُمۡۚ سَآءَ مَا يَحۡكُمُونَ﴾

***«Балким, жамандык-күнөөлөрдү кесип кылган кишилер, Биз аларды да ыйман келтирген жана жакшы иштерди кылган заттар сыяктуу кылышыбызды жана тирүүлүктөрү да, өлүмдөрү да** (тактап айтканда, дүнялары да, Ахыреттери да момундар менен) **тең болушун ойлошоор?! Канчалык жаман** (туура эмес) **өкүм кылып жатышат ээ?!»*** [45:21]

Ошондо Харунар Рашид: «Эгер, бир нерседен пайдалансак, ошонун өзү жетиштүү», - деди. Андан кийин мен эшикти такылдаттым, Фузайл: «Ким ал?», - деди. Мен: "Момундар амири чакырып жатат», - дедим. Фузайл: «Момундар амири менен ортобузда эч кандай нерсе жок», - деди. Мен: «Субханаллах, сиз ага итаат кылышыңыз важиб эмеспи?!», - дедим. Ошондон кийин ал түшүп, эшикти ачты, кийин бөлмөсүнө чыгып, чыракты өчүрдү жана бөлмөсүнүн бир бурчуна жашынды. Андан кийин биз колдорубуз менен сыйпалап, аны издей баштадык жана Харунар Рашиддин колу анын колуна тийди. Ошондо ал: «Бул колдор өтө жумшак экен, алар эртең Аллахтын азабынан нажат табышын тилейбиз», - деди. Ибн Робиъ айтты: Мен ичимден: «Бүгүн түнү Фузайл менен чын жүрөктөн жана чынчыл сөздөр менен сүйлөшкөнүм болсун», - деп койдум. Харунар Рашид: «Биз сизге алып келген нерселерден алыңыз, Аллах берекесин берсин», - деди.

Фузайл айтты: «Сиз алып келген нерсеге келсек, чындыгында, өзүңүздүн үстүңүздө бардык жарандын күнөөсү турат. Себеби, сиз аларды кор-зар абалга салдыңыз. Кыямат күнү бардык кызматкерлериңиз жана валийлериңиздин күнөөсү да сизге кошулат. Себеби, алар да зулум жана зомбулукту сиз менен кылышкан... Ага карабастан, эсеп күнүндө сизден эң тез кача турган жана сизди эң жаман көрө турган кишилер ошолор болот. Сиз ал тургай өзүңүздүн жана алардын күнөөлөрү ашкере болуп калган ошол күндө бул дүйнөдө кылган күнөөлөрүңүздүн бөлүгүн көтөрүшүн алардан суранасыз... Бирок, алар макул болушпайт. Себеби, бул дүйнөдө сизди эң көп сүйгөн адам, ал убакта сизден эң көп качкан адамга айланат».

Фузайл сөзүн улантты: «Умар ибн Абдулазиз Халифалыкка олтурган күнү салих уламалардан болгон Салим ибн Абдуллахты,

Мухаммад ибн Каъб жана Ражаъ ибн Хайваларды чакырып, мындай деген: «Мага да ушул балээ жетти, мага насаат кылгыла». Караңыз, Умар ибн Абдулазиз Халифалыкты балээ деп жатат... Бирок, сиз жана досторуңуз Халифалыкты ниъмат деп эсептедиңиз. Салим ибн Абдуллах Умар ибн Абдулазизге мындай насаат кылды: «Эгер эртең Аллахтын азабынан аман калууну кааласаңыз, чоң жаштагы мусулмандарды өзүңүзгө ата, орто жаштагыларды ага-ини жана кичине жаштагыларын өзүңүзгө бала тутунуңуз. Ошондон кийин атаңызды урмат кылыңыз, иниңизге ызат көрсөтүңүз жана балаңызга ырайым кылыңыз». Ражаъ ибн Хайва айтты: «Эртең Аллахтын азабынан аман болоюн десеңиз, өзүңүзгө жакшы көргөндү мусулмандарга да жакшы көрүңүз жана өзүңүзгө жаман көргөн нерсени аларга да жаман көрүңүз. Ошондон кийин гана кааласаңыз өлүшүңүз мүмкүн»». Фузайл сөзүн улантып: «Менин сизге айтчу сөзүм, эй Харунар Рашид, мен сиз үчүн буттар тайыла турган күндөн корком», - деди... Харунар Рашид ыйлап жиберди. Ибн Робиъ айтат: Мен Фузайлга: «Момундар амирине ырайым кылыңыз», - дедим.

Ал: «Аны сиз жана досторуңуз өлтүрүп жатасыңар, мен ага ырайым кылайынбы?!», - деди. Андан кийин айтты: «Эй сулуу жүздүү адам, Кыяматта Аллах Таала бул калк жөнүндө сизден сурайт... Демек, ушул жактан бул сулуу жүзүңүздүн кара болушунан сактап кала алсаңыз, сактап калыңыз. Эртеби-кечпи жарандарыңызды алдоодон этият болуңуз. Себеби, Расулуллах ﷺ айткан:

«مَا مِنْ عَبْدٍ يَستَرْعِيهِ اللهُ رَعِيّةً، يَمُوتُ يَوْمَ يَمُوتُ وَهُوَ غَاشٌ لِرَعِيّتِهِ، إِلّا حَرّمَ اللهُ عَلَيْهِ الجَنّة»

«**Аллах кимди жаранга башчы кылып, ал бир күн келип ушул жаранын алдап өлсө, Аллах ага бейишти харам кылат**». Бул сөздөрдү угуп Харунар Рашид дагы ыйлады жана Салимден: «Карызың барбы?», - деп сурады. Салим: «Ооба, Роббимден карызым бар, Роббим аны эсеп-китеп кылбады, эгер Роббим ал жөнүндө сураса, шорум куруйт, эгер хужжат келтире албасам, шорум куруйт», - деди.

Харунар Рашид: «Мен пенделер алдындагы карызыңызды сурап жатам», - дегенде, Салим айтты: «Роббим ага буюрбаган, балким, Аллах Азза ва Жалла айтты:

﴿وَمَا خَلَقْتُ ٱلْجِنَّ وَٱلْإِنسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ ۞ مَآ أُرِيدُ مِنْهُم مِّن رِّزْقٍ وَمَآ أُرِيدُ أَن يُطْعِمُونِ ۞ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلرَّزَّاقُ ذُو ٱلْقُوَّةِ ٱلْمَتِينُ﴾

***«Мен жин жана инсанды жалгыз Өзүмө сыйынсын үчүн гана жараттым. Мен алардан эч бир ырызкы тилебейм жана алар Мени тамактандырууларын да тилебейм. Анткени Аллахтын Өзү гана ырызкы берүүчү, күч-кубат Ээси жана Кудуреттүү»*** [51:56-58]”.

Харунар Рашид Салимге: «Мына сизге миң динар, алыңыз, үй-бүлөңүзгө сарфтаңыз жана аны менен ибадат кылууда күч-кубаттуу болуңуз», - деди. Салим: «Субханаллах, мен сизге нажат жолун көрсөтүп жатам, сиз болсо мени ушундай нерсе менен сыйламакчысызбы?», - деди. Ибн Робиъ айтат: Биз ал жерден чыкканыбызда Харунар Рашид айтты: «Эгер, мени бирер кишиге жолдомокчу болсоңуз, мына ушундай кишилерде жолдоңуз. Себеби, Салим – бүгүнкү мусулмандардын саййиди». Бухарий муну «Иман» китебинде риваят кылган. («Сияру аълямун нубалаъ» китеби, 8/378).

**Шуайб ибн Харб жана Харунар Рашид:**

Шуайб ибн Харб айтат: Меккенин жолунда бара жатып капыстан Харунар Рашидди көрүп калдым. Мен өзүмө: «Маъруфка буюруп, мункардан кайтаруунун убактысы келди», - дедим. Бирок, нафсим мага: «Жок, андай кылба, себеби, бул күчтүү адам, эгер аны мажбурласаң, башыңар урат», - деди. Мен: «Жок, андай кылбасам болбойт», - деп, ага жакындашып: «Эй Харунар Рашид, Умматка зыян жеткирдиңиз жана айбандарын кыйнадыңыз», - деп кыйкырдым. Ал: «Андай болсо, акыңызды алыңыз», - деди.

Харунар Рашиддин алдына кирсем, күрсүсүндө отуруп, колунда бир жыгачты ойноп жаткан экен. Мага: «Кимсиз?», - дегенде, мен: «Адамдардын арасында эң өткүнчүсүмүн», - деп жооп бердим. Ал «Энеңиз сизди кимден куру калтырды?», - деди. Мен: «Перзенттерден», - дедим. «Мени ысымымды айтып чакырууга эмне мажбур кылды?», - деди. Мен: «Мен Аллахты да аты менен чакырып, «эй Аллах, эй Рахман» деймин, а сизди ысымыңыз менен чакырышымдан мени эмне кайтарсын. Аллах Өзүнүн китебинде эң жакшы көргөн пендесин Мухаммад деп атады, эң жаман көрөн пендесине болсо Абу Лахаб деп лакаб берди», - дедим. Ошондо ал: «Бул кишини чыгарып жибергиле», - деп буйрук берди. («Вафийятул аъян», 2/470).

**Мунзир ибн Саид менен халифа Насир:**

Купуя ысымы Аллахтын динине нусрат берүүчү болгон халифа Абдуррахман Захрадагы имаратты курууга шыктануу менен киришти. Аны куруу жана кооздоо үчүн мамлекеттин малынан чоң каражат бөлдү. Түпкүлүгүндө, ал заңгыраган сарайлардан башка нерсе эмес эле. Халифа аны куруу жана кооздоо иштерине өзү баш болгондуктан бир жолу жума намазынан да калды. Мунзир ибн Саид жума хутбасына жана казылыкка жооптуу эле. Мунзир ибн Саид Аллах уламаларга фарз кылган нерседе кайдыгерлик кылуунун акыбетинен кутулуу максатында Халифа Насирди Захра шаарындагы ысырапкорчулуктары жана сарп-каражаттары үчүн мухасаба кылууну чечти. О.э. мухасабаны Захра мечитиндеги адамдар алдында кылууну каалады. Жума күнү болгондо минбарга чыкты, мечитте адамдар толо болуп, алардын арасында халифа Насир да бар эле. Ал хутбаны баштаганда Аллах Тааланын ушул аятын тилават кылды:

﴿أَتَبْنُونَ بِكُلِّ رِيعٍ ءَايَةً تَعْبَثُونَ ١٢٨ وَتَتَّخِذُونَ مَصَانِعَ لَعَلَّكُمْ تَخْلُدُونَ ١٢٩ وَإِذَا بَطَشْتُم
بَطَشْتُمْ جَبَّارِينَ ١٣٠ فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُونِ ١٣١ وَٱتَّقُواْ ٱلَّذِيٓ أَمَدَّكُم بِمَا تَعْلَمُونَ ١٣٢ أَمَدَّكُم
بِأَنْعَٰمٍ وَبَنِينَ ١٣٣ وَجَنَّٰتٍ وَعُيُونٍ ١٣٤ إِنِّيٓ أَخَافُ عَلَيْكُمْ عَذَابَ يَوْمٍ عَظِيمٍ﴾

***«Силер ар бир дөңсөөгө оюн-күлкү үчүн бир белги-бийик имарат кура бересиңерби?! Дагы кудум түбөлүк жашап кала тургандай ак-сарайлар саласыңар?! Качан*** *(бирер кишини жазалоо үчүн)* ***кармасаңар, ырайымсыз кармайсыңар?! Демек, Аллахтан корккула жана моюн сунгула! Жана силерди өзүңөр биле турган ниъматтар менен колдогон-сыйлаган Заттан*** *(Аллахтан)* ***корккула! Ал силерди үй айбандары жана уулдар менен, бактар жана булактар менен колдоду го! Албетте, мен силердин үстүңөрдөгү улуу күндүн-Кыяматтын азабы түшүүсүнөн корком»»*** [26:128-135]

Андан кийин ал курулуштагы ысырапкорчулукту кескин каралап, Аллах Тааланын ушул аятын окуду:

﴿أَفَمَنْ أَسَّسَ بُنْيَٰنَهُۥ عَلَىٰ تَقْوَىٰ مِنَ ٱللَّهِ وَرِضْوَٰنٍ خَيْرٌ أَم مَّنْ أَسَّسَ بُنْيَٰنَهُۥ عَلَىٰ شَفَا جُرُفٍ
هَارٍ فَٱنْهَارَ بِهِۦ فِي نَارِ جَهَنَّمَ ۗ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِي ٱلْقَوْمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Анан бул курулуштарын Аллахтан коркуу жана Анын ыраазылыгынын негизине курган адам жакшыраакпы же курулуштарына жемирилип бара жаткан жар жакасын негиз***

***кылып алып, ошол себептүү өзү да тозок отуна кулаган адамбы?! Аллах мындай залим коомду хидаят кылбайт»*** [9:109]

Ал ошол жерде келген бардык адамдарды эскертип, баш ийишкенге чейин аларды коркутуу, эскертүү жана мухасаба кылууну улантты. Мындан эң көп үлүштү халифа Насир алды. Чындыгында халифа Насир бул сөздөр ага каршы айтылып жатканын түшүндү жана ылайды, ысырапкорчулугуна бушайман болду. Бирок, уккан оор сөздөрдү жана ачык мухасабаны жүрөгү көтөрө албады, ошон үчүн уулу Хакамга шикаят кылып: «Имам өз хутбасында мени айтты жана мени ашына сындап, тилдеди», - деди... Имамдын сөздөрүн эстеген сайын ачуулана берди жана бул үчүн аны жазаламакчы болду! Т.а. анын артында жума намазын окубоого ант ичти, жума намазын Куртуба мечитинин хатиби Ахмад ибн Мутаррифтин артында окуй турган болду. Уулу Хакам атасы Захра сарайына жана ал жерде намаз окууга байланып калганын көргөн соң, атасына: «Эгер жаман көрсөңүз, Мунзирди намаздан четтетүүдөн сизди эмне тосуп жатат?», - деди. Бирок, халифа Насир уулун тескеп, мындай деди: «Илимде, фазилет жана жакшылыкта теңи жок Мунзир ибн Саид рушду хидаяттан тайган жана адилет тарапка жүрбөгөн нафсты ыраазы кылуу үчүн четтетилеби? Андай болбойт. Мен Мунзирдей таква жана чынчылдыкты колдоочу адамды жума намазындагы имамдыктан алып салуудан Аллахтан уяламын. Бирок, ал мени кыжалат кылды, анын артында жума намазын окубоого ант ичтим, кана эми, антымдан чыгып, мал-мүлкүм менен каффарат берүүгө жол тапсам. Мунзир өзүнүн жашоосунда жана биздин жашообузда адамдарга намаз окуп берүүнү улантат, инша Аллах. Мен андан түбөлүк капа боломун деп ойлобоймун». Захра курулушундагы ысырапкорчулуктар үстүндө шейх Мунзир ибн Саид халифа Абдурахманды мухасаба кылышы натыйжасында экөөсүнүн ортосунда ажырым күчөгөн соң, анын уулу Хакам алардын ортосундагы келишпестикти токтотмокчу болуп, халифанын алдында шейхтен кечирим сурады.

Хакам айтат: «Эй момундар амири, ал салих кишилерден жана ал жакшылыкты гана каалаган. Эгер, сиз эмне сарфтаганыңызды жана ал имаратты абад кылганыңызды көргөндө, сизди актамак». (Бул жердеги имарат – бул Насир Захра шаарында дубалы күмүштөн, бир бөлүгү алтын менен капталган жана шыбына кишинин көз жоосун алган сары жана аппак түстүү алтын

капталган күмбөз). Уулу мындай дегенден кийин көрпөчө төшөөнү буйруп, өз мамлекетинин кызматкерлери менен бирге отурду. Андан соң ал жакындарына жана вазирлерине: «Менден мурун бирер падышанын мендей ишти кылганын көргөнсүңөрбү же укkансыңарбы?!», - деди. Алар: «Аллахка ант, жок, таптакыр, эй момундар амири, бул иште сиз жалгызсыз», - дешти. Алар ушинтип турушканда Мунзир ибн Саид башын ийип кирип келди. Ал жыйынга келип кошулгандан кийин халифа ага да өз жакындарына айткан сөзүн айтты. Бирок, бул абалды көргөн Мунзирдин көзүнөн жаш агып, сакалын суу кылды... Ал айтты: «Аллахка ант, эй момундар амири, шайтан сизге карата бул даражага жетет деп ойлобогон элем. О.э. шайтан сизди тизгиндеп алат, Аллах сизге мусулмандар алдында берген фазилатынын даражасынан кафирлердин даражасына түшүрүп жиберет, деп ойлобогон элем». Халифа анын сөздөрүнөн титиреп, ага: «Оозуңа карап сүйлө, эмнеге Аллах мени кафирлердин даражасына түшүрөт экен?!», - деди.

Мунзир: «Ооба, бирок, Аллах Таала айтат:

﴿وَلَوۡلَآ أَن يَكُونَ ٱلنَّاسُ أُمَّةً وَٰحِدَةً لَّجَعَلۡنَا لِمَن يَكۡفُرُ بِٱلرَّحۡمَٰنِ لِبُيُوتِهِمۡ سُقُفًا مِّن فِضَّةٍ وَمَعَارِجَ عَلَيۡهَا يَظۡهَرُونَ﴾

***«Эгер** (ыймансыз кишилердин бай-дөөлөттүү, төгүл-чачылдыкта жашап жаткандарын көрүшүп, бардык)* ***адамдар бир улут** (т.а. кафир)* ***болуп алуулары болбогонунда эле, албетте, Биз Рахманга кафир боло турган кишилер үчүн үйлөрүнүн шыптарын да, ага чыга турган шатыларды да күмүштөн кылып койгон болоор элек»*** [43:33]".

Муну уккан халифа ызааланып, башын терең ийди, көзүнүн жаштары сакалына агып түштү. Андан кийин Мунзирге карап: «Аллах сизди дин үчүн жакшылык менен сыйласын, сиздин сөздөрүңүз акыйкат», - деди. Андан соң, жыйындан чыгып күмбөздүн шыбын бузууну буюрду. Кубба амири аны башкача көрүнүштө ылайдан жасаттырды. (Бул Устаз Абдулхамид Ибадийдин «Халифа менен казы ортосунда» деген макаласында «Азхар» журналында, 1371-жылы, рамазан айындагы санында келген. «Ал-Ислам байнал улама вал хуккам» китеби, 93-бет).

**Абдулкадир Кайланий менен Муктафи:**

Шейх Абдулкадир Кайланий минбарда туруп халифа Муктафи Лиамриллахты мухасаба кылды. Ал «Мазахимдин уулу залим» деп таанылган Яхя ибн Саидди казы кылып дайындаганына каршылык билдирди. Шейх халифага: «Мусулмандарга залимдердин залимин жетекчи кылдыңыз, эртең ырайымдуулардын ырайымдуусу алдында буга кантип жооп бересиз?», - деди. Халифа сестенип, ошол замат ал адамды кызматтан бошотту. ❑

## Австралиялык ырчы кыз Саудиядагы концерт учурунда Аллахтын сыфатына асылды

Австралиялык репер жана порно ырчы, бийчи Игги Азалия Эр-Рияздa берген концертинде адамдардын катуу ачуулануусун жаратты. Ырчылардын концертин өткөрүү үчүн Саудия режими тарабынан алынып келген Азалия сахнага уятсыз кийимде чыгып, Ислам дининин таалиматтарына тескери ыр ырдады жана Аллахтын затын-сыфаттарын акаараттаган, мусулмандардын туйгуларын козгогон сөздөрдү айтууга батынды... Ырчы «Gamers Season» иш-чаралардын сегизинчи аптасынын алкагында Эр-Рияздагы «Boulevard City» аймагында болуп өткөн ушул концертинде сахнага уятсыз көрүнүштө чыгып, шымын айрып салуу менен кеңири талкууларга себеп болду. Сахнада шымын жырткандан кийин социалдык тармактарда ушул аракетине каршылык күч алышы жана блогерлер тарабынан катуу чабуулдарга учурашы артынан Саудия режими Азалиянын Эр-Рияздагы иш-чараларын улантышына тыюу салды жана пландалган мөөнөттөн мурун токтотту.

**Ал-Ваъй:** мусулмандардын бул ачуулануулары Саудия режимине багытталышы керек. Себеби, Аллах Кыямат күнүнө чейин кафирлердин ыпластыгынан таза сакталышын каалаган бул эң ыйык жерде Азалия жана андан да жамандардын динибиздин урматын тебелешине дал ушул Сауд режими жол берүүдө.

## «Ассошиэйтед Пресс»: тез арада Эмираттарда кумар оюну башталат

Бириккен Араб Эмираттары «соода оюндары» деп айтылган улуттук лотерея оюндарын башкаруу үчүн атайын федералдык комиссия түзүлгөнүн билдирди. «Ассошиэйтед Пресс» маалымат агенттигинин хабарына ылайык, бул ушуну түшүндүрөт, Эмираттар кумар оюндарына уруксат берүү алдында турат жана эртең ири казино операторлору Фарс булуңу мамлекеттерине агып келиши күтүлүүдө. «WAM» Эмираттардын расмий маалымат агенттиги бул федералдык комиссия түзүлгөнү тууралуу жекшемби күнү кечинде жарыялады жана комиссияга Кевин Маллалли аткаруучу директор болуп дайындалды. Бул адам мурун АКШнын Миссури штатында казино оюндарын башкаруу комиссиясынын аткаруучу директору болуп иштеген. Эмираттардын акимияты комиссиянын

башкаруу кеңешинин төрагасы катары Жим Моренди дайындады. Жим Морен мурун казинолорду башкарган «MGM Resorts International» компаниясында башкаруу төрагасы жана аткаруучу директор болуп иштеген. «Ассошиэйтед Пресс» агенттиги баса белгилегендей, акча табууда жана туризм секторун өнүктүрүүдө казинолорго көңүл буруу көптөн бери Эмираттарда, айрыкча Дубайда күч алган. 2022-жылы Эмираттар өлкөнүн түндүгүндө жайгашкан Раъсул Хайма шаарында «интеграциялашкан комплекс» куруу үчүн башкы кеңсеси Лас-Вегаста жайгашкан «Wynn Resorts» казино корпорациясы менен миллиарддаган долларлык долбоорго кол койгонун жарыялады. «Интеграциялашкан комплекс» бир термин болуп, казино жана башка ыңгайлуулуктарды өз ичине алган мейманкананы түшүндүрөт. Каражаты 3,9 миллиард долларга бааланып жаткан бул долбоор 2027-жылы ачылышы белгиленген.

**Ал-Ваъй:** Аллах ар кандай ыпластыктан таза болушун каалаган бул жерди ал жердеги өкүмдарлар уятсыздык, бузукулук жана бардык ыплас нерселердин мекенине айлантышмакчы. Ушундан улам, Фарс булуңунун калкы өкүмдарларына сүкүт кылып, өзгөртүүгө аракет кылбай жатышкандыктан Кыямат күнү өкүмдарлар туш боло турган жазага туш болбошу үчүн өздөрүнүн милдети болгон мындай өкүмдарларга чекит коюшу зарыл.

## Орус генералы: Америка төрт араб мамлекетинде биологиялык изилдөөлөрдү алып барууда

Россия куралдуу күчтөрүндөгү радиациялык, химиялык жана биологиялык коргоо күчтөрүнүн жетекчиси Крылов Кошмо Штаттар биологиялык программалар активдүүлүгүн кеңейтүүнү өз аймагынан тышкарыда, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө, алардын катарында, төрт араб мамлекетинде ишке ашырып жатат деп айыптады. Крыловдун айтымында, АКШ бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюмдарды ушул программаларга катышууга тартуу үчүн 40 миллион доллар бөлгөн. Мындан тышкары, Америка өз малайларын жана изилдөөдөн көздөлгөн максаттарын жашыруу үчүн чет элдик шериктештерден жардам суроого аракет кылып жатат. Россия Коргоо министрлигинин расмий сайтында жарыяланган баяндамада баса белгиленгендей, Кошмо Штаттар Ирак, Яман, Иордания, Индонезия, Филиппин, Кения, Марокко

жана Уганда мамлекеттеринде биологиялык изилдөөлөрдү өткөрүүгө өзгөчө чоң көңүл буруда... Ак үй пандемияга даярдыкты бекемдөө үчүн атайын мекеме түзгөн о.э. дүйнөлүк өзгөчө абал жарата турган патогендерге этибар берүүдө. Баяндамада Кошмо Штаттар дүйнөдөгү биологиялык абалга өз көзөмөлүн орнотуу үчүн административдик, финансылык жана дипломатиялык иш-аракеттерди жасап жатканы айтылды. Крылов Американын ушул изилдөөлөрдүн башаламандыгы жөнүндө айтып: «АКШ администрациясы дүйнөдөгү биологиялык лабораториялардын санын анык билбейт», - деди. Анын айтымында, 2023-жылы март айында Калифорния штатындагы Ридли шаарында жер астындагы лаборатория ачыкка чыгарылган. Ушул жерде оору козутуучу микроорганизмдер боюнча изилдөө өткөрүлгөндүгү жана ал жерде 30га жакын муздаткыч жана тоңдуруучу аппараттар о.э. микроорганизмди өстүрүүгө ылайыкташкан жабдыктар табылган. Крылов билдиришинче, жашыруун лабораторияда миңдеген генетикалык модификацияланган сыноо жандыктары жана 800гө жакын биологиялык материялдардын үлгүлөрү табылган. Тергөө натыйжасында биологиялык коопсуздуктун негизги эрежелери олуттуу түрдө бузулганы аныкталган. “Бирок, лабораториянын чыныгы ээси табылган эмес, анын кандай максаттарда иш алып баргандыгы да аныкталбады”, - деди Кирилов. Россиялык генерал кошумчалашынча, дүйнөгө жайылган мындай биологиялык атайын лабораториялар жана алардын иш-аракеттери айрыкча лаборатория жайгашкан региондордун калкы үчүн туруктуу биологиялык коркунуч булагы болуп эсептелет, алардын катарында Украина да мына ушундай региондордун бири.

**Ал-Ваъй:** адамзат үчүн эң чоң коркунуч – Америка. Ага дүйнө мамлекеттери жана Крыловдун мамлекети да шерик. Дүйнө өзгөрүүгө абдан муктаж. Аны коргой турган, кыйроосуна жол бербей турган, өлтүрүүнүн ордуна жан тартуулаган таалиматтар керек. Бул болсо, бүгүнкү күндө Исламда гана бар.

## Индонезия менен Тель-Авив ортосунда мамилелерди нормалдаштырууга жаатындагы жашыруун алакалар

«Едиот ахронот» гезити: «Баскынчы мамлекет Американын жардамында Индонезиядагы тараптар менен эки мамлекет ортосунда мамилелерди нормалдаштырууга каратылган

«жашыруууун алакаларды» алып баруууда», - деп баса белгледи. "«Израилдик» чөйрөлөрдүн айтымында, Индонезия Саудиядан мурун Тель-Авив менен мамилелерди нормалдаштырууну каалабай жатат. Ошондуктан, америкалык расмийлер Жакартаны буга көндүрүүгө парда артынан аракет кылышууда", деп айтылат гезитте. Келерки жылдын февраль айында Индонезияда президенттик, вице-президент жана парламенттик шайлоолор болуп өтөт. Гезитте айтылгандай, бул шайлоолор Тель-Авив менен мамилелерди нормалдаштыруу жаатында чечүүчү мааниге ээ. Учурда баскынчы мамлекет Индонезия менен мамилелерди расмий түрдө нормалдаштырган жок. Бирок, гезит Индонезияда мамилелерди бекемделишинен кызыкдар тараптар менен түздөн-түз мамиле кылган каналдар бар экендигин баса белгиледи. Эки тарап ортосунда соода, туризм жана «коопсуздук жаатындагы кызматташтык» байланыштары да бар. Гезит жазышынча, Индонезия Саудиядан мурун Тель-Авив менен мамилелерди нормалдаштырышы же анын изинен барууну абзел көрүшү тууурасында Индонезияда келишпестиктер бар. О.э. мамилелерди жакшыртуу үчүн алгачкы кадамдарга үмүт кылып жаткандар бар. Бул жакта «израилдик» расмийлер да ушул маселеге күмөн менен карашат о.э. индонезиялыктар бул нерсеге даяр эмес, деп билишет. Алар баса белгилегендей, акыркы айларда Индонезия өз жерине «израилдик» спортчулардын киришине уруксат бербеген жана бул жагдай анын көптөгөн эл аралык турнирлерди өткөрө албашына себеп болгон. Гезит жогору кызматтагы «израилдик» бир расмийдин «Индонезия наарazылык демонстрацияларынан коркуп жатат, ошондуктан, Саудияны күтүп жатканы туура нерсе» деген цитатасын келтирген. Ал «израилдеги» учурдагы өкмөттүн доорунда «Индонезияны Тель-Авив менен нормалдашуу кадамын таштоого үндөө оңой болбойт» деди.

**Ал-Ваъй:** режимдер яхудийлер менен мамилелерди нормадаштырууга шашылып жатышат, калк болсо муну пакиза Куддуси Шарифти акаарат кылуу деп билишүүдө. Биз чынчыл жана чынчылдыгы акыйкат Мухаммад ﷺдын: «**Яхудийлер силерге каршы согушат, силер аларды жок кыласыңар**», - деген сөзүн айтабыз. ❑

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّآ أَنزَلْنَا ٱلتَّوْرَىٰةَ فِيهَا هُدًى وَنُورٌ ۚ يَحْكُمُ بِهَا ٱلنَّبِيُّونَ ٱلَّذِينَ أَسْلَمُوا۟ لِلَّذِينَ هَادُوا۟ وَٱلرَّبَّٰنِيُّونَ وَٱلْأَحْبَارُ بِمَا ٱسْتُحْفِظُوا۟ مِن كِتَٰبِ ٱللَّهِ وَكَانُوا۟ عَلَيْهِ شُهَدَآءَ ۚ فَلَا تَخْشَوُا۟ ٱلنَّاسَ وَٱخْشَوْنِ وَلَا تَشْتَرُوا۟ بِـَٔايَٰتِى ثَمَنًا قَلِيلًا ۚ وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْكَٰفِرُونَ ۝ وَكَتَبْنَا عَلَيْهِمْ فِيهَآ أَنَّ ٱلنَّفْسَ بِٱلنَّفْسِ وَٱلْعَيْنَ بِٱلْعَيْنِ وَٱلْأَنفَ بِٱلْأَنفِ وَٱلْأُذُنَ بِٱلْأُذُنِ وَٱلسِّنَّ بِٱلسِّنِّ وَٱلْجُرُوحَ قِصَاصٌ ۚ فَمَن تَصَدَّقَ بِهِۦ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَّهُۥ ۚ وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Албетте Биз Тооротту хидаят жана нурду өз ичине камтыган абалда түшүргөнбүз. Аллахка моюн сунуучу болгон пайгамбарлар, илахий билим ээлери жана даанышмандар аларга Аллахтын Китеби аманат коюлгандыгы себептүү, яхудийлерге аны*** *(Тоорот өкүмдөрү)* ***менен өкүм кылышат. Алар бул Китеп үстүндө күбөлөр. Демек,*** *(эй яхудий уламалар),* ***адамдардан коркпогула, Менден корккула жана Менин аяттарымды арзан нерселерге алмаштырбагыла! Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер. Анда*** *(Тоородто)* ***яхудийлерге жанга жан, көзгө көз, мурунга мурун, кулакка кулак, тишке тиш жана*** *(дагы башка бардык)* ***жарааттарга да өч алынат, деп жазып койдук. Эми, ким аны*** *(өчтү)* ***кечип жиберсе, өзү үчүн каффарат болот. Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер»*** [5:44-45]

Шейх Мухаммад Мутаваллий Шаъравий мындай эскерет:

Хидаят – максатка алып бара турган жол. Жолдо болсо түндөр жана күндөр өтөт. Түн караңгы болуп, жолоочу түрдүү тоскоолдуктарга туш болот. Кээде жолоочу туура жолдо, башкача айтканда жолдун ортосунда болбой, чуңкурларга түшүшү же таштарга мүдүрүлүшү мүмкүн. Хак Таала бул аятта Мен силер үчүн жолду ачыктап бердим жана силер эч нерсе менен кагылышпашыңар же таштарга туш келбешиңер үчүн аны ачыктап бердим, деп айтууда. Бул нерсе бардык элчилер алып келген

манхажда көрсөтүлгөн. Өтмүштө дүйнө бир нечеге бөлүнгөн болуп, бытыранды топтор абалында эле. Транспорт жок, ар бир топ жеке же жарым көз карандысыз жашашкан. Эгер, бир жайда кандайдыр бир оору-илдеттер пайда болсо, ошол жайдын өзүнө чектелип-камалып калган. Аллахтын бир элчиси бирер оору-илдетти дарылоо үчүн келген болсо, экинчиси буттарга сыйынуу оорусун дарылоо үчүн келген. Дагы бири тараза жана өлчөө маселесин оңдоо жана башкасы яхудийлердеги нике жашоосун тартипке салуучу маселелерди муалажа кылуу үчүн келген. Бул илдеттер тараптар түрдүү болушуна карап ар түрдүү болгон. Хак Таала адамдар өз ара бири-бири менен учурашсын деп, кыйынчылыктарды кетире турган жана аралыктарды жакындаштыра турган нерселерди жасап, ачылыш жасоолору үчүн аларга Өз ааламынын сырларынан кабардар кылууну каалаганда, мунун натыйжасында калктар бири-бири менен жолугушууну баштагандан кийин илдеттер ортосунда да бөлүнүү токтоп, Чыгышта пайда болгон илдет Батышка көчө баштады. Кудум илдеттер да биригип жаткандай.

Демек, бардык илдеттерди чечүү үчүн кеңири көлөмдүү чечимге ээ пайгамбар зарыл. Ушул себептен улам, Расулуллах ﷺ кеңири көлөмдүү чечим менен харам иштерден тыюучу абалда келди. Эми, Хак Таала:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَا ٱلتَّوۡرَىٰةَ فِيهَا هُدٗى وَنُورٞۚ يَحۡكُمُ بِهَا ٱلنَّبِيُّونَ ٱلَّذِينَ أَسۡلَمُواْ﴾

***(Албетте Биз Тооротту хидаят жана нурду өз ичине камтыган абалда түшүргөнбүз),*** деп жатабы, демек, Инжилде да хидаят жана нур бар дегени. Бирок, ар кандай китептеги хидаят жана нур өзгөчө чөйрөдө пайда болгон илдеттерди муалажа кылуу үчүн болот. Мисалы, Саййидибиз Ибрахим عليه السلام саййидибиз Лут عليه السلام менен бир доордо жашаган. Саййидибиз Муса عليه السلام болсо Шуайб عليه السلام менен бир доордо жашаган. Пайгамбарлар кээде замандаш болушса да, бирок, алардын ар бири белгилүү бир илдетти муалажа кылган. Ошентип, рисалаттар заман жана мекенге чектелген абалда келген. Бирок, Мухаммад عليه السلامга болсо, Аллах Таала ал затты бардык адамдар үчүн жиберди, Кыямат да ал заттын манхажы бар заманда болот. Ошондуктан, жер жүзү эми башка пайгамбарга муктаж эмес. О.э. Мухаммад ﷺ акыркы элчи болушу мантикий нерсе болуп калды.

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَا ٱلتَّوۡرَىٰةَ فِيهَا هُدٗى وَنُورٞۚ يَحۡكُمُ بِهَا ٱلنَّبِيُّونَ ٱلَّذِينَ أَسۡلَمُواْ﴾

***(Албетте Биз Тооротту хидаят жана нурду өз ичине камтыган абалда түшүргөнбүз. Аллахка моюн сунуучу болгон пайгамбарлар ал** (т.а. Тоорот өкүмдөрү)* ***менен өкүм кылышат»).*** Эмне үчүн Аллах Таала бул жерде анбиялардын моюн сунушун-исламын келтирип өттү? Мунун жообу болсо, Аллах Таала Исламды улуулоо үчүн пайгамбарлардын исламы жөнүндө айтып өттү. Себеби, Ислам ар бир пайгамбардын манхажынын маңызы. Хак Таала Өз каламында пайгамбарларды ٱلَّذِينَ أَسۡلَمُوا моюн сунган (т.а. Исламдагы) деп сыфаттап, өз тизгинин Аллахка тапшырган пайгамбарларды келтирүү менен Исламды улуулоону каалады. Анткени, бардык пайгамбарлар Исламда түпкү жакшылыкты табышкан. Пайгамбарлардын исламы – бул Ислам. Башкача айтканда, ал – Аллахтын буйрктарына моюн сунуу. Кайсы бир пайгамбардын даъваты себептүү ага жамандык келиши, же кимдир бирөө аны куугунтукташы, же кимдир бирөө аны капа кылышы туурасында фикирлесе, ал өз ишин Аллахка тапшырат. Себеби, алардын ар бири акыйкатты гана айтат жана кийин эмне болушуна көңүл бурбайт.

﴿يَحۡكُمُ بِهَا ٱلنَّبِيُّونَ ٱلَّذِينَ أَسۡلَمُواْ لِلَّذِينَ هَادُواْ﴾

***(Аллахка моюн сунуучу болгон пайгамбарлар ал*** *(т.а. Тоорот өкүмдөрү)* ***менен өкүм кылышат»).*** Ооба, алар Тоорот менен яхудийлер арасында өкүм кылышат. О.э. аны менен роббаний кишилер жана ахбар-даанышмандар да өкүм жүргүзүшөт. Роббаний дегенде Робго карата алынган. Башкача айтканда, ар бир иши Аллахка таандык дегени. Ахбарлар болсо – бул илим казаны болгон уламалар. Бирок, алар бул ишти аткарып жатышабы же жокпу, бул башка нерсе. Туура, ар бир аалым илим казаны, бирок, ал кээде өз илиминен пайдаланса, кээде пайдаланбайт. Ал эми, анын илими андан пайдалана турган адамга өтөт. Ошондуктан, уламалардын бири айткан: «Менин илимимди алгыла, бирок, амалыма таянбагыла. Мөмөлөрдү тере бергиле, бутагын отко таштагыла».

Ошондуктан, бул аалым бизге антип-минтип жатат, бирок, өзүнүн айткандарына тескери иш кылып жатат, дебегиле. Силер илимдин мөмөсүн алгыла да, бутагын өрттөп жибергиле. Бирок, аалым киши Ахыретте азапталбашы жана Аллах Тааланын ушул каламы астына түшүп калбашы үчүн айтканына амал кылышы зарыл:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لِمَ تَقُولُونَ مَا لَا تَفۡعَلُونَ ۝ كَبُرَ مَقۡتًا عِندَ ٱللَّهِ أَن تَقُولُواْ مَا لَا تَفۡعَلُونَ﴾

***«Эй момундар, силер эмнеге өзүңөр кылбай турган нерсени*** *(кылабыз деп)* ***айтасыңар?! Силер өзүңөр кылбай турган ишти*** *(кылабыз деп)* ***айтууңар Аллах алдында өтө жаман көрүлгөн*** *(иш)»* [61:2-3]

﴿وَٱلرَّبَّٰنِيُّونَ وَٱلۡأَحۡبَارُ بِمَا ٱسۡتُحۡفِظُواْ مِن كِتَٰبِ ٱللَّهِ﴾

***(Раббаний билим ээлери жана даанышмандар аларга Аллахтын Китеби аманат коюлгандыгы себептүү*** *(Тоорот өкүмдөрү менен өкүм кылышат)****.***

Биз Тооротто хидаят жана нур бар, аны менен пайгамбарлар, роббаний кишилер жана даанышмандар өкүм чыгарышаарын билдик. Т.а. алар Аллах жана пайгамбарлары алардан сактоону талап кылган васита (Тоорот) менен өкүм чыгарышат. Хак Таала бул жерде *(ٱسۡتُحۡفِظُواْ* ***аманат коюлган)*** деди, (حفظوا сакташты) дебеди жана ушул аркылуу Куръандан мурунку китептер менен Куръандын ортосундагы айырманы бизге баян кылды. Себеби, ар бир элчи Аллах тарабынан жеткирүүдө садык экендигине далалат кылган бир муъжиза келтиргендиги бизге белгилүү. Мухаммад ﷺдан мурунку элчилердин алып келген муъжизалары алардын манхажынан өзгөчө. Мисалы, саййидибиз Муса عليه السلامдын муъжизасы аса таяк менен деңизди жаруу болсо, анын манхажы – Тоорот. Саййидибиз Ийса عليه السلامдын муъжизасы сокур жана пес оорулдарды дарылоо болсо, манхажы – Инжил болгон. Бирок, саййидибиз Мухаммад ﷺдын муъжизасы манхажынын дал өзү т.а. Куръан. Ар бир элчи үчүн белгиленген тартип анын дооруна жана жамаатына байланыштуу болуп, тиешелүү муъжиза жана тиешелүү манхажга муктаж эле. Бирок, Аллах Таала адамдардын бардыгына жиберген жана пайгамбарлардын акыркысы кылган Мухаммад ﷺдын муъжизасы манхажы менен бирдей болуп калышы зарыл. Ошондо ар кандай мусулман Кыямат күнүнө чейин Мухаммад Аллахтын элчиси, мына анын мужизасы деп айта алат. Куръан Кыяматка чейин муъжиза болуп калат. Себеби, Аллах Таала аны башка муъжиза жана манхаждардан башкача болушун каалады. Анткени, мурунку муъжизалар бир ирет жарык кыла турган ширеңкеге окшойт. Ал күйүп турган убакта көргөн адам үчүн маселе жаркын эле. Бирок, аны көрбөгөн адам аны тастыктай албайт. Ал

тастыктай турган киши ага кабар бериши менен гана тастыкталышы мүмкүн.

Аллах Таала роббаний кишилерлерге жана даанышмандарга Тооротту аманат кылып берди т.а. алардан аны сактоону талап кылды. Бул сунуш кылынган буйрук эле. Сунуш кылынган буйрукка кээде итаат кылынса, кээде итаат кылынбайт. Аллах Таала аларга Тоорот жана Инжилди аманат кылып берди:

﴿فَنَسُواْ حَظًّا مِّمَّا ذُكِّرُواْ بِهِۦ﴾

***«Алар болсо өздөрүнө эскертме кылып берилген нерселердин** (көп) **бөлүктөрүн унунутуп жиберишкен»*** [5:13]

Манхаж маселеси унутулду. Себеби, алар аны зээнде сактабай коюшту. Эгер, иш зээнге орношсо жана ар дайым шуурга жайгашса, эсте калат. Эгер, иш зээнден алыс болсо, унутулат. Хак Таала алардан манхажды сактоону талап кылды, бирок, пайгамбарлардан башкалары аны аткарбады. Ар кандай сунуш маселеси ыктыяр чөйрөсүнө кирет. Ошондуктан, роббаний кишилер жана даанышмандар унутушту, унутпаган нерселерди болсо жашырышты. Сактабоонун биринчи баскычы унутушкан болсо, экинчи баскычы унутпаган нерселерди жашырышты. Үчүнчү баскыч болсо жашырбаган нерселерин өзгөртүп, чаташтырышты. Алар ушул баскычка гана чектелишпестен, өздөрүнүн сөздөрүн кошуп жазышты. Андан кийин бул Аллахтын алдынан келген дешти. Негизи, алар Аллахтын алдынан эмес эле.

﴿فَوَيْلٌ لِّلَّذِينَ يَكْتُبُونَ ٱلْكِتَٰبَ بِأَيْدِيهِمْ ثُمَّ يَقُولُونَ هَٰذَا مِنْ عِندِ ٱللَّهِ﴾

***«Өз колдору менен китеп жазып алып, андан соң аз гана баага сатуу үчүн: «Бул китеп Аллахтын алдынан келди», деген кимселерге кыйроо болсун»*** [2:79]

Ошентип, алар сакташкан жок. Ошондуктан, Аллах Таала Куръанды таклифий жол менен сактоону буюрган жок. Себеби, Аллах Таала адамзатты мурун да сыноодон өткөргөндөй Куръандын муъжиза болуп калышын каалады. Ошондуктан, Аллах Куръанды сактоону пенделерге жүктөбөй, аны сактоого Өзү кепил болду. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا ٱلذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُۥ لَحَٰفِظُونَ﴾

***«Албетте, бул эскертмени** (Куръанды) **Биз Өзүбүз түшүрдүк жана шексиз Өзүбүз аны сактоочубуз»*** [15:9]

Бул нусустун акыйкаттыгы ушунда, кээ бир мусулмандар Ислам манхажынан жана Куръан манхажынан баш тартууда чектен чыгышты. Бирок, таң калычтуусу, алар иш жүзүндө Ислам манхажынан канчалык алысташса Куръанды иш жүзүндө сактап калышууда. Мусулмандар Куръанды түрдүү түстөгү китептерде жана түрдүү чоң-кичине көлөмдөрдө жазышууда. Мисалы, аялдар мойнуна таккан шуру жана колго тагып алган билерик көлөмүндөгү Куръан бар... Ал тургай, кафирлер өздөрү бир баракка Куръандын баарын жазуу жолун ойлоп табышкан. Себеби, Аллах Таала мусулман болбогондорду да Куръанды сактоого моюн сундуруп койгон жана бул Аллахтын каалоосу. Биз ар күнү Ислам манхажынан ооп, бирок, Куръанды сактоо үчүн акча сарфтап жактан адамдарды көрөбүз. Ооба, биз Куръанды сактоо үчүн миңдеген каражаттар ишке салынып жатканын көрөбүз: мисалы, эркек машинасына да Куръан коюп алып жатат, жатаканасына да. Аял өзү ачык, көкүрөгү көрүнүп турган абалда билип туруп, алтын тагынчак көрүнүшүндөгү Куръанды тагып алууда. Булардын бардыгы бизге Куръанды сактоо таклифий иш эмес, Аллахдын ирадасы экеннин далилдейт. Эгер, иш таклифий болгондо Куръан унутулушу мүмкүн эле. Себеби, мусулмандар кээ бир иштерде Куръан манхажынан алысташты жана бул нерсе алардын Куръанды сактоодон да алысташууларын көрсөтөт. Бирок, иш мунун тескериси болду. Мусулмандар манхаждан алысташса да, бирок, Куръан түбөлүк сакталып калды. Таң калычтуусу, көпчүлүк манхаж туурасында чектен чыгып кеткен болушса да, Куръанга бирер нерсе жеткенин угуп калса, дүйнөнү тургузуп, отургузат. Ошондуктан, Куръанды сактоо адамдын иши эмес. Балким, аны сактай турган Аллах Азза ва Жалланын иши. Эгер, Ислам душмандары тарабынан Куръанга өзгөртүү киргизүү аракети болсо, Ислам Умматы бир жакадан баш чыгарып, ага каршы чыгат. Чындыгында айрым бузгунчулар Куръанга анда болбогон нерсени киргизмекчи болуп, Фатх сүрөсүндөгү:

﴿مُّحَمَّدٞ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ أَشِدَّآءُ عَلَى ٱلۡكُفَّارِ رُحَمَآءُ بَيۡنَهُمۡۖ﴾

***«Мухаммад – Аллахтын Расулу. Аны менен бирге болгондор кафирлерге каардуу, өз араларында болсо ырайымдуу»*** [48:29] аятында مُّحَمَّدٞ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ деген жерге келгенде ага صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ ны кошту, кудум муну менен Расулуллахты дагы да көбүрөөк улууламакчы

болду... Бирок, мусулмандар муну билген соң, тополоң көтөрүп, ошол Куръандарды өрттөп жиберишти.

﴿فَلَا تَخۡشَوُاْ ٱلنَّاسَ وَٱخۡشَوۡنِ﴾

***(Демек, адамдардан коркпогула, Менден корккула).*** Бул аяттагы خَشْيَة коркуу бул баланча мага зыян жеткире алат деп күмөн кылган кишинин тынчсызданууучу. Негизи, пайда жеткирүүгө да, зыян жеткирүүгө да Аллах гана кудуреттүү. Ошондуктан, адам Аллахтан башкасынан коркушу туура эмес. Султан же ага жакын адам зыян жеткириши мүмкүн деп ойлошуңар да дурус эмес. Ар бир адам Хак Субханахудан гана коркушу зарыл. Себеби, улуу Аллах бизге Өзүнөн башкасынан коркпоого буюрган. Эгер, бирер киши манхаж-шарият өкүмдөрүнүн бирин султанды, же анын жакындарын, же анын досторун ыраазы кылуу үчүн өзгөртсө, бул дал бузгунчулуктун өзү. Балээ кырсык жана жамандыктар мына ушундан келет. Кээде султан муну билбеши мүмкүн, кээде султандын тууганы – султандын кабарысыз – уламалардан кээ бир манхаждарды өзгөртүүнү талап кылышы мүмкүн. Мындай абалда алсыз уламалар гана ага моюн сунат. Саййидибиз Умар ибн Хаттаб ушуну билгенинен: "Фитна кээде султан тарабынан эмес, балким, анын айланасындагылар тараптан келет", - деген. Мындай абалда коркуу Аллахтан башкасынан болот. Ошондуктан, саййидибиз Умар туугандарын жана айланасындагыларды топтоп, аларга: «Мен баланча жана баланча буйруктарды чыгармакчымын, жаным колунда болгон Затка ант, араңардан ким бул ишке каршы чыкса, мен ага бериле турган жазаны мусулмандар үчүн үлгү кыламын», - деген. Бул күнөөлөрдөн алыс болуп, адамдарга кызмат кылуу жана өкүм жүргүзүү ыкмаларынын бири. Ошондуктан, биз бийликтеги бузулуунун себеби:

﴿فَلَا تَخۡشَوُاْ ٱلنَّاسَ وَٱخۡشَوۡنِ﴾

***(Демек, адамдардан коркпогула, Менден корккула)***, деген хикматтуу эреженин бузулушу акыбетинде жүзөгө келип жатканына күбө болуп жатабыз.

Андан кийин Хак Таала:

﴿وَلَا تَشۡتَرُواْ بِـَٔايَٰتِي ثَمَنٗا قَلِيلٗاۚ﴾

***(Менин аяттарымды арзан нерселерге алмаштырбагыла!),*** деп айтууда. Аллахтын аяттарын алмаштыруу менен жетишилген кыйматтын пайдасы, канчалык көбөйтүлбөсүн, бул дүйнөдөн ашып

кетпейт. Анткени, дүйнө – башында айтканыбыздай – Аллах адамзатты түгөткөнгө чейин болгон өзүнүн чыныгы өмүрү менен өлчөнбөйт. Балким, андагы ар бир тирүү жандын өмүрү менен өлчөнөт... Эгерде Аллахтын аяттарын жана өкүмдөрүн өзгөртүү үчүн падакордук кылып жаткан саткындар жетишкен кыймат аларга ушул дүйнөдө гана пайда алып келет жана алардын бул дүйнөдөгү өмүрү чектелген соң, алардын өмүрү дүйнө өмүрүнө карата өтө кыска экендигин унутпоолору керек... Канчалык узун өмүр болбосун баары бир чектелген. Эгер, адам өз өмүрүн Ахырет жашоосу менен салыштырса, дүйнөдөгү өмүрүнүн аягы бар экенин көрөт. Эгер, өмүрүн Ахыреттеги өмүрү менен чексиз жашоого алмаштырса, бул улуу жеңиш... Демек, дүйнө тирүүлүгү Аллах такваларга убада кылган нерсеге карата кыска.

Ошондон кийин Хак Таала айтты:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***(Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер)***.

Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбоонун мааниси эмне? Бизге белгилүү болгондой, Хак Субханаху ва Таала барлыктагы ар бир карама-каршы маселе үчүн өкүм чыгарган. Ошондуктан, эй адам, эгер бирер иште өкүм кылмакчы болсок, анын маңызын ушул маселенин тарыхынан издешиң керек. Биз бардык нерсенин чокусу акыйда (т.а. бар болушу зарыл болгон Аллах Таала) экенин табабыз. Эгер, Ал затты жок деп өкүм кылсаң, бул – куфр. Эгер, адам Аллахка ишенип, кийин Аллах түшүргөн өкүмдөргө жетип келгенде, мындай өкүм жүргүзүү акылга туура келбейт десе, бул Аллахтын өкүмүн четке кагуу т.а. куфрдун бир түрү болот.

Бирок, адам өкүмгө ишенсе, мен Аллахтын өкүмүн тастыктайм, бирок, буга кудуреттүү эмесмин десе, бул куфр болобу же зулумбу? Мунун жообу – бул куфр болбойт. Эгер, өкүм эки киши ортосунда чыгарылган өкүм болсо, бул зулум болот. Эгер, өзү менен башка адам ортосунда чыгарган өкүм болсо, фасыктык болот. Себеби, ал, кудум курма кабыгынан бөлүнүп чыккандай, Аллахтын өкүмүнүн чөйрөсүнөн чыккан болот. Анткени, фасык сунуш-вазыйпалар аны курчап турат, бирок, ал кудум курма кабыкты жарып чыккандай ошол курчап турган чөйрөнү жарып чыккан киши. Негизи, курма өз кабыгынан ажырап калса, айнышы анык. Демек, силер Аллах Тааланын:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер»*** [5:44]

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер»*** [5:45]

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар фасыктар»*** [5:47]

деген аяттарын укканыңарда, Аллахтын өкүмдөрүн эстеп, өзүңөрдү көзөмөлдөөгө аракет кылгыла.

Кээ бирөөлөр бул яхудийлер үчүн айтылган, себеби, Хак Таала:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَا ٱلتَّوۡرَىٰةَ فِيهَا هُدٗى وَنُورٞۚ﴾

***«Албетте Биз Тооротту хидаят жана нурду өз ичине камтыган абалда түшүргөнбүз»*** [5:44]

деп жатат дешет. Кээ бирөөлөр экинчи аят Инжил менен өкүм кылбаган христиандарга түшүрүлгөн дешет. Бирок, биз бул сөздөргө раддия катары мындай дейбиз: кантип эле, бул абал Исламдан мурунку диндерге болуп, бирок, Исламда болбосун?! Буд акылга да туура келбейт, логикага да. Себеби, бул аяттар башкаруу туурасында жалпы абалда түшүрүлгөн. Эгер, адам чоку т.а. акыйда маселесинде туура эмес өкүм чыгарса, бул – куфр. Эгер, адам өкүмдү келип чыгышы т.а. Хак Таала тарабынан келип жаткандыгы жагынан инкар кылса, бул да куфрдун бир түрү. Эгер, адам Аллахка ишенип, маселеге да ишенсе, бирок, нафси үстөм келсе, бул – фасыктык. Эгер, адам эки киши ортосунда өкүм кылып, бирок, Аллахтын өкүмүнөн башка тарапка ыктаса, бул – зулум.

Демек ***(ٱلۡكَٰفِرُونَ кафирлер)***, ***(ٱلظَّٰلِمُونَ залимдер)*** жана ***(ٱلۡفَٰسِقُونَ фасыктар)*** бул жерде өкүм астына түшүп жаткандардын абалы түрдүү болгону үчүн, лафздар да ар түрдүү келүүдө. Эч ким айтпасын, бул аят баланча топко түштү, мунусу башка топко түштү, үчүнчү аят үчүнчү топко түштү деп. Себеби, алар жалпы сунуш туурасындагы жалпы өкүмдөр. Хак Таала ар бир өкүмдүн башталышында (وَمَن) т.а. (кимде-ким) калимасын кайталап жатат. Биз билгендей من калимасы амма. Буга далил, Аллах түшүргөн

нерсе менен өкүм кылбаган киши Аллахтын аяттарын арзан сатып, Аллахтын өкүмүн четке каккан болот. Хак Таала кийинки аятта айтты:

﴿وَكَتَبۡنَا عَلَيۡهِمۡ فِيهَآ أَنَّ ٱلنَّفۡسَ بِٱلنَّفۡسِ﴾

***(Анда** (Тооротто) **яхудийлерге жанга жан, деп жазып койдук)***. Бул жердеги өкүмдөр кылмыштарга жана кылмыштарга жараша жазаларга тиешелүү. Ушул жерде Аллах түшүргөн нерседен башкасы менен өкүм кылуу зулум болот. Демек, маселе махкум-өкүм кылынып жактан кишинин абалына карап түрдүү болот. Кимде-ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, Аллахтын өкүмүн инкар кылса жана Аллахтын өкүмү ката десе, ал – кафир. Эгер, иш эки киши ортосундагы өкүм болсо жана Аллах түшүргөндөн башкасы менен өкүм кылса, ал – залим. Бирок, өзүнө каршы өкүм болсо жана бул өкүмдү ишке ашыра албаса, бул – фасыктык. Ар бир сыфат өз өкүмүнө ылайык түрдө келген. Ошондуктан, бул жерде биринчи аят яхудийлер үчүн, экинчиси христиандар үчүн келген деп айтуу, тартышуу жана ихтилафташуу дурус эмес. Адам кимдир бирөөгө батылды зийнатташы туура болбойт. Себеби, Исламда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылуу амал кылуу важиб болгон катъий буйрук.

Хак Таала ошондон кийин:

﴿وَكَتَبۡنَا عَلَيۡهِمۡ فِيهَآ أَنَّ ٱلنَّفۡسَ بِٱلنَّفۡسِ وَٱلۡعَيۡنَ بِٱلۡعَيۡنِ وَٱلۡأَنفَ بِٱلۡأَنفِ وَٱلۡأُذُنَ بِٱلۡأُذُنِ وَٱلسِّنَّ بِٱلسِّنِّ وَٱلۡجُرُوحَ قِصَاصٞۚ فَمَن تَصَدَّقَ بِهِۦ فَهُوَ كَفَّارَةٞ لَّهُۥۚ وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***(Анда** (Тооротто) **яхудийлерге жанга жан, көзгө көз, мурунга мурун, кулакка кулак, тишке тиш жана** (дагы башка бардык) **жарааттарга да өч алынат, деп жазып койдук. Эми ким аны** (өчтү) **кечип жиберсе, өзү үчүн каффарат болот. Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер),*** дейт. Аллах Таала мурдараак хидаят жана нур деп сыфаттаган Тоороттто яхудийлерге жанга жан өч алынат деп айтты. Биз ар бир буйрукту жана ага ылайык окуяны кабыл алышбыз керек... Ошондуктан, жан үчүн жан алынат, көз үчүн көз оюп алынат. Бул нерсе мурун кесүү жана кулак үзүүгө да тиешелүү... Хак Таала андан кийин жараат алгандар жөнүндө: ***(*** وَٱلۡجُرُوحَ قِصَاصٞۚ ***Жарааттарга да өч алынат)*** деп айтууда. Себеби, жараат дененин ар кайсы

жайында болушу мүмкүн, өч алуу да ушуга карап болот. (قِصَاص касас)тын мааниси дал ушундай болуу, нерсе менен бирдей болуу. Т.а. قص الأثر дегенде оболу басылган кадамдын издери үстүнөн эч адашпай кадам таштоону түшүндүрөт.

Кылмыш үчүн акы-укук мыйзамдаштырылган. Аллах Субханаху иймaний умтулуулар үчүн эшикти жаппай:

﴿فَمَن تَصَدَّقَ بِهِۦ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَّهُۥ﴾

***(Эми ким аны** (өчтү)* ***кечип жиберсе, өзү үчүн каффарат болот)*** деп айтууда. Аяттагы:

﴿تَصَدَّقَ﴾

калимасынын мааниси акылуу болбогон кишиге бир нерсе берди дегени. Ал касастан баш тартуу менен Аллахтын ыраазылыгы жолунда кылмышкерге жакшылык кылышы важиб эмес. Адамдарды мыйзам чыгарууда кыйнаган нерсе ушунда, мисалы, алар сот жараянын талап кылышат. Бирок, кылмыш бир саатта жасалган болсо, сот органдары тарабынан тергөө иштери бир жылдан ашык созулуп кетет, акыбетте кылмыштын адам рухиятындагы жамандыгы эскирип-өчүп кетет. Ошондуктан, ишти касас алуучуга берүү керек, себеби, ага мүмкүнчүлүк берсеңер, анын рухун биринчи шыфа менен канааттандырган болосуңар. Ушундай абалдар да болот, адамзаттын колуна ушул өкүм берилсе, ал тыйылышы мүмкүн. Себеби, из өз колунда болуп, касас алууга кудуреттүү болсо да кечирүү ыктымалынан сырткары эмес. Ошондо кечирилген кылмышкер бүткүл өмүрүндө касас ээсинен өз өмүрү же бирер мүчөсү менен карыз болуп калат... Касас-өч алуулардын ордуна достук жүзөгө келет. Ошондуктан, улуу Шариъ шарият түзгөндө, бизге – сен дайыма өзүңдү кол салуга учураган деп ойлобо, балким, бир ирет болсо да өзүңдү кол салуучу деп элестет... Акыры, мындай абалда, касас алуучу сени кечирип жиберишин каалабайсыңбы?! – деп айтууда. Эгер, өкмөттөр касас-өч алууларды жоймокчу болушса, анда, улуу мыйзамчылыкка кайрылышсын. Мисир мисалында ала турган болсок, кимдир бирөө өлтүрүлсө, касас алына турган киши касас алуучу үй-бүлөгө колунда өз кепинин көтөрүп барат... Ал ичкериге колунда кепини менен киргенде биз касас алуучулардын жүрөгү өч алуудан кайтып-жумшап калганын, анын жашашы үчүн урмат көрсөтүп жатышканына күбө болобуз.

﴿فَمَنْ تَصَدَّقَ بِهِۦ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَّهُۥ﴾

***(Эми ким аны** (өчтү) **кечип жиберсе, өзү үчүн каффарат болот).*** Бул жерде кечип жиберүү касас алуучудан. ***(** تَصَدَّقَ **кечип жиберди)*** деген фиъл эки нерсеге т.а. кечүүчү жана кечирилүүчүгө муктаж. Аллах Таала кечип жиберүүчү кишинин күнөөлөрүн ал өз боордошуна кылган марттыгы өлчөмүнчө кечип жиберет. Аллах Таала пенделерди бири-бирине мээримдүү кылып коёт. Ошондуктан, бул жерде маселе касас алуучу тарабынан, анын кечип жиберүү каалоосунан келип чыгат. Хак Таала аятты ушул каламы менен аяктады:

﴿وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер»*** [5:45]

Биз жогоруда Аллах назил кылган дин менен өкүм жүргүзүү зарылдыгын билдик. ❑

## АХЫРЕТТИ ДУНЯДАН АФЗЕЛ КӨРҮҮ

- Зайд ибн Аркам айтат: Биз Абу Бакр Сыддык менен бирге элек, ал суусундук алып келүүнү буюрду. Ага суу жана бал алыш келишти, ал сууну оозуна жакындатканда, абдан ыйлады, ал тургай, асхабдары да ыйлап жиберишти. Андан кийин асхабдары ыйды токтотушту, бирок, ал ыйын токтотподу. Ал ыйлай берген соң, асхабдары андан мунун себебин сурай албасак керек деген күмөнгө барышты. Бирок, ал токтоп көз жашын сүрттү. Ошондо алар: "Эй Расулуллахтын халифасы, сиз эмне ыйладыңыз?", - дешти. Ал айтты: "Мен Расулуллах ﷺ менен бирге элем, ал өзүнөн бир нерсени алып таштаганын көрдүм, бирок, ал жерде эч нерсе жок эле. Ошондо мен: "Эй Аллахтын расулу, өзүңүздөн эмнени алып таштап жатасыз?" - десем, ал: «**Алдымда дуня көрүндү, мен ага: "Мага жакындашпа", - дедим. Кийин ал дагы кайтып келип айтты: "Эгер, сен менден кутулсаң, сенден кийин эч ким кутула албайт»**, - деди. Хаким Мустадракда риваят кылган.
- Катада ибн Нуъман риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إِذَا أَحَبَّ اللَّهُ عَبْدًا حَمَاهُ الدُّنْيَا كَمَا يَحْمِي أَحَدُكُمْ مَرِيضَهُ الْمَاءَ»

**«Эгер, Аллах бирер пендесин жакшы көрүп калса, кудум силер ооруну суу ичүүдөн сактагандай, аны дүйнөнүн зыян бере турган нерселеринен сактайт».**

- Абу Муса Ашъарий риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ أَحَبَّ دُنْيَاهُ أَضَرَّ بِآخِرَتِهِ، وَمَنْ أَحَبَّ آخِرَتَهُ أَضَرَّ بِدُنْيَاهُ، فَآثِرُوا مَا يَبْقَى عَلَى مَا يَفْنَى»

**«Ким дунясын жакшы көрсө, Ахыретине зыян жеткирет, ким Ахыретин жакшы көрсө дунясына зыян жеткирет. Демек, өткүнчү боло турган нерседен көрө**

**түбөлүк кала турган нерсени афзел көргүлө».** Хаким Мустадракта риваят кылган.

• Абдуллах риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«مَا لِي وَلِلدُّنْيَا! وَمَا لِلدُّنْيَا وَلِي! وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، مَا مَثَلِي وَمَثَلُ الدُّنْيَا إِلَّا كَرَاكِبٍ سَارَ فِي يَوْمٍ صَائِفٍ فَاسْتَظَلَّ تَحْتَ شَجَرَةٍ سَاعَةً مِنْ نَهَارٍ ثُمَّ رَاحَ وَتَرَكَهَ»

**«Менин да дуня менен ишим жок, дунянын да мени менен иши жок... Жаным колунда болгон Затка ант, мени менен бул дуня кудум жай күнүндө жолго чыккан жана күндүзү дарактын астында бир саат эс алган, андан кийин кайра өз жолун улантып, ал жерден кеткен улоо минген киши сыяктуу».** Ибн Хиббан риваяты.

• Шурайх ибн Убайд айтат: Абу Малик Ашъарий өлүмү жакындашканда мындай деген: «Эй ашъарийлер! Ушуну уккандар укпагандарга жеткирип койгула. Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«حُلْوَةُ الدُّنْيَا مُرَّةُ الآخِرَةِ، وَمُرَّةُ الدُّنْيَا حُلْوَةُ الآخِرَةِ»

**«Бул дунянын ырахаты Ахыреттин ачуусу, бул дунянын ачуусу Ахыреттин ырахаты».** Хаким Мустадракта риваят кылган.

• Убай ибн Каъб риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«بَشِّرْ هَذِهِ الْأُمَّةَ بالسَّنَاء وَالرِّفْعَةِ، وَالنَّصْرِ وَالتَّمْكِينِ فِي الْأَرْضِ، فَمِنْ عَمِلَ مِنْهُمْ عَمَلَ الْآخِرَةِ لِلدُّنْيَا لَمْ يَكُنْ لَهُ فِي الْآخِرَةِ مِنْ نَصِيبٍ»

**«Бул Умматка улуулук, нусрат жана жерде үстөмдүк берилиши туурасында кушкабар бергин. Силерден кимде-ким Ахырет амалын дуня үчүн кылса, Ахыретте насиба болбойт».** Хаким риваяты.

• Сахл ибн Саъд айтат: Мен Расулуллах ﷺды мындай деп айтканын уккам:

«ومَوْضِعُ سَوْطِ أَحَدِكُمْ مِنَ الجَنَّةِ خَيْرٌ مِنَ الدُّنْيَا وما عَلَيْهَا، والرَّوْحَةُ يَرُوحُهَا العَبْدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، أَوِ الغَدْوَةُ خَيْرٌ مِنَ الدُّنْيَا وَمَا عَلَيْهَا»

**«Силер үчүн бейиште болгон бир камчылык орун бул дуня жана андагы нерселерден жакшыраак. Пенде Аллах жолунда өткөргөн бешимге же кечке чейинки убагы бул дуня жана андагы нерседен жакшыраак».** Бухарий риваяты. Муставрид ибн Шаддад риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«وَاللهِ مَا الدُّنْيَا فِي الآخِرَةِ إِلاَّ مِثْلُ مَا يَجْعَلُ أَحدُكُمْ أُصْبُعَهُ فِي الْيَمِّ. فَلْيَنْظُرْ بِمَ يَرْجِعُ»**

**«Аллахка ант, дуня Ахырет алдында кудум бармакты деңизге бир жолу батырганчалык. Карагыла, канчалык суу жукту экен».** Муслим риваяты.

- Абдуллах ибн Умар رضي الله عنه айтат: Расулуллах ﷺ желкемден кармап айтты:

**«كُنْ فِي الدُّنْيَا كَأَنَّكَ غَرِيبٌ أو عَابِرُ سَبِيلٍ»**

**«Дуняда кудум гариб же жолоочудай бол».** Бухарий риваяты. Абдуллах ибн Амр риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«صَلَاحُ أَوّلِ هَذِهِ الْأُمّةِ بِالزّهْدِ وَاليَقِينِ، وَيَهْلِكُ آخِرُهَا بِالْبُخْلِ وَالأَمَلِ»**

**«Бул Умматтын башы захиддик жана ишеним менен оңдолгон. Анын акырын ач көздүк жана арзуу өлтүрөт».** Табараний риваяты.

- Абдуллах риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«**أَيُّكُمْ مَالُ وَارِثِهِ أَحَبُّ إِليه مِن مَالهِ؟** قالُوا: يَا رَسولَ اللَّه مَا مِنْ أَحَدٍ إِلاَّ مَالُهُ أَحَبُّ إِليهِ، قَالَ: **فَإِنَّ مَالَهُ مَا قَدَّمَ وَمَالَ وَارِثِهِ مَا أَخَّرَ**»

**«Кимиңерге мурас калтыра турган малы өзүнүн малынан жакшыраак?”.** Алар: “Эй Аллахтын Расулу, албетте өзүнүн малы жакшыраак”, - дешти. Расулуллах ﷺ айтты: **“Анын малы** (өлүмүнөн) **мурун сарфтаган малы. Калтырган малы болсо мураскордуку».** Бухарий риваяты.

- Савбандан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«ثُمَّ لَأَعْلَمَنَّ أَقْوَامًا مِنْ أُمَّتِي يَأْتُونَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ بِحَسَنَاتٍ أَمْثَالِ جِبَالِ تِهَامَةَ بِيضًا، فَيَجْعَلُهَا اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ هَبَاءً مَنْثُورًا»

**«Мен Умматымдан болгон ушундай коомдорду билем, алар Тухама тоосундай жакшы амалдар менен келишет, бирок, Аллах Азза ва Жалла алардын амалдарын чачылган чаң кылат».** Ошондо Савбан: «Эй Аллахтын Расулу, аларды бизге сыфаттап бер, биз аларды билбейбиз», - деди. Расулуллах ﷺ айтты:

«أَمَا إِنَّهُمْ إِخْوَانُكُمْ وَمِنْ جِلْدَتِكُمْ وَيَأْخُذُونَ مِنَ اللَّيْلِ كَمَا تَأْخُذُونَ وَلَكِنَّهُمْ أَقْوَامٌ إِذَا خَلَوْا بِمَحَارِمِ اللَّهِ انْتَهَكُوهَا»

**«Алар силердин боордошторуңар жана силердин бир түспөлүңөрдөн. Силер түндөн киямул лайл кылып пайдаланганыңар сыяктуу алар да ошондон пайдаланышат... Бирок, жеке калышканда, Аллах тыюу салган амалдарды жасашат».** Ибн Мажжа риваяты.

- Аиша رضي الله عنها айтты: Тозокту эстеп ыйлап жибердим. Расулуллах ﷺ: **«Эмнеге ыйлап жатасың?»**, - деди. Мен: «Тозокту эстеп ыйладым, Кыямат күнү үй-бүлөңүздү эстейсизби?», - дедим. Ошондо Расулуллах ﷺ айтты:

«أمّا فِيْ ثَلاثَةِ مَوَاطِنَ فلاَ يَذْكُرُ أَحَدٌ أَحَدًا: عِنْدَ المِيْزَانِ حَتّى يَعْلَم أَيَخِفُّ مِيْزَانُهُ أَمْ يَثْقُلُ، وعِنْدَ تَطَايُرِ الصُّحُفِ حَتّى يَعْلَمَ أَيْنَ يَقَعُ كِتَابُهُ أَفِي يَمِينِهِ أَمْ فِي شِمَالِهِ أَمْ فِي وَرَاءِ ظَهْرِهِ، وعِنْدَ الصِّرَاطِ إذَا وَضعَ بَيْنَ ظَهْرَيْ جَهَنّمَ حَتّى يَجُوزَ»

**«Үч жайда эч ким эч кимди эстебейт: тараза алдында, амалдары оор болобу же жеңилби, ушуну билгенге чейин; барактын беттери өчүп, амал дептери оң тарабына түшөбү, же сол тарабынабы, же артынабы, ушуну билгиче; тозок үстүнө коюлган көпүрөдөн өтүп кеткенге чейин».** Хакимдин риваятында мындай делген:

«وَعِنْدَ الصِّرَاطِ إِذَا وُضِعَ بَيْنَ ظَهْرَيْ جَهَنَّمَ حَافَّتَاهُ كَلالِيبُ كَثِيرَةٌ وحَسَكٌ كثيرةٌ يَحبِسُ اللهُ بِهَا مَنْ يَشَاءُ مِنْ خَلْقِهِ حَتَّى يَعلَمَ أَيَنْجُو أمْ لَا»

**«Тозок үстүнө коюлган, эки тарабында көп тикен жана илмектер болгон о.э. Аллах Таала аны менен каалаганын артынан кармап ала турган көпүрө алдында ал жерден өтүп кетеби же жокпу ушуну билгенче».** Абу Давуд риваяты.

- Анастан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«يُجَاءُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ بِصُحُفٍ مُخْتَمَةٍ، فَتُنْصَبُ بَيْنَ يَدَيِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ، فَيَقُولُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ لِمَلَائِكَتِهِ: أَلْقُوا هَذَا وَاقْبَلُوا هَذَا. فَتَقُولُ الْمَلَائِكَةُ: وَعِزَّتِكَ مَا رَأَيْنَا إِلَّا خَيْرًا، فَيَقُولُ وَهُوَ أَعْلَمُ: إِنَّ هَذَا كَانَ لِغَيْرِي، وَلَا أَقْبَلُ الْيَوْمَ مِنَ الْعَمَلِ إِلَّا مَا كَانَ ابْتُغِيَ بِهِ وَجْهِي»

**«Кыямат күнүндө мөөрлөнгөн барактар алынып келинип, Аллах Азза ва Жалланын алдына тургузулат. Ошондо Аллах Азза ва Жалла периштелерге: “Мунусун ыргытып жибергиле жана мунусун алгыла”, - дейт. Периштелер: “Сенин күч-кудуретиңе ант, аларда жакшылык гана бар экен”, - дешет. Бардык нерселерден кабардар Аллах болсо: “Алар Менден башкасына кылынган амалдар. Мен бүгүн Менин ыраазылыгым үчүн гана кылынган амалдарды кабыл аламын”, - дейт».** Дарикутний риваяты.

- Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إِذَا خَرَجَ الرَّجُلُ مِنْ بَابِ بَيْتِهِ أَوْ بَابِ دَارِهِ كَانَ مَعَهُ مَلَكَانِ مُوَكَّلَانِ بِهِ. فَإِذَا قَالَ بِاسْمِ اللَّهِ، قَالَا هُدِيتَ. وَإِذَا قَالَ لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللَّهِ، قَالَا وُقِيتَ. وَإِذَا قَالَ تَوَكَّلْتُ عَلَى اللَّهِ قَالَا كُفِيتَ قَالَ فَيَلْقَاهُ قَرِينَاهُ فَيَقُولَانِ مَاذَا تُرِيدَانِ مِنْ رَجُلٍ قَدْ هُدِيَ وَكُفِيَ»

**«Эгер, киши үйүнөн же короосунун эшигинен чыкса, аны менен эки периште бирге болот. Эгер, ал “бисмиллах” десе, алар: “Туура жол таптың”, - дешет. Эгер, ал “ла хавла ва ла куввата илла биллах” десе, алар: “Корголдуң”, - дешет. Эгер, ал “Аллахка тобокел кылдым” десе, алар: “Кифая кылат”, - дешет. Ошондо ага** (жин жана адамдардан болгон эки шайтан жолукса) **эки**

**периште: “Аларга хидаят тапкан, кифаяланган жана корголгон кишиден эмнени каалайсыңар?”, - дейт».** Тирмизий риваяты.

- Имам Муслим риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«تُعْرَضُ الفِتَنُ عَلَى القُلُوبِ كالْحَصِيرِ عُودًا عُودًا، فَأَيُّ قَلْبٍ أُشْرِبَها نُكِتَ فِيهِ نُكْتَةٌ سَوْداءُ، وَأَيُّ قَلْبٍ أَنْكَرَهَا نُكِتَ فِيهِ نُكْتَةٌ بَيْضاءُ، حتَّى تَصِيرَ على قَلْبَيْنِ: عَلَى أَبْيَضَ مِثْلِ الصَّفَا فَلاَ تَضُرُّهُ فِتْنَةٌ مَا دَامَتْ السَّمَوَاتُ وَالْأَرْضُ، والآخَرُ أَسْوَدُ مُرْبَادًّا لا يَعْرِفُ مَعْرُوفًا، وَلاَ يُنْكِرُ مُنْكَرًا»**

**«Фитналар кудум уктаган адамга бойро жабышып, изи калгандай, жүрөктөргө жабышат. Кайсы жүрөк фитналарга алданса, фитна анын жүрөгүндө кара так болуп калат. Кайсынысы бул фитналарды инкар кылса, анда ак чекит пайда болот. Ошентип, жүрөк эки жүрөккө айланат** (т.а. эки түрдүү жүрөк бар)**. Бири, кудум Сафа сыяктуу аппак жүрөк болуп, жер-асман турган соң, ага фитналар таасир кылбайт. Экинчиси болсо, маъруфту билбеген жана мункардан кайтарбаган кара жүрөк».**

- Расулуллах ﷺ айтты:

**«نَضَّرَ اللهُ اِمْرِءاً سَمِعَ مِنَّا حَدِيثًا فَبَلَّغَهُ غَيْرَهُ، فَرُبَّ حَامِلِ فِقْهٍ إِلَى مَنْ هُوَ أَفْقَهُ مِنْهُ، ورُبَّ حَامِلِ فِقْهٍ لَيْسَ بِفَقِيهٍ. ثَلَاثٌ لَا يُغَلُّ عَلَيْهِنَّ قَلْبُ مُسْلِمٍ: إِخْلَاصُ الْعَمَلِ لِلَّهِ، وَمُنَاصَحَةُ وُلَاةِ الْأَمْرِ، وَلُزُومُ الْجَمَاعَةِ، فَإِنَّ دَعْوَتَهُمْ تُحِيطُ مِنْ وَرَائِهِمْ. وَمَنْ كَانَتْ الدُّنْيَا نِيَّتَهُ؛ فَرَّقَ اللَّهُ عَلَيْهِ أَمْرَهُ وَجَعَلَ فَقْرَهُ بَيْنَ عَيْنَيْهِ وَلَمْ يَأْتِهِ مِنَ الدُّنْيَا إِلَّا مَا كُتِبَ لَهُ. وَمَنْ كَانَتِ الْآخِرَةُ نِيَّتَهُ؛ جَمَعَ اللَّهُ أَمْرَهُ وَجَعَلَ غِنَاهُ فِي قَلْبِهِ وَأَتَتْهُ الدُّنْيَا وَهِيَ رَاغِمَةٌ»**

**«Бизден бир хадисти угуп, башкасына жеткирген кишини Аллах кадырын бийик кылсын. Көп жеткирүүчүлөр бар, өзүнөн факихирээкке жеткирет. Көп жеткирүүчүлөр бар, өзү фикхтен кабары жок болот. Момундун жүрөгү үч нерсеге кайдыгерлик кылышы мүмкүн эмес: Аллахка амалды калыс кылуу, иш ээлерине**

**насаат кылуу жана жамаатты бекем кармоо. Аларды мусулмандардын дуалары курчап турат. Кимдин ниети дуня болсо, Аллах анын иштерин оңунан келбей турган жана көзүн ач кылып коёт. Дунядан эч нерсе тийбейт, Аллах жазган насибаны гана алат. Кимдин ниети Ахырет болсо, Аллах анын иштерин оңдоп коёт, жүрөгүн байытат жана ал каалабаса да дуня агып келе берет».** «Мавaридуззамъан» китебинен. ❑

## АБДУЛЛАХ ИБН МУБАРАК

– Абдуллах ибн Мубарак белгилүү мусулман имамдарынан болуп эсептелет. Анын лакабы – Абу Абдуррахман. Ал 118-хижрийде төрөлүп, 181-хижрийде рамазан айынын акыркы он күнүндө көз жумган. Ал Аллах жолундагы жихаддан кайтып бара жатып, жолдо каза болгону үчүн Фурат дарыясынын жанына көмүлгөн. Абдуллах ибн Мубарак алтымыш үч жыл өмүр көрдү. Абдулваххаб ибн Абдулхаким айткан: Абдуллах ибн Мубарак дүйнөдөн өткөндө амирул муъминин Харунар Рашид «Уламалардын саййиди дүйнөдөн өттү» дегенин уккам.

Анын атасы Мубарак ибн Вазих бакка ишке жалданган. Бир күнү бактын ээси келип, ага: «Таттуу анар жегим келди», - деди. Ал бактын арасына кирип, ага анар алып келди. Анарды кескенде, ачуу чыгып калды. Ошондо бактын ээси ачууланып: «Таттуу анар сурасам, ачуусун алып келипсиң, таттуусунан алып кел», - деди. Барып башкасын алып келсе, ал да ачуу экен. Ошондо бактын ээси дагы ачууланды. Үчүнчүсүндө да ачуу чыгып калды. Бактын ээси: «Таттуу анар кайсы, ачуусу кайсы экенин билбейсиңби?», - деди. Мубарак болсо: «Жок», - деп жооп берди. Ошондо бактын ээси: «Кантип билбейсиң?», - деп сурады. Ал: «Мен аларды жеп көрбөгөм», - деди. Бактын ээси: «Эмне үчүн жебегенсиң?», - дегенде, ал: «Себеби, сиз жегенге урухсат бербегенсиз», - деди. Бактын ээси таң калып, бул жөнүндө сурады жана аны акыйкат деп билди. Натыйжада, анын назарында Мубарек улуу адамга айланды жана кадыры көтөрүлдү. Бак ээсинин көп жуучулар келип жаткан кызы бар эле. Ал: «Эй Мубарак, бул кызымды кимге турмушка берейин?», - деди. Ал: «Жахилият ээлери урукка карап турмуш курушат, яхудийлер байлыгына карап, христиандар чырайына карап турмуш курушат, бул Уммат болсо динине карап турмуш курат», - деди. Бул сөздөр бак ээсин таң калтырды жана бул жөнүндө жубайына айтып берди. Жубайына: «Кызымды Мубарактан башкасына бербейм», - деп, кызын Мубаракка берди. Ошол кызынан Абдуллах ибн Мубарак төрөлдү. (Ибн Халкан, «Вафийятул аъян», 3/33). Абдуллах ибн Мубарактын мавласы Хасан ибн Иса айтат: «Фазл ибн Муса жана Мухлид ибн Хасан сыяктуу кишилер катышкан бир жамаат чогулуп: «Келгиле, Ибн Мубарактын жакшы сыфаттарын санап көрөлү», - дешти. Андан кийин айтышты: «Анын сыфаттары илим, фикх, нахв, лугат, зухд, фасахат, шеър, кыямуллайл, ибадат, хаж, казат, кайрат,

чабандездик, күч, пайдасыз сөздөрдөн алыс болуу, инсаф, достору менен көп тартышпоо». (Ибн Асакир, «Дамаск тарыхы», 3/429). Ибн Мубарак риваят уккан 36 шейхтин ысымын Захабий санап өткөн, алардын катарында, Абу Ханифа, Ибн Уяйна, Лайс ибн Саъд, Хамадан... Андан соң: Алардан тышкары дагы көп кишилер анын хадиси хужжат экенине ижма кылышкан, ал муснад жана усул формасында болгон, деген.

**Анын эң белгилүү жана мактоого татыктуу сыфаттары – бул берешендик жана көп хаж кылуу.** Качан хаж убагы келсе, анын марвдык шакирттери топтолуп: «Биз сиз менен чогуу болобуз», - дешет. Ал болсо: «Хаж үчүн каражатыңарды алып келгиле», - дейт. Каражаттарын алып келгенден кийин аны алып, сандыкка салып, кулптап коёт. Аларды урматтап, Багдадга алып чыгып, Расулуллахтын Мадинасына барганга чейин аларды даамдуу тамак жана ширindиктер менен сыйлайт. Аларга Багдадда эң сонун жана кооз кийимдерди кийгизип, Мадинага алып барат жана ар биринен: «Үй-бүлөңөр Мадинадан эмне белек алып келишиңерди сураган?», - дейт. Алар баланча-түкүнчө нерсе, дешчү. Андан кийин аларды Меккеге алып барып, Марвга кайтып келишкенге чейин токтобой аларга инфак-ихсан кылган. Андан соң алардын дубалдарын шыбап, эшиктерин оңдоп берген, үч күндөн кийин аларга зыяфат берип, кийиндирген. Алар тамактанып, кубанышкандан кийин сандыкты алып келип, ар биринин ысымы жазылган түйүндү берген.

Бир жолу ал хаж кылуу үчүн жолго чыгып, айрым өлкөлөрдөн өттү. Ошондо бир куш өлүп жаткан экен, Ибн Мубарак аны таштандыга таштоону буюрду. Асхабдары анын алдында, өзү болсо алардын артында бара жаткан, таштандынын жанындагы короодон бир кыз чыгып, жанагы кушту алды. Ибн Мубарак абалын билүү үчүн бул жөнүндө сурады. Ал кыз болсо: «Мен бир сиңдим менен жашайбыз, бизди ушул кийимден башка эч нерсебиз жок, демек, биз үчүн өлүмтүк халал», - деди. «Атабыздын чоң байлыгы бар эле, бирок, ага зулум кылышып, байлыгын тартып алышты, андан кийин өзүн өлтүрүштү», - деди. Ошондо ибн Мубарак жүктөрдү кайтарууну буюруп, өзүнүн өкүлүнөн: «Канча нафакабыз бар», - деп сурады. Ал: «Миң динар», - деди. Абдуллах ибн Мубарак: «Бизге Марвга чейин жете турган жыйырма динарды ал да, калганын ушул аялга бер. Бул ушул жылы хаж кылышыбыздан

афзел», - деп, артка кайтты. (Ибн Касир, «Бидаяту ваннихая», 9/284).

**Анын берешендиги:** Ибн Мубарак өтө көп ихсан кылышы менен белгилүү болгон. Анын берекелүү соодасы болуп, жылда факирлерге жүз миң дирхам ихсан кылчу. Бир ирет бир киши келип, карызын төлөөгө жардам берүүнү сурады. Ошондо ибн Мубарак ага бир кат жазып, өкүлүнө алып барышын айтты. Өкүлгө катты алып барды. Өкүл андан: «Карызыңды төлөө үчүн канча акча керек?», - деп сурады. Ал: «Жети жүз миң дирхам», - деди. Өкүл катты ачып караса, Ибн Мубарак да жети жүз миң дирхам берүүнү жазыптыр. Өкүл ага кайра кат жазып: «Түшүм түгөндү», - деди. Ибн Мубарак: «Түшүм түгөнгөн болсо, өмүр да түгөндү, катымда жазгандай ага муктаждыгын бер», - деди.

**Илим издеп, өлкө кыдырышы.** Ибн Мубарак жыйырма жашында илим издеп, эки Харамга, Шамга, Мисирге, Иракка, Алжирге жана Хорасанга барды. (Захабий, «Сайру Аъламун нубала», 8/381).

Абдуллах ибн Мубарак: «Илимди төрт миң шейхтен алдым жана миң шейхтен риваят кылдым». («Сайру аъламуннубала», 8/397).

**Анын ибадаты:** Нуайм ибн Хаммад айтат: «Ибн Мубаракка өткөн акылдуураак жана ибадатка тырышчаак эч кимди көрбөдүм». («Сайру аъламуннубала», , 8/405). Нуайм ибн Хаммад дагы айтат: «Ибн Мубарак үйүндө көп олтурду. Ошондо андан: «Жалгыздыктан зээрикпейсизби?», - деп сурашты. Ал: «Эмне үчүн зээригейин, акыры Расулуллах ﷺ жана анын сахабалары менен биргемин го», - деп жооп берди. (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/388).

**Жихад майданында:** Абда ибн Сулайман Марузий айтат: «Рум өлкөсүндө жихадда Ибн Мубарак менен бирге элек. Ошондо капыстан душман бастырып келди. Эки тарап кагылышкан соң, душман тараптан бир киши чыгып, жекеме-жеке күрөшкө чакырды. Ошондо ага каршы бир киши чыгып, аны өлтүрдү. Андан кийин башкасы чыкты, аны да өлтүрдү. Андан кийин дагы бири чыкты, аны да өлтүрдү. Андан кийин ушул эр жүрөк жигит душмандарды жекеме-жеке күрөшкө чакырды, алардын бири чыкты, аны бир саат кууп, кийин бычактап өлтүрдү. Ошондо адамдар анын айланасында топтолушту, карасам ал Абдуллах ибн Мубарак экен». (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/400).

**Анын адеби жана илимдеги момундугу:** Ахмад ибн Синан Китаний айтат: Мага төмөнкү кабар жетип келди. Ибн Мубарак Хаммад ибн Зайддын алдына барыптыр. Хаммад андан уккандарына

таң калып: «Каерденсиң?», - деп сураптыр. Ал болсо: «Хорасан өлкөсү Марвданмын», - деп айтыптыр. Хаммад ага: «Абдуллах ибн Мубарак деген кишини таанийсыңбы?», - дептир. Ибн Мубарак: «Ооба», - деп жооп берген. Ал: «Ибн Мубаракка эмне болду?», - деп сурады. Ибн Мубарак: «Сиз менен сүйлөшүп жаткан киши ошол болот», - дептир. Хаммад болсо, ордунан туруп, ага салам берип: «Кош келдиңиз», - деп, аны отургузду. Исмаил Хутбий мындай дейт: Мага ибн Мубарак айтышынча, ал Хаммаддын алдына барганда хадис асхабдары Хаммадга: «Абу Абдуррахмандан хадис айтып беришин сураңыз», - дешет. Хаммад: «Эй Абу Абдуррахман, хадис айтып бересизби, алар сурашууда?», - дейт. Ибн Мубарак: «СубханАллах! Эй Абу Исмаил, сиз турганда биз хадис айтабызбы!», - дейт. Ал: «Аллахка ант, айтасыз», - дегенде, Ибн Мубарак: «Абу Исмаил Хаммад ибн Зайд риваят кылды», - деп баштап, андан башкасынан риваят кылбаптыр. (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/388). Суфян ибн Уяйнанын алдында Ибн Мубарактан бир маселе жөнүндө сурашканда: «Биз чоңдорубуз алдында сүйлөөдөн кайтарылганбыз», - деп жооп берген. (Ибн Асакир, «Дамаск тарыхы», 27/64).

**Анын мартабасын көтөргөн илими:** Ашъас ибн Шуъба Масисий айтат: Халифа Харунар Рашид Раккага келген учур эле. Ошондо, бардык адамдар Ибн Мубакка жапырылып, чуркап жатышкан, ал тургай, бут кийимдер айрылып, чоң тозоң көтөрүлдү... Ошондо амирул муминин уулдарынын биринин энеси жыгач сарайдагы мунарадан карап: «Бул эмнеси?», - деп сурады. «Хорасан калкынан бир аалым», - деп жооп беришти. Аял: «Аллахка ант, бул – падыша, адамдарды миршаб жана кызматкерлери аркылуу топтогон Харун падыша эмес», - деди. (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/388).

**Илим издөөгө этибары:** Хиббан ибн Муса айтат: Ибн Мубарак өз өлкөсүнөн башка өлкөлөргө акча тараткандыгы үчүн айыпталды. Муну ал төмөнкүдөй түшүндүрөт: «Мен жакшы жана инсафтуу коомдун жайын билем. Алар хадис илимин издеп, аны жакшы үйрөнүшкөн. Себеби, адамдар ушуга муктаж эле, эгер аларды өз абалына таштап койсок, илимдери жоголот. Эгер, жардам берсек, Мухаммад ﷺдын Умматына илим жайышат. Мен Пайгамбарлыктан кийин илим таратуудан өткөн жакшы нерсени билбеймин». (Захабий, «Сияру аъламуннубала», 8/387).

**Соода-сатык менен алектениши:** Фузайл ибн Ияз Ибн Мубаракка: «Сиз бизди захиддикке, үнөмдүүлүккө жана чектелүүгө буйруп, бирок, өзүңүз Хорасандан мата алып келип, харам шаарында сатасыз, муну кандай түшүнүү мүмкүн?», - деди. Ал айтты: «Эй Абу Али, мен ушул соода-сатыкты жүзүмдү коргоодо, намысымды

урматтоодо жана анын жардамында Аллахка таат-ибадат кылууда пайдаланамын. Аллах үчүн бирер акы бар экенин көрөрүм менен ага шашамын, аткармайынча койбоймун». Фузайл: «Эй Ибн Мубарак, эгер бул аткарылса кандай гана жакшы соода», - деди. (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/388).

**Салаф уламалары Абдуллах ибн Мубарак жөнүндө айткандары:**

Абдуллах ибн Язид ибн Усман Хамсий айтат: «Авзаий мага Абдуллах ибн Мубаракты көргөнсүңбү?», - деди. Мен: «Жок», - деп жооп бердим. Ошондо ал: «Эгер, аны көрсөң, көздөрүң кубанат», - деди. (Абу Наим, «Хилятул авлия», 8/162). Убайд ибн Жанад айтат: «Ата ибн Муслим мага: «Абдуллах ибн Мубаракты көргөнсүңбү?», - деди. Мен: «Ооба», - десем, ал: «Ага окшогонун көрбөгөнсүң жана көрбөйсүң», - деди. (Абу Наим, «Хилятул Авлия», 8/162). Абдуррахман ибн Махдий айтат: «Төрт кишидей эч кимди көрбөдүм: Хадис боюнча Саврийден хафизирээгин; Шуъбадан өткөн захидирээгин; Маликтен өткөн акылдуусун; Ибн Мубарактан өткөн Умматка көбүрөөк насаат кыла турганын». (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/388). Исмаил ибн Ияш айтат: «Жер жүзүндө Ибн Мубаракка окшошу жок. Аллах Таала кандай жакшы сыфатты жараткан болсо, баарынан Абдуллах ибн Мубаракка берген». (Захабий, «Сияру аъламуннубала», 8/384). Яхя ибн Муин айтат: «Абдуллах ибн Мубарак рахимахуллах акылман, этиятчан жана ишеничтүү болуп, сахих хадистерди жакшы билген. Анын жазган китептеринде жыйырма же жыйырма бир миң хадис бар». (Ибн Асакир, «Дамаск тарыхы», 32/431). Яхя ибн Яхя Лайсий айтат: «Имам Маликтин алдында элек, Абдуллах ибн Мубарактын киришине урухсат суралды жана ал кирди. Ошондо Малик өз ордунан туруп, Ибн Мубаракты жанына олтургузду. Биз Маликтин эч кимди туруп жанына отургузганын көрбөгөнбүз. Андан кийин кары Маликке китептен окуп, бир нерсеге туш келсе, Ибн Мубарактан: «Бул жөнүндө мазхабыңыз кандай?», - деп сурады, Ибн Мубарак жооп берди. Андан кийин Ибн Мубарак ордунан туруп чыгып кетти, ошондо Малик анын адебине таң калып бизге: "Бул Ибн Мубарак, Хурасан факихи», - деди. (Захабий, «Сияру аъламуннубала», 8/421). Ахмад ибн Ханбал айтат: «Ибн Мубарак доорунда андан өткөн илимге чаңкоо киши болбогон». (Ибн Асакир, «Дамаск тарыхы», 32/407). Али ибн Мадиний (Бухарийдин устазы) айтат: «Илим эки киши менен бүтөт: Абдуллах ибн Мубарак жана андан кийин Яхя ибн Муин». (Хатиб Багдадий, «Багдад тарыхы», 11/400). Мухаммад ибн Саъд айтат: «Абдуллах ибн Мубарак көп илим уккан, ал ишеничтүү, аманатчы, имам, хужжат жана көп хадис билген киши». (Ибн Саид, «Табакатул кубра», 7/342).

**Анын хикматтуу сөздөрүнөн:**

– Абдуллах ибн Мубарактан улама эмнеден алыс болушу зарыл деп сурашканда, ал минтип жооп берди: «Улама Аллах харам кылган нерседен алыс болушу, дунядан нафсин тыйышы жана аны өз кыялынан алыс кармашы керек».

– Хабиб Жаллаб айтат: Ибн Мубарактан: «Адамга берилген эң жакшы ниъмат эмне?», - деп сурадым. Ал: «Акыл жүргүзүшү», - деп жооп берди. Мен: «Эгер, ал болбосочу?», - деп сурадым. Ал: «Чырайлуу адеп», - деди. Мен: «Эгер, ал да болбосочу?», - дедим. Ал: «Ага кеңеш берген мээримдүү ага-инисинин болушу», - деди. Мен: «Эгер, ал да болбосочу?», - деп сурадым. Ал: «Узак унчукпоо», - деп жооп берди. Мен: «Эгер, ал да болбосочу?», - дедим. Ошондо ал: «Эрте өлүм», - деп жооп берди.

– Абдуллах ибн Мубарак: Кимде-ким илимге сараңдык кылса, ага үч нерсе жетет: өлүп, илими жоголот, же илимди унутат, же акимге байланып, илими текке кетет”.

– Абдуллах ибн Мубарак: “Кээде кичине амал ниет менен чоңойтулат, кээде чоң амал ниет менен кичинертилет”.

– Абдуллах ибн Мубарак Аллах Тааланын:

﴿لِيَبْلُوَكُمْ أَيُّكُمْ أَحْسَنُ عَمَلًاۚ﴾

***«Силердин кайсы бириңер жакшыраак иштерди кылып жашашыңарды сыноо үчүн»*** [11:7]

деген каламы жөнүндө: «Калыс жана туура амал», - деди. Андан: “Калысыраагы кайсы, тууараагы кайсы?”, - деп сурашты. Ал: “Амал калыс болуп туура болбосо, кабыл болбогондой, туура болуп, калыс болбосо да кабыл болбойт. Амал калыс жана туура болушу үчүн ал Аллахка калыс жана сүннөткө туура болушу керек”.

– Эгер, гыйбат жайылса, Аллах жолундагы боордоштук көтөрүлөт.

– Мен сага дуня жана анда болгон нерседен көрө сен үчүн жакшы болгон сөздү үйрөтөм: Аллахка ант, Аллах Таала сени өз жүрөгүңдөн башкасына орун калтырбай турган даражада бирер адамды чыгарып жибере албашыңды билет. Эгер, ушундай болбогондо эмнени сурасаң берет эле”.

– Пенде жетекчиликти жакшы көрүшүнө себеп – ал адамдарды кемчилик жана айыптар менен эстөөнү жана өзү өзгөчөлөнүп турууну каалайт. О.э. ал анын алдында бирине да жакшылык менен эстелишин жаман көрөт.

– Ким жетекчиликти жакшы көрсө, укугун жоготот.

– Фазилаттуу кишилер – өз фазилатын көрбөгөндөр.

– Биздин фикирибизче, ийгиликке намаз жана орозо менен жетүү мүмкүн эмес, балким, берешен көңүл, туура жүрөк жана Умматка насаат кылуу менен ийгиликке жетүү мүмкүн.

– Көп күлгөн киши кепин кийүү күнү жакындашып калганын билбей калат.

– Ким Аллахтан корксо, ага эч ким зыян жеткире албайт. Ким Аллахтан башкасынан корксо, ага эч ким пайда бербейт.

– Ибн Мубарактан сурашты: “Адамдар ким?”. “Уламалар”, - деп жооп берди. “Падышалар ким?”. “Захиддер”, - деп жооп берди. “Арамзалар ким?”. “Дуняны дин менен жегендер”, - деп жооп берди.

– Абдуллах ибн Мубарактын мындай сөзү бар: “Күнөөгө минүү жүрөктөрдү өлтүрүп, күнөөкөрдү кор кылат. Күнөөнү таштоо жүрөктөрдү тирилтип, нафсиңерге жакшылык алып келет”.

– Абдуллах ибн Мубарак айтат: “Күнөөлөрдү таштоо жүрөккө өмүр тартуулайт, күнөөгө итаатсыздык кылуу өзүң үчүн жакшыраак”.

– Абдуллах ибн Мубарак рохимахуллах айтат: “Аллах жолунда боордош таба албаганым мени кыйнагандай башка эч бир нерсе кыйнабайт”.

– Абдуллах ибн Мубарактан риваят кылынат: “Харамдан келген бир тыйынды таштоо мен садака кылган жүз миң тыйындан абзел”.

– Ибн Мубарак рахимахуллахка: “Биз үчүн эң кооз хулкту бир сөз менен айтып бериңиз”, - дешти. Ибн Мубарак: “Ачууланууну таштоо”, - деп жооп берди.

– Ибн Мубарак айтат: “Эки рекет намазды канимет билгиле, өзүңөрдү жакшы сезсеңер Аллахка жакындашкыла. Эгер, батылды сүйлөмөкчү болсоңор, аны тасбихке алмаштыргыла”.

– “Киши илим издесе, аалым болот, эгер ал билдим десе, жахил болот”.

– “Адеп – диндин үчтөн бирине жакын”.

– “Сөздөрдүн ашыкчасын таштагыла, хикматка жетесиңер”.

– “Назардын ашыгын таштагыла, хушуга жетесиңер”. ❑

## МОДИ ИНДИЯНЫН АТАЛЫШЫН БХАРАТ ДЕП АТООГО ЖАНА 1947-ЖЫЛДАГЫ ЧЕГАРАЛАРДАН АЗАТ БОЛУУГА УРУНУУДА

Британиянын «Middle East Eye» веб-сайтында Имран Мулла менен Питер Оборн деген эки журналисттин макаласы жарыяланды. Алардын айтымында, Индиядагы өкүмдар Бхаратия Жаната партиясы менен премьер-министр Нарендра Моди мамлекеттин Индия аталышын Бхарат деп өзгөртүү боюнча олуттуу кадамдарды таштаган. Аталышты өзгөртүү Британия таасирин жана исламий бийликти бүтүндөй өчүрүүнү түшүндүрөт. Себеби, ал жердеги бийликти ээлеп турган индус улутчулдары Британия таасири менен исламий бийликти залимдер заманы деп билишет. О.э. бул Индияга негиз салган жана 2014-жылга чейин Улуттук Конгресс партиясы аркылуу дээрлик үзгүлтүксүз өкүмдарлык кылган эски илманий улуттук элитага каршы күрөшүү болуп эсептелет. Бул элита Индиянын биринчи премьер-министри Жавахарлал Неруни үлгү кылып алган. Индус улутчулдары болсо, Неруга өзү башкарган калкына жат адам деп билишет. Ушул көз караштан, G20 саммитин өткөрүп жаткан Индия өкмөтү саммиттин эрежеси боюнча мүчө мамлекеттерди кечки тамакка чакырды... Бирок, чакыруу катында «Индияга» деген сөз жок болуп, анын ордуна Бхарат деп айтылган. “Бхарат” санскрит сөз болуп, байыркы индус жазууларына барып такалат. Көпчүлүктүн фикиринче, сентябрь айынын аягында парламенттин кезексиз сессиясында өкүмдар партиянын саясатчылары – бул партиянын Бхарата Жаната деп аталышы да бекеринен эмес – мамлекетти расмий “Бхарат” деп атоо сунушун киргизишет. Моди төрагалыгындагы Бхарата Жаната партиясынан болгон парламент мүчөсү Харнатх Сингх Ядав: «Индия аталышынын ордуна Бхарат деп атоо керектигин бүткүл өлкө талап кылууда. Себеби, Индия сөзүн бизге британиялыктар тыгыштырган, Бхарат болсо биздин маданиятыбыздын белгиси», - деп билдирүү берди. Учурда Индия жалпы шайлоолорго даярдык көрүп жатканда кээ бирөөлөр муну өлкө тарыхындагы эң маанилүү шайлоолор деп баалап жатат. Т.а. мамлекет жакынкы тарыхта бекемделген плюралисттик үрп-адаттарды сактап калабы же «хиндутва» деп аталган этникалык улутчулдук агымы боюнча Моди пландаган жандашууга амал кылабы, муну шайлоо көрсөтөт. Модинин жандашуусу жалпы шайлоолордо катышууга даярдык көрүп жаткан 28 оппозициячыл партиядан «Индия» аталышы астында коалиция түзүлүшүнө алып келди. Бхарат байыркы императордун аты. Анын империясы «Деңизге чейин болгон бүткүл континентти курчап алган. Ал элди өз-өзүнө өкүмдар улутка айлантууга аракет кылган». Эми ушул империя Моди төрагалыгындагы Бхарата Жаната партиясынын эсептеши боюнча Индия, Пакистан, Бангладеш, Афганистан, Непал жана Мьянманы өз ичине алган, бардыгынын иштерин Делиден башкарыла турган жана бөлүнбөй турган саясий вужудду өзүндө чагылдырат. Ал тургай, учурда индус улутчулдары 1947-жылы белгиленген Индия чегаралары алкагында индус улуту «индус рашта»га негиз салууга аракет кылышууда. Бул идея Индияда жашап жаткан азчылыкка коркунуч туудурат, бирок, кошуна мамлекеттерге ушул баскычта коркунуч туудуруп жаткан жок.

**Ал-Ваъй:** Индиядагы өкүмдар партиянын индус улутчулдугун козутушу өлкөдө ички жана сырткы чыр-чатактарга эшик ачууда. Бул бүткүл регионду тозок отуна тартып жаткан кол салуучу экспансионисттик менталитет идеясы. Мындан душмандарча улутчулдук руху артында яхудийлер тургандыгы о.э. муну региондогу мусулмандарга каршы багыттап жатканы күтүлбөгөн нерсе эмес. Буга далил Моди менен «израиль» ортосундагы бекем алакалар болуп, Исламга душмандык алардын ортосундагы жалпы касиет болуп эсептелет. ❑

## КЫТАЙ «БИР БҮТҮН КАЛК» СТРАТЕГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРА АЛАБЫ?!

«Файнэншл Таймс» гезитинде жарыяланган макалада Пекиндин «бир бүтүн калк» стратегиясын жүзөгө чыгара алышына күмөн менен каралган. Бул стратегия бир нече мурун Кытай жетекчиси тарабынан башталып, Батыш иштеп чыккан технологиядан баш тартууга даярдык болуп эсептелет. Макаланын автору Йу Чининг баса белгилегендей, Пекин аны менен Вашингтон ортосундагы технологиялык күрөштүн акыбетинде эмнелер келип чыгышы мүмкүн экендигинен ар дайым сак турган. Муну «жакында бир катар мамлекеттерде Кытай технологиялык компаниялардан бир нечесине АКШ инвестициясы жаткырылышын чектөө туурасында Ак үй тарабынан чыгарылган токтом» да тастыктап турат. Жазуучунун фикиринде, Кытай Американын бул токтому чыгышынан мурун буга даярдык көргөн жана ошондо Кытай президенти Си Цзиньпин «бир бүтүн калк» стратегиясына чакыра баштаган. Бул Кытайдын технология үчүн зарыл компоненттерди импорт кылууга таянбаган, тескерисинче, өзүнө өзү таянууга каратылган стратегия болуп, Кытай технология сектору зыян көрүшү мүмкүн болгон «буулуп калуу чекиттерин» жоюу үчүн ушул тармакка бөлүнгөн финансылык ресурстарды эки эсе көбөйтүүнү талап кылат. Бул жергиликтүү талант ээлерин колдоп-кубаттоо жана технологиялык инновациялар жараянына жетекчилик кылуу үчүн тажрыйбаларды кайра жандантуу аркылуу ишке ашырылат. Макаланын автор Йу Чи: «Кытайдан маанилүү илимий ийгиликтерине жетишүү жөндөмү көп жактан изилдөөчүлөрдүн сындоочу жана жакшы фикирлөө үчүн жетиштүү орун бар экенине байланыштуу болгонун далилдеди», - деди. О.э. ал Батыш технологияларынан баш тартуу боюнча, «бир бүтүн калк» стратегиясынын максаттарына жетүү үчүн Пекин тарабынан кадамдар ташталганын, бул үчүн өкүмдар Коммунисттик партиянын саясий бюросу көп сандагы экономист эксперттерди бир катар аалымдарга алмаштырганын эске салды. Кытай өзүнүн үлкөн илимий программасын ишке ашыруу үчүн ири ресурстарды сарфтады. Өкмөт ойлоп табуучулар жана инноваторлорду жумуш менен камсыздаган компаниялар жана мекемелерди каражат менен камсыздоого убада берди. Мындан тышкары, илимий изилдөөлөрдү кайра бекемдөө боюнча аракеттер жасалды. Өз кезегинде, бул нерсе кошмо Штаттардын АКШда билим алып жаткан кытайлык студенттер жана академик изилдөөчүлөргө карата күмөндөрүн күчөттү. Макаланын авторунун фикиринде, Кытайдын илим жана технология тармагында өзүн-өзү камсыздашы үчүн сындоочу фикирлерге көбүрөөк орун бөлүшү жана саясий аралашууну азайтышы талап кылынат. Автор: «Азыркы убакта Кытай үчүн жетишпей жаткан нерсе инновациялык аракетти өнүктүрүү о.э. жаш изилдөөчү муунга бардык нерседе чектөөлөр киргизе бербей алардын суроолор ташташына мүмкүнчүлүк берүү», - деп кошумчалады. О.э. ал Кытайда акыркы учурда илимий таланттардын мамлекеттик кызматтарга көтөрүү же өкүмдар партияга тартуу тенденциясы кеңири жайылып жатканынан эскертип, саясий мекемелердин эң жакшы жана зээндүү илимий кадрларды өзүнө тартышы изилдөө борборлорунун жана университеттердин кызыкчылыгына тескери экенин баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** Кошмо Штаттар менен Кытай ортосунда эл аралык позициядагы атаандаштык кызуу улануудa... Кытай Америка алдында турган эң чоң проблемага айланды. Ошондуктан, АКШ Кытайды өзүнүн эл аралык этибарынын биринчи тепкичине коюп, анын АКШ менен атаандаша турган даражага жетишине жол бербөөгө аракет кылып жатат. Кытай болсо, дүйнөнүн биринчи мамлекетине айланууга олуттуу аракет кылууда жана бул жолдо Американын тоскоолдуктарын жеңип өтүү кыйын экени, бирок, бир күн албетте убакыттан пайдаланып калуу жөнүндө ойлоп жатат. ❑